СОЙИБЖОН ТИЛЛАБОЕВ, АКБАР ЗАМОНОВ

# ӨЗБЕКСТАН ТАРЫХЫ

## (XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫ)

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 9-классы үчүн окуу китеби*

*Кайра иштелген жана толукталган үчүнчү басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган*

http://eduportal.uz

«SHARQ» БАСМА-ПОЛИГРАФИЯЛЫК
АКЦИОНЕРДИК КОМПАНИЯСЫНЫН
БАШКЫ РЕДАКЦИЯСЫ
ТАШКЕНТ – 2019

УДК 94(575.1)(075)
КБК 63.3(5И)я721
Т 49

**Тарыхый адабияттарды басмага даярдоо жана басмадан чыгаруу боюнча эксперттик топтун корутундусу негизинде Республикалык билим берүү борборунун тарых предмети илимий-методикалык кеңеши тарабынан басмага сунушталган.**

Жооптуу редактору:
т. и. д., профессор ***Д. А. Алимова***

Рецензенттер:

***К. К. Ражабов*** – ӨзР ИА Тарых институтунун башчысы, т. и. д.;
***К. А. Тохтабеков*** – ӨзР Министрлер Кабинетинин алдындагы ЖАК башкы инспектору, т. и. к.;
***Й. Болтабоев*** – Наманган мамлекеттик университети «Тарых» кафедрасынын ага окутуучусу;
***Б. Т. Махмудбоев*** – Гүлстан мамлекеттик университетинин алдындагы Гүлстан академиялык лицейинин тарых предмети окутуучусу;
***Н. М. Курбанова*** – Ташкент шаары Яшнабад районундагы 255-мектептин мугалими;
***У. Ф. Хайдаров*** – Бухара облусу Бухара районундагы 13-адистештирилген мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептин мугалими.

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды.**

## Шарттуу белгилер:


*Эсте сакта!*


*Өзүңдү сынап көр!*


*Терминдердин түшүндүрмөсү*


*Жыйынтык чыгарабыз!*


*Суроолор жана тапшырмалар*

ISBN 978-9943-26-929-3

© «Sharq» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын Башкы редакциясы, 2010, 2014, 2019.

http://eduportal.uz

# КИРИШҮҮ

**Тарыхый эстутум-суз келечек жок**

Мекен – бул туулуп көз ачкан жерибиз, киндик кан төгүлгөн топурак, ата-бабалардын издери калган жер, алардан калган мурас, урпактардын энчиси.

Дүйнөдө Мекенге болгон сүйүүдөн күчтүүрөөк эч кандай сезим жана ага болгон кусалыктан күчтүү нерсе жок. Мекен улутту көкөлөткөн улуттук сыймыкты, сыйкырдуу бир күчтү ойготот. Эл канчалык ар-намыстуу, ариеттүү болсо, андагы Мекен сезими жана улуттук аң-сезим да ошончолук жогору болот. Ата Мекен – бул түбөлүктүү энчи, өлкөнүн табияты, элдин каада-салттары, үрп-адаттары, жомок жана уламыштары. Мекен дайыма жаш жана сүйүктүү. Мекен улуттун руханий-маданий негизин жаратып берет жана ар бир муун ата-бабалардын журтка болгон сүйүүлөрүн өзүндө сактаган түрдө,Мекендин өлбөс-өчпөс мээрими менен дүйнөгө кадам коёт.

Ар кандай элдин улуттук баалуулуктарын өзүнүн ой-тилектери, ошону менен бирге, жалпы адамзаттык өнүгүүнүн жетишкендиктери негизинде өнүктүрүп, руханий дүйнөсүн жогорулатууга умтулушунда тарыхый эстутум маселеси өзгөчө мааниге ээ болот. Башкача айтканда, тарыхый эстутум сезими толук кайра калыбына келген эл басып өткөн жол өзүнүн бардык ийгиликтери жана жеңиштери, жоготуулары жана курмандыктары, шаттыгы жана кайгы-капасы калыс жана адилеттүү үйрөнүлгөн учурда гана чыныгы тарых болот.

Колуңдагы Өзбекстан тарыхы окуу китеби XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын башталышында болуп өткөн окуяларды өз ичине алат. Бул доор Мекенибиз тарыхынын эң татаал жана карама-каршылыкка бай жылдары эсептелет. Бул доордо, **бир жактан,** Россия империясынын баскынчылыгы элибиздин башына оор кайгы, жоготууларды салса, **экинчиден**, ата-бабаларыбыз колонизатордук зулумга каршы Мекендин боштондугу, көз карандысыздыгы үчүн баатырларча күрөшүн улантышкан, **үчүнчүдөн,** Мекендин өнүгүп-өсүшү жолунда жан аябай эмгектенишип, чоң руханий жана материалдык жаратуучулук иштерин аткарышкан.

http://eduportal.uz

*Кымбаттуу окуучу!* Сен ушул окуу китеби менен таанышуу жараянында жакынкы өтмүшүбүздөгү түрдүү тарыхый окуялардын баяндамаларына туш келесиң. Бул окуяларга терең баа берүү аябай оңой иш эмес. Эгемендүү мамлекетчилигибиздин мазмунун толук түшүнүп жетүү үчүн колонизатордук шарттарда ушул аймакта жашаган элдердин башынан өткөндөрдү, зордук-зомбулук, түрдүү зулумдарга карабай, өзүнүн ишенимин, руханиятын жана изги жолдогу тырышчаактыгын сактап калгандыгы жөнүндөгү тарыхый чындыкты билүү чоң мааниге ээ.

Мындан тышкары, окуу китеби менен таанышуу аркылуу төмөнкү маселелер боюнча кененирээк маалыматтарга ээ болосуң:

– Россия империясынын баскыны алдында Орто Азия хандыктары (Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары)ндагы өкүм сүргөн коомдук-экономикалык жана саясий жагдай;

– Орто Азия хандыктарынын Россия империясы тарабынан басып алынышы;

– Россия империясынын Түркстанды коомдук-экономикалык, саясий, маданий-агартуу жагынан колонияга айландыруу үчүн карманган саясаты жана анын натыйжалары;

– Түркстан өлкөсүндө улуттук мамлекетчиликти калыбына келтирүү жана эгемендүүлүккө жетишүү үчүн алып барылган күрөштөр, жадидчилик кыймылдары жана алардын алгачкы кадамдары.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** 8-класстын «Өзбекстан тарыхы» окуу китебине таянып, Орто Азиянын аймактары Россия империясы үчүн кандай мааниге ээ экендиги жөнүндө пикир билдир.

**2.** «Тарыхый эстутум» сөзүнө түшүндүрмө бер.

**3.** «XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия хандыктарынын коомдук-экономикалык, аскердик-саясий абалы» темасында дебат сабагын уюштургула.

**4.** 8-класста алган билимдериңе таянып, Орто Азияда Россия-Англия теңтайлашууларында Россия империясынын үстөмдүгү эмнелерде көрүнгөнүн айтып бере аласыңбы?

# I БӨЛҮМ

# XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ОРТО АЗИЯ ХАНДЫКТАРЫНЫН САЯСИЙ, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУ

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- Орто Азия хандыктарынын саясий, коомдук-экономикалык абалы;
- айыл чарба, соода жана кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү;
- жер ээлөөчүлүк формалары, салык жана милдеттенмелер;
- XIX кылымдын ортолорундагы Түркстан калкынын маданий турмушу жөнүндө билип аласың.

## 1-§. XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ОРТО АЗИЯ ӨЛКӨЛӨРҮНҮН АЙМАГЫ ЖАНА КАЛКЫ

**Орто Азия өлкөлөрүнүн аймактары**


XIX кылымда Орто Азияда өз алдынча үч мамлекет болуп, алар Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары эле. Бул доордо Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарында өндүрүш, коомдук-экономикалык мамилелер, соода жана башка тармактар өнүксө да, бул өнүгүү Европа мамлекеттери деңгээлинен төмөн болчу.

Амирликтин борбору ислам дининин борборлорунан бири болуп, «Бухараи Шариф», же «Ыйык Бухара» деп аталган. Анын чек аралары түштүктө Амударыянын сол жээгинен башталып Сырдарыяга чейин, чыгышта Памир тоолорунан батышта Хива хандыгынын жерлерине чейин созулган. Мамлекеттин аймагы XIX кылымдын ортолорунда Иран, Хива хандыгы, казак жүздөрүнүн жерлери менен чектеш болгон. Амирликтин борбордук бөлүгү болуп Бухара жана Самарканд шаарлары жайлашкан Зарафшан өрөөнү эсептелген. Амирликте Бухара, Самарканд, Шахрисабз, Каршы, Китаб, Гүзар, Термез, Шерабад, Гисар, Көлаб сыяктуу ири соода, кол өнөрчүлүк жана маданий борборлор эсептелген шаарлар бар эле. Ага азыркы Тажикстандагы Вахш, Кафирнихон, Панж дарыяларынын өрөөнүндөгү жерлер, Түркмөнстандагы Мургаб дарыясынын оазисиндеги жерлер караган. Ошону менен бирге амирлик аймактык жактан бектик жана түмөндөргө бөлүнүп, аларды амир тарабынан дайындалган бектер башкарган. Амирликте 40 бектик болгон.

Хива хандыгы XIX кылымдын экинчи жарымында түштүктө Иран, чыгышта Бухара амирлиги, батышта Каспий деңизи, түндүктө казак жүздөрү

менен чектеш болгон. Хандыктын административдик борбору Хива шаары эсептелген. Хандыкта Хива, Кыят, Жаңы Үргөнч, Хазарасп, Коңурат, Хожейли сыяктуу бектиктердин борборлору болгон. Хива хандыгы 18 бектик, 2 наибдикке бөлүнгөн жана аларды хан тарабынан дайындалган бектер жана төрөлөр башкарган.

XVIII кылымдын баштарында, негизинен, Фергана өрөөнү менен Сырдарыянын төмөнкү бөлүгүнө чейин болгон аймактар Бухара амирлигинен ажырап, өз алдынча мамлекет – Кокон хандыгы түзүлөт. Хандык чыгышта Чыгыш Түркстан, батышта Бухара амирлиги жана Хива хандыгы менен чектеш болгон. Хандыктын түштүк чек аралары Каратегин, Көлаб, Дарваз, Шогнан сыяктуу тоолуу өлкөлөрдү өз ичине алып, бул аймактар үчүн Бухара амирлиги менен бат-бат кагылышуулар болуп турган. Хандыкта Кокон, Ташкент, Андижан, Маргылан, Наманган, Өзгөн, Ош, Пишпек, Түркстан, Чымкент сыяктуу административдик, соода жана маданий борборго айланган шаарлар болгон. Хандыктын аймагы Бухара амирлиги менен Хива хандыктарынан айырмаланып, суугa мол дарыялар, салкын өрөөндөр, түшүмдүү жерлерге бай болгон. Хандык 15 бектикке бөлүнүп, аларды, негизинен, ханга караштуу өзүнүн тууган-уруктары менен жакындарынан дайындалган адамдар башкарган.




**XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия өлкөлөрүнүн картасы**

http://eduportal.uz

**Орто Азия өлкөлөрүнүн калкы**

XIX кылымдын ортолоруна келип Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары калкынын улуттук курамы бири-бирине жакын болуп, аларда, негизинен, өзбектер жашаган. Ошону менен бирге үч хандыкта тажиктер, казактар, каракалпактар, түркмөндөр, кыргыздар да жашашкан. Алсак, бул доордо Бухара амирлиги калкынын саны 2 миллиондун айланасында болуп, улуттук курамы негизинен өзбек, тажик, түркмөн, каракалпак, казактардан түзүлгөн. Калктын негизги бөлүгү суугa мол оазистерде жашаган. Амирликте маңгыт, сарай, коңурат, кенагас, карлук, калмак, найман, кыпчак сыяктуу өзбек уруулары көпчүлүктү түзгөн.

Хива хандыгында калктын саны 800 миң адамдан ашуун болгон. Хандык калкынын этникалык курамы, негизинен, өзбектерден, мындан тышкары, түркмөндөр, каракалпактар, казактар жана башкалардан турган.

Кокон хандыгында калктын саны 3 миллионго жакын болуп, негизинен, өзбектерден турган. Ошону менен бирга ал жерде кыргыздар, тажиктер, казактар, уйгурлар, еврейлер, индилер жана башка элет өкүлдөрү да жашаган.

Бул доордо үч мамлекетте тең калктын негизги бөлүгүн түзгөн өзбектер отурукташкан түрдө жашап, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода менен, казактар, каракалпактар, түркмөндөр жана кыргыздар болсо көчмөн турмуш кечирип, негизинен, мал чарбасы менен алектенген.

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Алардын аймагы бүгүнкү күндөгү Өзбекстандан тышкары, Кыргызстан, Казакстан, Тажикстан жана Түркмөнстан мамлекеттери жерлеринин бир бөлүгүн да өз ичине алган.
- Бухара амирлиги: 40 бектик – 2 млн адам.
  Хива хандыгы: 18 бектик, 2 наибдик – 800 миң адам.
  Кокон хандыгы: 15 бектик – 3 млн адам.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Картадан XIX кылымдын ортолорундагы Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары аймактарын чек араларын көрсөт.
2. XIX кылымдын ортолорундагы хандыктардын калкы жөнүндө сүйлөп бер.
3. 6-беттеги картадан пайдаланып, төмөнкү жадыбалды толтур. Хандыктарга таандык аймактарды ажыратып жаз.

| Бухара амирлиги | Хива хандыгы | Кокон хандыгы |
|---|---|---|
| | | |



http://eduportal.uz

# 2-§. XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ӨЗБЕК ХАНДЫКТАРЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

**Бухара амирлигинин мамлекеттик башкаруусу**

Бухара амирлигинде жогорку өкүмдар *амир* эсептелип, анын бийлиги укумдан тукумга мурас түрүндө өткөн. Амирликти *маңгыттар династиясына* (1756–1920) таандык, чектелбеген бийликке ээ болгон өкүмдарлар башкарган.

Бухара шаары амирликтин административдик борбору эле. Амирликте аткаруу бийлиги башкы вазир – *кошбегинин* колунда болгон. Вилаяттар менен түмөндөрдүн акимдери кошбегинин сунушу менен дайындалган. Каржы жана казна иштери, салыктардын чогултулушу сыяктуу тармактарды *деванбеги* башкарган. *Деванбегине* тышкы байланыштарды жүргүзүү да жүктөтүлгөн. Ага амирликтин тарыхын жазып барууга жооптуу *мырзабашы* баш ийген. Амирликте салыктарды өз убагында чогултуу жана аларды эсепке алып баруу үчүн *мушриф* жооптуу эсептелген. *Датка* кызматын ээлеп турган адам элдин даттануулары менен алектенген. Амирликтин буйруктарын болсо *парваначы* жарыялаган. Шариаттын эрежелери менен мыйзамдарынын аткарылышын, сот иштерин көзөмөлдөөнү *шайхулислам* аткарган. Шайхулисламга баш ийген *муфтий* диний-укуктук маселелерди, *мухтасибдер* болсо шариаттын эрежелеринин аткарылышы жана аларга баш ийилиши маселелери менен алектенген. Бухара амирлигинде соттун башчысы *казыкалан, раискалан* эсептелген. Вакф иштери жана мүлктөрү менен *садр* алектенген. Амирдин резиденциясы эсептелген аркта так мураскорунун тарбиясы менен *аталык* алек болгон. *Топчубашы* амир кошуундарынын башкы кол башчысы болгон. Амирликтин шаарларында тынчтык менен тартиптин сакталышына амир сакчыларынын башчысы – *мыршапбашы* жооптуу эсептелген. *Көкөлдөш* мамлекеттин коопсуздугу, амирдин жакындары, достору жана душмандары жөнүндө маалымат чогултуу менен алектенген. Бухара амирлигинде мамлекетти башкаруу, каржылоо, сот, мыршаптык жана аскердик иштери амирдин тууган-уруктары, өзүнө жакын адамдар тарабынан башкарылган. Алар өздөрүнүн иштерин аткарууда чоң укук жана артыкчылыктарга ээ болушкан.



**Бухара аркы. XIX кылым**



http://eduportal.uz

**Хива хандыгынын мамлекеттик башкаруусу**

Хива хандыгы *коңураттар династиясы* тарабынан башкарылып, жогорку өкүмдар *хан* болгон. Ал чектелбеген административдик, аскердик бийликке ээ болгон. Резиденциясы Хива шаарында жайлашкан. Шаарда ички – Ичанкалаа жана коргонуу дубалы менен курчалган тышкы – Дишанкалаа болгон. Хива, Үргөнч, Кыят, Хазарасп, Коңурат сыяктуу шаарлар административдик, соода жана маданий борборлор эсептелген. *Деванбегинин* кол астында *кошбеги, мехтар, аталыктан* турган кеңеш иш жүргүзгөн. Калктын тынчтыгы жана бейпилдиги менен *мыршапбашы,* хандыктагы тартипти сактоо иштерине хан кошуундарынын башкы кол башчысы – *жасоолбашы*, диний иштер менен шариаттын эрежелерине баш ийүү жана аткаруу маселелерине *шайхулислам,* сугат курулуштары жана сууну бөлүштүрүүгө *мырапбашы* жооптуу эсептелген. Аскердик бөлүктөргө колбашчылар жетекчилик кылган. Аскердик кызматында болгондор салыктардан бошотулган.



**Ичан-калаа. Хива (азыркы сүрөт)**

**Кокон хандыгынын мамлекеттик башкаруусу**

Кокон хандыгында жогорку өкүмдар *хан* эсептелген. Хандык *миңдер династиясы* тарабынан башкарылган жана анын административдик борбору Кокон шаары болгон. Бийлик мурас эсептелип, хан чектелбеген саясий, административдик жана аскердик бийликти өз колунда кармап турган. Эң жогорку аскердик кызмат *амирлашкар* болгон. Хандыкта өз алдынча аскердик бөлүктөргө *миңбашылар* жетекчилик кылышкан. Казна иштерин жана каражаттарды *мехтар* көзөмөлгө алган. *Казыкалан, казылар* ислам дини эрежелеринин негизинде сот иштерин жүргүзүшкөн. *Мухтасиб-раистер* диний иштердин, соодасынын туура жүргүзүлүшүн көзөмөлдөшкөн. Хандыктагы тартипти сактоо иштери менен *мыршаптар* алектенген.



**Кудаярхандын сарайы. XIX кылымдын аягы**

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Орто Азия хандыктарында жогорку өкүмдар чексиз саясий, административдик, сот бийликтерине ээ болгон.
- Вилаят менен түмөндөрдү жогорку өкүмдар тарабынан дайындалган адамдар башкарган.
- Казылар сот иштерин ислам дининин эрежелери негизинде жүргүзүшкөн.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Хива хандыгындагы мамлекеттик кызматтарды айт.
2. Кокон хандыгынын мамлекеттик башкаруусу жөнүндө сүйлө.
3. Бухара амирлигиндеги кызматтарга мүнөздөмө бер.
4. Хандыктарда сот иштери кимдердин колунда болгон?
5. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Мамлекеттин аты | Аймагы | Калкы | Башкарылышы |
|---|---|---|---|
| | | | |

## 3-§. XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ӨЗБЕК ХАНДЫКТАРЫНЫН КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

**Жер ээлиги жана салык системасы**

XIX кылымда Орто Азия хандыктары агрардык өлкөлөр болгон. Калктын коомдук-экономикалык абалы жерге болгон ээлик мамилелеринин кандайлыгы, төлөнгөн салык менен төлөмдөрдүн саны менен белгиленген. Бул доордо жерлердин негизги бөлүгү хандын, анын тууган-уруктары менен жакындарынын колунда болгон. Калктын көпчүлүгү ири жер ээлерине таандык эгин аянттарында эмгектенишкен. Дыйкандар ижарага алган жерлери үчүн түшүмдүн бир бөлүгүн (көп учурларда түшүмдүн 1/5 же 1/3 бөлүгүн) *хираж* иретинде төлөшкөн.

Ижарага жер алган дыйкандар *жарымчы* деп аталган. Анткени алар алынган түшүмдүн жарымын ижара акы кылып беришкен. Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарында жерге ээлик кылуу дээрлик бирдей болчу. Алар үч түрдөгү жер ээлигинен турган болуп, *амлак* – мамлекеттин жерлери, *мүлк* – менчик жерлер, ошондой эле, мечит жана медреселерге, диний мекемелерге караштуу – *вакф* жерлери эсептелген. Бухара амирлигинде ири кызмат адамдарына, кол башчыларга мамлекет тарабынан жерлер тартууланган. Вакф жерлеринен алынган пайданын эсеп-кысабы жана бөлүштүрүлүшү менен *мутавалли* алектенген. Калк салык менен төлөмдөрдү натура же акча көрүнүшүндө төлөгөн. Мындан тышкары, сугат



http://eduportal.uz

курулуштары, жолдор, көпүрө куруу жана аларды ремонттоо сыяктуу иштерди милдеттенме иретинде аткарышкан. Эмгек милдеттенмелери калктын иштеп бериши болуп, ал *бегар* деп да аталган.

Бул доордо калктан *хираж, зекет, суу салыгы, тегирмен, туз, мүлк, жер, бак салыгы* жана башка салыктар чогултулган. Хива хандыгында негизги салык *салгут* деп аталган. Аскердик милдеттенмеде ар бир эр киши азык-түлүгү, курал-жарагы менен бирге катышууга тийиш болгон. Малчы калк мал чарбасынан *зекет* салыгын, жайлоо менен суудан пайдалангандык үчүн да салыктар төлөгөн. Бул доордо шаарлардын калкы – кол өнөрчүлөр менен соодагерлерден *соода пулу, дүкөн пулу, тараза пулу* сыяктуу салыктар алынган.


**Жерди иштетүү. XIX кылым**

**Сугаруу системасы жана тартиптери**

Орто Азиянын аймагы жана климаты айыл чарба продукцияларын өстүрүүгө абдан ыңгайлуу болгон. Бул тармактын өнүгүшү сугат иштеринин абалы жана суу менен камсыздалышы кандай деңгээлде экендигинен көз каранды эле. Ошондуктан сугаруу жана суу менен камсыздоо тармагы Орто Азияда маанилүүлүгү жагынан мамлекеттик деңгээлге көтөрүлгөн. Мындан тышкары, казнага түшө турган негизги кирешени дыйкандардан чогултулчу салыктар түзгөн.

Ар бир аймакта калк жана башкаруунун өкүлдөрү сугат тармагына жоопту болгон. Сугат иштерин жүргүзүү жана көзөмөлдөө менен ошол тармактын адистери – *мыраптар* алектенишкен. Алар сугат иштерин, суу курулуштарын, суу менен камсыздоону, ремонттоону, тазалоону, суунун бөлүштүрүлүшүн мыкты билген адамдар болушкан. Орто Азияда сугат системасы байыртадан өнүгүп келген тармак эсептелет. Мындай иштер, негизинен, ашар жолу менен аткарылган.

Калкы, негизинен, сугарма дыйканчылык менен алектенген Фергана өрөөнүндө сугат системасына өзгөчө көңүл бурулган. Өрөөндө ири ири сугат объекттери Шахрихансай, Андижансай, Маргылансай, Жаңыарык, Улугнар, Карадарыя сыяктуулар болгон. Суу чыгышы кыйын болгон жерлерге атайын курулма – *чыгырлардын* жардамында суу чыгарылган. Амударыя, Сырдарыянын


**Чыгырлар**



http://eduportal.uz

суулары жасалма сугат системалары – каналдар жана алардын бойлорунда курулган дамбалар аркылуу эгин аянттарына жеткирилген. Бул аймакта өстүрүлгөн айыл чарба продукцияларын, негизинен, пахта жана дан эгиндери түзгөн. Мындан тышкары багдарчылык, жүзүмчүлүк, жашылча жана жер-жемиш продукциялары өндүрүлгөн.

**Кол өнөрчүлүк жана соода**

Орто Азия элдеринин турмушунда кол өнөрчүлүк маанилүү роль ойноп, калктын дыйканчылык, мал чарбачылыгы жана соода менен алектенген катмарынын турмушу да түздөн-түз аны менен байланыштуу болгон. Анткени, ар бир дыйкан жана малчы кол өнөрчүлүк буюмдарынан пайдаланган, соодагерлер болсо кол өнөрчүлүк буюмдары менен соода жүргүзгөн. Орто Азия өлкөлөрүндө көптөгөн кол өнөрчүлүк борборлору болгон. Мисалы, Маргыланда атлас токуу, топучулук, Рыштанда карапачылык, Бухарада зергерлик, Шахриханда бычакчылык, топучулук, жыгаччылык, Чустта да топучулук, бычакчылык, Кокондо темирчилик, жыгаччылык, зергерлик, Самаркандда зергерлик, Хивада архитектура, чопону иштетүү өнүккөн. Бухара амирлигинде бул доордо карапачылык, темирчилик, мискерлик, зардөздүк, айнек жасоо, темирге чегүү, көркөм сайма саюу тармактары да кеңири таралган. Хандыктарда темир буюмдарга талап күчтүү болгондуктан, металлды иштетичүү жергиликтүү темирчилик тармагы өнүккөн. Кол өнөрчүлөр тарабынан, негизинен, эмгек шаймандары, мисалы, дыйканчылыкта колдонулчу аспаптар, кийим-кечелер, жасалгалар, идиш-аяктар жана малчылар пайдаланган буюмдар даярдалган. Орто Азия калктарынын ортосунда эзелтеден кол өнөрчүлөргө урмат менен мамиле жасашкан, өнөр үйрөнүү ыйык саналган. Эл арасында «Өнөрдөн өнөт», «Жигит кишиге кырк өнөр да аз», «Өнөрлүү адам кор болбос» сыяктуу сөздөр текке айтылбаган.



**XIX кылымда Чарсу базары. Ташкент**

Кол өнөрчүлүк үйдө аткарылчу касаначилик көрүнүшүндөгү майда устаканалардан турган болуп, анда, негизинен, кол эмгегинен пайдаланылган. Кол өнөрчүлүк буюмдары жергиликтүү элдин талабын канааттандырып гана калбай, ошондой эле соодагерлер тара-

http://eduportal.uz

бынан четке да алып чыгылган. Орто Азиянын соодагерлери Иран, Кытай, Индия, Ооганстан, Россия мамлекеттери жана казак жүздөрү менен соода жүргүзүшкөн. Чет өлкөдө кол өнөрчүлөрдүн зергерлик буюмдары, жибек жана атлас кездемелери, карапачылык буюмдары жогору бааланган.

Бул доордо Орто Азиядагы ички жана тышкы сооданын дагы да тез өнүгүшүнө үч мамлекеттин ортосундагы келишпестиктер, ички карама-каршылыктар жана согуштар терс таасирин тийгизген.

### *Өзүңдү сынап көр!*

**Жер ээлигинин түрлөрү ... Салыктын түрлөрү – ... Чыгырлар – ... Мырап – ... Соода иштеринин өнүгүшүнө ... терс таасирин тийгизген.**

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Орто Азияда жер ээлигинин үч түрү болгон. Көп түрдөгү салыктар жана милдеттенмелер калктын чегине түшкөн.
- Орто Азияда байыртадан көп тармактуу кол өнөрчүлүк өнүккөн.
- Соодагерлер жергиликтүү буюмдарды четке алып чыгып, ал жерлерден керектүү товарларды алып келген.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Агрардык** (латинче – *agrarius*) – жерге, талаага тиешелүү – айыл чарбасы менен алектенген аймакка, калк тарабынан айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү басымдуулук кылган жерге карата колдонулат.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** XIX кылымдын ортолорунда хандыктарда жер ээлөөнүн кандай түрлөрү болгон?
**2.** Хандыктардагы милдеттенмелер элдик массага кандай таасирин тийгизген?
**3.** Сугат курулуштары жөнүндө эмнелерди билип алдың?
**4.** Хандыктарда кол өнөрчүлүктүн кайсы түрлөрү кеңири таралган?
**5.** Хандыктар кайсы мамлекеттер менен соода мамилелерин жүргүзгөн?

**ӨЗ АЛДЫНЧА ИШ**

Орто Азия өлкөлөрүндө киргизилген салыктардын жадыбалын түз

| Хива хандыгы | Бухара амирлиги | Кокон хандыгы |
|---|---|---|
| | | |



http://eduportal.uz

# 4–5-§§. XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ОРТО АЗИЯ КАЛКЫНЫН МАДАНИЙ ТУРМУШУ

**Элдик чыгармачылык. Таалим**

Хандыктардагы калктын көпчүлүгү өзбек тилинде сүйлөшкөн. Бул тилде айкөл баатырлардын эрдиги, жеңиштери жана адилет үчүн күрөштөрү ырдалган элдик дастандар – баатырдык эпостор кең таралган. XIX кылымда кыркка жакын дастан белгилүү болуп, алардан «Алпамыш», «Көруулу», «Күнтугмиш», «Ширин менен Шекер» дастандары эң белгилүүлөрү эле.

Эл арасында фольклор чыгармачылыгы чоң роль ойногон. Аларда кызмат адамдарынын кемчиликтери, сарай адамдарынын наадандыгы, ач көздүгү шылдыңга алынган. Кээ бир коркок, жаман пейил кызмат адамдары жана байлар караланган, эмгекчил элдин айкөлдүгү, жоомарттыгы макталган. Дастандарда көбүнесе изгиликтин жамандык үстүнөн жеңип чыгуу идеясы жетекчилик кылган. Өздөрү мазмундуу тема ойлоп таап, өздөрү ролдорун аткарган кызыкчылар менен куудулдар да өзбек адабияты менен фольклорунун өнүгүшүнө чоң салымдарын кошушкан. Жыл сайын жазында шаарлар менен айылдардын айланасындагы бактарда, кыр-адырларда элдик сейилдер өткөрүлгөн. Көчмө цирк труппаларынын аткаруучулары элдик сейилдерде базар аянттарында өздөрүнүн тамашаларын көрсөтүшүп, калктын көңүлүн ачкан. Балбандар ортосунда күрөш мелдештери өткөрүлгөн.

Үч хандыкта тең таалим дээрлик бирдей берилген. Бухара амирлигиндеги система Хива жана Кокон хандыктарында да киргизилген. Медреселерде Окумуштуулар жасоолу кызматындагы жеке адам (бул кызмат XVI кылымда пайда болгон) – медреселердин таалимин көзөмөлдөөчү, жогорку муун, башкача айтканда хан же амир менен медреселердин ортосундагы мамилелерди жолго коюучу кызмат ээсинин өкүмдарга жазма маалымат берип, окуу доорунун башталганын билдирген. Медреселерде окуунун мөөнөтү сентябрь айынын экинчи жарымынан башталып, март айынын аягына чейин созулган. Ошентип окуу 6 ай бою улантылган. Окуу доорунун мындайча белгилениши элдин экономикалык-социалдык турмушу менен байланыштуу эле. Март айынын аягынан талаада эгин эгүү иштери башталган. Сентябрдын аягында болсо түшүм жыйналган. Ортодогу 6 айда окуучу талаа жумуштарында катышуу жана ата-энесине, үй-бүлөсүнө материалдык жардам берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Медреселерде жумасына төрт күн – ишемби, жекшемби, дүйшөмбү жана шей-



**Элдик тамашалар. XIX кылым**

шемби күндөрү окуу күнү эсептелген. Шаршемби, бейшемби жана жума күндөрү тыныгуу болгон. Окуучулар тыныгуу күндөрү өтүлгөн темалар боюнча өз алдынча иштөөгө берилген тапшырмаларды аткарышкан. Жума мусулмандардын салттык майрам күнү болгон жана ошол күнү ибадатка даярдык көрүшкөн. Окуучулар үчүн болсо алып жаткан билимин бышыктай турган практикалык машыгуу күнү иретинде эсептелген.

Таалим алуунун мөөнөтү көп учурларда чектелбеген. Белгилүү болгондой, медреселер орто жана жогорку окуу жайлары иретинде калыптанган болуп, мектептер үчүн молдолор, мечиттер үчүн имамдар, өкмөт кеңселери үчүн казы, мырзалар, каржы иштерин жүргүзүүчүлөр, жер-сууну бөлүштүрүүчүлөр сыяктуу кызмат адамдарын даярдаган.

## Илим-билим. Адабият

Бул доордо Хива жана Кокон хандыктары, Бухара амирлигинде илим-билим белгилүү деңгээлде өнүккөн. Хива хандыгында Элтүзөрдүн (1804–1806) буйругу менен Шермухаммад Мунис (Шермухаммад Амир Авазбий уулу) Харезмдин 1812-жылга чейин болгон тарыхын жазган. Ал тарыхчы, ошол эле учурда акын, котормочу, каллиграф, агартуучу болгон. Ал 1819-жылы Мирхонддун «Равзат ус-сафо» («Тазалыктын багы») аттуу тарыхый чыгармасын өзбек тилине которушту баштады. Анын «Фирдавс ул-икбол» («Бакыттардын багы») чыгармасын жана «Равзат ус-сафо»нун котормосун шакирти жана жээни Агахий аягына чыгарды. Анын чыныгы ысымы Мухаммад Ризо Эрназарбек уулу болуп, 1809–1874-жылдарда жашаган. Ал 16 тарыхый, агартуучулук, котормо чыгармаларынын автору. Ал араб, фарс, түрк тилдерин мыкты билген жана Харезмдин 1812–1872-жылдардагы тарыхына арналган чыгарма жазган. Хива хандыгынын тарыхы боюнча «Рияз уд-давла», «Зуббат ут-тарових», «Гулшани давлат», «Шохиди икбол» аттуу чыгармаларын жазган. Агахийнин элдин абалына кайдыгер эместиги анын «Кыш» аттуу казалында таасын байкалат. Анын чыгармачылыгы Орто Азиянын аймагында гана эмес, ошондой эле XIX кылым Чыгыш дүйнөсүнүн маданий турмушунда өзүнө мүнөздүү из калтырды.

Бухара амирлигинде да бир топ илим өкүлдөрү жетишип чыкты. Алардан бири жазуучу, ойчул, сүрөткер, агартуучу Акмат Дааныш эле. Ал Бухаранын амири Насрулланын элчилери менен 1857-жылы Москва, Петербург жана башка Россия шаарлары боюнча саякат жасаган. Ал «Бухарадан Петербургга саякат», «Бухараи шариф маңгыт амирлеринин кыскача тарыхы», «Наводир ул-вакоеъ» («Укмуш окуялар») чыгармаларынын автору. Акмат Дааныш 1865-жылы


**Акмат Дааныш**

амир Музаффардин сунушу менен «Манозир ул-кавокиб» («Планеталардын жайлашуулары») аттуу астрономия боюнча китеп жазган. Ал жалаң Бухара амирлигинде гана эмес, ошондой эле башка хандыктарда да өтө көзгө көрүнгөн маданият ишмери иретинде таанылган эле.

XIX к. баштарында, амир Умархандын бийлиги тушунда, Кокон хандыгында борборлошкон бийликтин орнотулушу, соода мамилелеринин тартипке салынышы хандыкта саясий, коомдук-экономикалык туруктуулук илим-билимдин өнүгүшүндө чоң роль ойноду. Хандын сарайында өзбек улуттук маданиятынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон өкүлдөр көбөйдү.

Сарайда тарых таануу, адабият, каллиграфия өнүктү. Сарай тарыхчысы Мухаммад Юнус тарабынан 1859-жылы жазылган “Худайкул анвар” аттуу чыгармада Мухаммад Алихан доорунун тарыхый окуялары кеңири баяндалган. Турди Али хандыктагы эң белгилүү каллиграф болгон. Хандыктын ордосу курулгандан кийин, Кудаярхан сарайдын дубалдарындагы каллиграфиялык иштердин аткарылышын эки адамга – Турди Али менен Мырза Махмудга тапшырган. Турди Алинин хан сарайындагы аброю бийик болгон жана кээ бир иштерде хан аны менен кеңешкен.

**!** ***Өзүңдү сынап көр!***

**Мунис – ...  1819-жылы – ...  Агахий – ...**
**Турди Али – ...  Акмат Дааныш – …  1857-жылы – ...**

**Архитектура**

XIX кылымда да Орто Азия өлкөлөрүнүн шаарларында курулуш иштери өнүккөн. Айныкса, Хива хандыгында XIX кылымдын ортолоруна барып курулуш иштери аябай күчөдү. Бул доордо Хивада жана башка шаарларда көптөгөн имараттар – сарай, базар, медресе, мечит, ханаках жана башкалар курулду. Аллакулихан медресеси, Рахманкул Ынак сарайы, Ичанкалаадагы Мухаммад Аминхан медресеси (1851–1855), Арк дарбазасынын каршысында Мухаммад Рахимхан медресеси (1871) бүгүнкү күндө да Хива шаарынын көркү саналат. Алардын дубалдары ошол доордун Харезм архитектурасына мүнөздүү усулда, тунук көгүлтүр түстүн үстүнөн ак, жашыл гүлдөр салынган мозаика менен кооздолгон.

Кокон хандыгында бул доордо Азирети Калон Сохибзаада медресеси (1862), Хоким Айым медресеси (1869–1870), Султан Муратбек медресеси (1872) куруп бүтүрүлгөн. Алардын ичинде XIX кылымдын экинчи жарымынын баалуу архитектуралык эстелиги саналган, жүздөн ашуун бөлмөдөн турган Кудаярхандын сарайы (1863–1870) өз ордуна ээ. Ал өзүнүн орнаменттери, түстөрүнүн кооздугу менен өзгөчөлөнүп турат.



http://eduportal.uz



**Тиллашайх мечити. XIX кылымдын башы**



**Мухаммад Рахимхан медресеси (азыркы сүрөт)**

Хандыктын ири борбору Ташкентте XIX кылымдын ортолорунда байыркы курулуштардан Азирети Имам комплексин, 1859-жылы Баракхан медреселерин ремонттоо иштери башталат. Ошол доордо Баракхан медресесинин каршысында Мойи мубарак медресесинин (XX кылымдын башында) курулушу аяктаган. Тиллашайх жоме мечити сыяктуу имараттар курулду.

Бул убакытка келип, Бухара амирлигинин архитектурасында да бир топ өзгөрүштөр болду. Шаар жана айылдын калкы жашаган турак-жайлар менен махалла гүзөрлөрүндөгү курулуштар жерлерди дагы да көрктөндүрүп жиберди. *Куфий, райханий, настаълик* жазуу усулдарынан имараттарды коздоодо пайдалануу улантылды.

**Орто Азия элдери маданиятынын өзүнө мүнөздүүлүгү**

Бул доордо эки тилде (зуллисонайн), башкача айтканда, өзбек жана фарс тилдеринде чыгармачылык кылышкан. Ошол эле учурда бул маданиятта өзбек адабиятынын улуу өкүлдөрү, биринчи кезекте Алишер Наваий негиз салган гумандуу жана демократиялык салттар маанилүү орун ээлеген.

Орто Азия элдеринин жалпы тарыхы бекем достуктун негизине курулган эле. Миңдеген ырлар, казалдар, оозеки рабаяттар ооздон оозго өтүп, алп эрлердин эрдиктерин мактаган, баатырлар жөнүндө ырдаган, берилгендик, марттык, достук жана махабат жөнүндөгү дастандар адамдарда ишеним, өз ара урматтоо сезимдерин ойготуп, изгиликке үндөгөн.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Мухаммад Аминхан медресеси – ...**
**Кудаярхандын сарайы – ...**
**Зуллисонайн – ...**
**Тиллашайх мечити – ...**
**1859-жылы – ...**
**Мойи мубарак медресеси – ....**



**Ичан-калаа түркүмүндөгү имараттар (азыркы сүрөт)**

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Элдик чыгармачылык: бахшылар, кызыкчылар, ырчылар, куудулдар.
- Мунис (1778–1829), Агахий (1809–1874), Акмат Дааныш (1827–1897).
- Каллиграфия: Мухаммад Юнус, Турди Али.
- Архитектура: Мухаммад Аминхан, Азирети Калон Сохибзаада, Тиллашайх.

## *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Эпос** – элдик оозеки чыгармачылыкта баатырдык жана баатырлар жөнүндөгү дастандар жыйнагы.
**Ханаках** – дербиштер үчүн жашоочу бөлмө жана мечиттен турган жатакана.
**Труппа** – театр же цирк артисттеринин жамааты.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия калктары элдик чыгармачылыгынын кеңири таралган үлгүлөрүн айтып бер.
2. Мунис, Агахий жана Акмат Дааныш чыгармачылыктарынын өзүнө мүнөздүү жактарын айт.
3. XIX кылымдын Хива архитектурасындагы өзүнө мүнөздүүлүктөр эмнеде?
4. Бул доордогу чыгармачыл инсандардын аттарын түбөлүккө калтыруу максатында бүгүнкү күнгө чейин кандай иштер жасалган?
5. Кокон хандыгындагы маданий турмуштун өзүнө мүнөздүү жактары эмнеде?
6. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Окумуштуунун аты | Жашаган жылы | Чыгармалары |
| --- | --- | --- |
| | | |



http://eduportal.uz

# II БӨЛҮМ

# РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ОРТО АЗИЯНЫ БАСЫП АЛЫШЫ

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- Россия империясы тарабынан Орто Азиянын басып алынышынын негизги максаттары;
- Орто Азияга Россия империясынын баскынчылык жортуулдары жана алардын баскычтары;
- аскердик баскынчылык жортуулдарына каршы күрөштөр;
- Орто Азияда Россия империясы бийлигинин орнотулушу жана колонизатордук саясаттын жүргүзүлүшү жөнүндө билип аласың.

## 6-§. РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ ТАРАБЫНАН ОРТО АЗИЯНЫ БАСЫП АЛУУ ҮЧҮН КОЛОНИЗАТОРДУК КЫЙМЫЛДАРДЫН БАШТАЛЫШЫ

**Басып алуу үчүн даярдык**

Россия империясы тышкы саясатта өзүнүн чек араларын чыгышты карай кеңитүү үчүн баштап Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары менен ар тараптан байланыш орнотууга аракеттенди. Мында, эң мурда, хандыктар жөнүндө көбүрөөк маалымат чогултуу максатында өзүнүн элчилерин бул жерлерге жөнөтөт. Пётр I дин бийлиги тушунда эле Александр Бекович-Черкасский башчылыгындагы аскердик экспедиция жөнөтүлгөн болчу. Бирок бул экспедиция ийгиликсиз аяктагандан кийин падышалык өкмөт аскердик чептерди курууга киришет. 1718-жылы Иртыш дарыясынын жээгинде ошондой чептерден жетөөсү куруп бүтүрүлөт.

Саякатчы, соодагер, элчи иретинде жиберилген тыңчылар тарабынан Орто Азиянын саясий, коомдук-экономикалык жана аскердик абалы, суудагы жана кургактыктагы жолдору жөнүндөгү маалыматтар чогултуп барылат. XIX кылымда Россия империясынын өнөр жай чийки затына болгон керектөөсүнүн жогорулашы, иштеп чыгарылган продукциялары үчүн кошумча керектөө базарларынын зарылдыгы, токуучулук өнөр жайы үчүн арзан пахта буласын жеткирип берген аймакка ээ болуу көйгөйлөрү Орто Азиянын басып алынышын дагы да тездештирди. Ошондуктан XIX кылымдын ортолорунда бул аймактарды басып алуу Россия империясынын биринчи кезектеги

http://eduportal.uz

милдетине айланды. Мындан тышкары, эл аралык деңгээлде англис товарларынын Орто Азияга кирип келиши, Англиянын бул аймактарга болгон кызыгышынын жогорулап отурушу падышалык өкмөттүн баскынчылык кыймылдарын дагы да тездештирди. Улуу Британиянын Ост-Индия компаниясы XIX кылымдан баштап жогорку стратегиялык мааниге ээ болгон Орто Азия жана анын табигый байлыктарына, чийки зат продукцияларына кызыга баштайт. Орто Азияга 1825-жылы М. Муркрофт Англия менен байланыштарды жолго коюу үчүн жиберилет. Ал Бухарага келип, кайра тартканда жолду катар эки жолдошу менен кайтыш кылат. 1832-жылы Бухарага А. Бёрнс, 1844-жылы майор И. Вольф, 1843-жылы Хива менен Бухарага капитан Ж. Аббот жиберилген.

Орто Азия мамлекеттерине аскердик жардам берүү жана аларга Россия империясына каршы аскердик союз түзүү сунушу менен Бухарага келген Ч. Стоддарт менен А. Конноли 1842-жылы амир тарабынан өлүмгө өкүм кылынат. Буга жооп иретинде Англия өкмөтү Бухарага каршы Ооганстан менен келишим түзүп, аларды куралдандырат. Ошондон кийин, Ооганстан Бухара амирлиги аймагынын бир бөлүгүн басып алат жана 1855-жылы өзбектер менен тажиктер жашаган Амударыянын түштүк жээгиндеги аймактар Ооганстандын вилаятына айландырылат.

XIX кылымдын ортолоруна келип Англиянын Орто Азияга карата жүргүзүп жаткан мындай саясаты жана падышалык өкмөттүн Крым согушундагы (1853–1856) жеңилиши Россия империясын Орто Азияны басып алуу кыймылдарын тездештирүүгө үндөдү. Ал үчүн, эң мурда, ага алып барган жолдорду, айныкса, соода жолдорун толугу менен өз колуна алууга аракет жасады. Мунун натыйжасында негизги жол эсептелген Ташкентке алып барган Оренбург жолунда аскердик чептер курулду. Сырдарыянын Аралга куйган жеринде 1847-жылы *Раим чеби* курулду.

Чек ара аймактарында жашаган Россия империясынын жарандарына талоончулук жана баскынчылык кылып турган топтордун чабуулдарын кайтаруу падышалык өкмөттүн Орто Азияга аскердик жортуулдарынын башталышына шылтоо болду. Мындан тышкары, токуучулук өнөр жайы үчүн пахта чийки затынын жетишсиздиги Орто Азияны басып алууга болгон кыймылдарды тездештирди. Бул доордо АКШда түндүк менен түштүктүн ортосунда башталган жарандар согушунун (1861–1865) натыйжасында Россиянын токуучулук өнөр жайы үчүн пахта чийки затынын жетишсиздиги пайда болду.

XIX кылымдын биринчи жарымында Орто Азия хандыктарынын ортосундагы узакка созулган өз ара согуштар алардын экономикалык жана



http://eduportal.uz

аскердик жактан алсызданышына алып келди. Мындай жагдай акыр-аягында хандыктардын басып алынышын оңойлоштурду.

Ошентип, XIX кылымдын ортолоруна келип Орто Азия хандыктары ортодогу өз ара согуштар, ички карама-каршылыктар, мамлекет жетекчилеринин алысты көздөгөн ички жана тышкы саясат жүргүзбөгөндүктөрүнүн айынан начар абалга кабылды. Мына ушундай жагдайда падышалык өкмөт өзүнүн саясий, экономикалык жана геополитикалык кызыкчылыктарын көздөп, Орто Азияга аскердик баскынчылык кыймылдарын баштайт.



**Түркстан аскердик округунун аскерлери. 1867-жыл**

**Орто Азияга каршы баскынчылык жортуулдардын баскычтары**

Орто Азиянын Россия империясы тарабынан басып алынышы төрт баскычта ишке ашырылды. Биринчи баскыч – 1847–1865-жылдарда Россия тарабынан Кокон хандыгынын түндүктөгү вилаяттары менен Ташкент шаары басып алынды. Басып алынган аймактарда Оренбург генерал-губернаторлугунун курамына кирген Түркстан вилаяты түзүлдү.

Экинчи баскыч – 1865–1868-жылдарды өз ичине алган болуп, мында Кокон хандыгы менен Бухара амирлигине каршы баскынчылык кыймылдары ишке ашырылды.

Үчүнчү баскыч – 1873–1879-жылдарда Хива менен Кокон хандыгынын жерлерин басып алуудан турду.

Төртүнчү баскыч – 1880–1885-жылдарда түркмөндөрдүн баш ийдирилиши болду. Ошентип, 1864–1885-жылдарда – 20 жылдан ашуун убакыт бою Россия империясынын көпкө созулган даярдыгы жана аскердик баскынчылык жортуулдарынын натыйжасында аёосуз баскынчылык согуштары алып барылды. Орто Азия хандыктары аймактарынын чоң бөлүгү басып алынып, колонияга айландырылды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Баскынчылыктын себептери – ...**
**Биринчи баскыч – ...**
**Экинчи баскыч – ...**
**Үчүнчү баскыч – ...**
**Төртүнчү баскыч – ...**
**1864–1885-жылдарда – ...**



http://eduportal.kz

**Орто Азияга каршы аскердик-баскынчылык жортуулдардын башталышы**

Россия императору Александр II (1855–1881) нин 1859-жылы Кокон хандыгын басып алууну улантуу жөнүндөгү көрсөтмөсүнөн кийин, аскердик кыймылдар күчөдү. Ал үчүн, эң мурда, хандыктын Ташкент шаары басып алынышы керек эле.

Ташкентти басып алуу үчүн Акмечит чеби аскердик кыймылдардын таянычына айланды. Падыша кошуундарынын Акмечит чебин басып алуу боюнча баштапкы кыймылдары (1852-жыл) жеңилгенден кийин, 1853-жылы аны ээлөө үчүн экинчи чабуул башталат. 3 миңден ашуун кошуунга 400 адамдан турган чептин коргоочулары 20 күн каршылык көрсөттү. Душманга салыштырмалуу саны өтө аз болгон, курчоодо калган чептин коргоочулары соңку мүмкүнчүлүк калганга чейин согушат. Күчтөр тең эместигинен падыша кошуундары тарабынан чеп ээленет. Кийинчерээк, бул чеп аскердик кыймылдар үчүн таяныч пунктка айланып, ага *Перовский форту* деген наам берилди.

Н. Верёвкин менен М. Черняевдердин 1864-жылы үч миңден ашуун кошууну эки багытта: бири Перовский фортунан (Оренбург жактан), башкасы Верный (Алматы) шаары жактан Ташкентти карай жолго чыгат. 4-июнда М. Черняевдин кошууну Талас дарыясынын сол жээгиндеги Олуя-Атаны (азыркы Тараз шаарын) басып алды. Түркстан жана Чымкент шаарларын коргоого жетекчилик кылууга Кокон хандыгы кол башчысы амирлашкер Аликулу (Алымкул) жиберилет. Н. Верёвкин, эгерде Түркстандын коргоочулары багынбаса, шаарды жалпы окко тутуп, бардыгын кырып салууну, Акмат Яссавийнин урматына Амир Темур тарабынан курулган күмбөздү да талкалап салышын ультиматум иретинде коёт. Натыйжада, Алымкул өзүнүн кошуунун Түркстандан алып чыгып, Чымкентке чегинет. Үч күндүк салгылашуудан кийин, 12-июль күнү Н. Верёвкиндин отряды Түркстан шаарын басып алды жана 20 километрлүү дубал менен курчалган Ташкентти басып алууга даярдык көрө баштады.



**XIX к. аягында шаардын көрүнүшү**

Бул аскердик кыймылдарга М. Черняев кол башчы дайындалат. 1864-жылдын күзүндө Чымкент шаары ээленип, Жаңы Кокон сызыгынын негизинде колго алынган чептер бириктирилди. Бул доорго келип Раим чебинен Перовский фортуна чейин Сырдарыя, Семипалатинсктен Верный шаарына чейин Сибирь коргонуу сызыгы пайда болду.

*Жыйынтык чыгарабыз!*

- Орус элчилеринин Орто Азия хандыктарындагы иш-аракеттери;
- Акмечит – 1853-жылы, Чымкент, Түркстан – 1864-жылы;
- Жаңы Кокон жана Сибирь коргонуу сызыктарынын пайда болушу;
- Аскердик жортуулдардын баскычтары: 1847–1865, 1865–1868, 1873–1879, 1880–1885.

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Иртыштын жээгине курулган чептер кандай милдет аткарууга тийиш эле?
2. Орто Азияга жиберилген англис элчилеринин максаттары эмне болгон?
3. Россия империясынын Орто Азияны басып алуудан көздөгөн максаттары эмнелерден турган?
4. Орто Азиянын Россия империясы тарабынан басып алынышынын баскычтарын санап бер.
5. Акмечит чебинин басып алынышы жөнүндө сүйлөп бер.
6. Чымкент жана Түркстан шаарларынын басып алынышы жөнүндө сүйлө.

## 7-§. ТАШКЕНТТИН БАСЫП АЛЫНЫШЫ

**Ташкенттин басып алынышынын стратегиялык мааниси**

Ташкент Орто Азиянын саясий, экономикалык, ири административдик жана соода борборлорунан бири эсептелген. XIX кылымдын экинчи жарымында Ташкент шаарынын 12 – Лабзак, Тахтапул, Карасарай, Сагбан, Чыгатай, Көкча, Самарканд, Камолон, Бешягач, Коймас, Кокон, Кашкар дарбазалары болгон. Шаардын ар тарабынан кирүү үчүн курулган бул дарбазалар сакчылар тарабынан көзөмөлгө алынган. Шаарды коргоо үчүн курулган дубалдын ары жагында Кайкавус арыгынын суусу менен толтурулган аңдар болгон. Ташкент төрт – Бешягач, Көкча, Себзар жана Шайхантахур райондоруна бөлүнүп, ар бир район өзүнүн аксакалы тарабынан башкарылган. XIX кылымдын ортолорунда шаардын



Эски шаардын картасы. XX кылым

калкы 80 миңге жакын адамды түзгөн. Ташкент шаарынын басып алынышына падышалык өкмөт олуттуу даярдык көрдү. Анткени Ташкентти ээлөө – Россия империясынын Орто Азиядагы аскердик жортуулдарын кең көлөмдө жана таяныч пункттарына ээ болгон түрдө алып барылышын камсыздаган. Бул шаар Орто Азияны басып алуу үчүн негизги коридор, кошуундардын келечектеги кыймылдары үчүн таяныч пункттун милдетин аткара алган жай эсептелген.

**Шаарга баштапкы чабуул**

1864-жылдын 1-октябрында М. Черняев өзүн падышага жакшы көрсөтүү үчүн тезинен Ташкентти басып алмак болот. Бирок анын бул планы таш капты. М. Черняев 70 тен ашуун жоокерин жоготуп, Чымкентке чегинүүгө аргасыз болду жана жаңы чабуулга даярдык көрө баштады. Ташкентти басып алуу үчүн биринчи урунуштагы жеңилүүдөн кийин М. Черняев жазга чейин даярдык көрдү жана 1865-жылдын апрель айынын аягында орус аскердик кошуундары Ташкентке жакын жерге жайлаштырылды. Негизги аскердик кошуун Ташкент шаарынан 25 км алыстыктагы Чырчык дарыясынын сол жээгинде жайлашкан Ныязбек чебине келип, чепти салгылашуусуз тапшырууну сунуш кылат, бирок чептин коргоочулары терс жооп берип, коргонууга өтөт. Чептин коргоочулары менен басып алуучулардын аскердик күчтөрү ортосундагы айырма аябай чоң болчу. Чеп токтоосуз түрдө замбиректерден окко тутулуп, анын дубалдары бузуп ташталды. Дубалдардын бузулган жерлеринен баскынчылар чепке кирип, аны ээлеп алууга жетишет. Натыйжада, Ташкент дарбазасы деп аталган Ныязбек чеби душмандын колуна өттү. Чептин басып алынышы М. Черняевге Ташкентти суу менен камсыздоону токтотуу мүмкүнчүлүгүн берди. Анын буйругу менен Ташкент шаарынын калкын ичилүүчү суу менен камсыз кылган Чырчык дарыясындагы суу дамбасы бузуп салынат.


**Ташкент. Эски шаар. XIX кылым**

**Шаардын ээлениши**

М. Черняев жетектеген баскынчылар 1865-жылдын май айында тикеден-тике Ташкентке чабуул баштады. Ташкентти коргоодо шаардын күчтөрү менен Кокон хандыгынын кошуундары амирлашкер Алымкулдун башчылыгында каршылык көрсөттү. Аёосуз салгылашуулар болуп, анда Алымкулдун жараланып, курман болушу шаардын коргоочуларын

дүрбөлөңгө түшүрдү. Коргоочулардын жеке кол башчысыз калышы баскынчылардын үстөмдүк кылышына алып келди. Ташкентти коргоо үчүн Бухара амирлигинен кечигип келген кошуундардан пайда болгон жок. М. Черняевдин кошуундары Камолон дарбазасынын алдынан дубалды бузуп шаарга кирет. Аларга ташкенттик сарбаздар жана калк шаардын ар бир мааласинин көчөсүндө түзүлгөн тосмолордо катуу каршылык көрсөттү. Негизги салгылашуу Камолон дарбазасынан Хадрадагы борбордук базарга алып барган көчөдө болуп, орус кошуундары төрт замбирек коргогон тосмодон өтө алышпады. Бирок М. Черняев кошуунунун бир бөлүгү бул убакытта шаардын чебин ээлеп, ошол жерден шаардын ичин замбиректерден окко тутат. Чептин коргоочулары шаарды окко тутулушунан сактоо максатында чепке өрт коюшат. Муну менен чептен орус кошуундарын чыгып кетүүгө аргасыз кылышат.



**Ташкент дарбазаларынын символикалык ачкычтары**

М. Черняевдин кошуундары эртең менен дагы кайрадан салгылашууну баштап жиберди. Шаар өрттүн ичинде калды. Суу жолдорунун тосуп коюлгандыгы өрттү өз убагында өчүрүүгө мүмкүнчүлүк бербеди.

Шаар куралдын күчү менен ээлеп алынгандан кийин, М. Черняев 17-июнда Бешягач, Көкча, Себзар жана Шайхантахур райондорунун аксакалдарын чакырды. Сүйлөшүүлөрдө Ташкенттин казыкаланы Акимкожо, Абдурахман эшен, Салыхбек датка сыяктуу шаардын абройлуу адамдары катышты. М. Черняев эл аралык деңгээлде өзүнүн кыймыл-аракеттерин актоо максатында Ташкенттин көңүлдүү түрдө тапшырылгандыгы жана калктын тынчтыгы үчүн ташкенттиктердин өздөрү Россиянын аскерлерин алып келгендиги жөнүндө императордун атына кат жазышын талап кылат. Аксакалдардан 9 у шаарды «көңүлдүү түрдө тапшыруу» жөнүндөгү келишимге кол коюуга аргасыз болот. Дүйнөнүн эли бул каттын мазмунан кабар табышы үчүн империя тарабынан бардык иш-чаралар көрүлгөн болчу. Мындай жалган каттын жазылышына каршы болгон Салыхбек датка, Абулкасым эшен, Акимкожо сыяктуу мекенчилдер Сибирге сүргүнгө айдалган. Ошентип, Ташкент падышалык өкмөттүн тескөөсүнө өтүп, Түркстан өлкөсүнүн аскердик, саясий жана административдик борборуна айландырылды.



http://eduportal.uz

Аскердик баскынчылык жортуулдарынын натыйжасында басып алынган аймактарда Түркстан вилаяты түзүлүп, ага кошуундун кол башчысы, генерал-майор М. Г. Черняев губернатор кылып дайындалды. 1865-жылдын 6-августунда кабыл алынган «Түркстан вилаятын башкаруу жөнүндөгү Убактылуу Устав» боюнча вилаятта аскерлештирилген башкаруу тартиптери орнотулду. Минтип вилаят бөлүмдөрүнүн аскердик негизде түзүлүшүнөн максат падышалык өкмөттүн келечектеги аскердик пландарынын ишке ашырышында таяныч административдик аймактын милдетин аткарышы көздө тутулган болчу.

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- 12 дарбаза, 80 миң калк, 4 район.
- 1864-жылдын 1-октябрь – Черняевдин биринчи чабуулу, Ныязбек чебинин ээлениши, 1865-жыл – Ташкенттин ээлениши.
- 1865-жылы Оренбург генерал-губернаторлугунун курамында Түркстан вилаяты түзүлдү. Ага М. Черняев аскердик губернатор кылып дайындалды.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Ультиматум** – (латинче – *соңку, акыркы)* – кандайдыр маселе боюнча бир мамлекет өкмөтүнүн башка мамлекеттин өкмөтүнө баян кылган, эч кандай наразылыкка орун калтырбаган катуу талабы.
**Падышалык Россия** – *(Царская Россия)* – орус тилинде падыша «царь» деп айтылат.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. «Эски шаардын картасына» карап, шаардын түзүлүшүн сүрөттөп бер.
2. Россия империясынын Ташкентти ээлөөдөн максаты эмне болгон?
3. Ташкентти коргоо жөнүндө сүйлөп бер.
4. Жергиликтүү калк баскынчылыкка каршы кандай кыймылдар жасаган?

## 8-§. ТҮРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУНУН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Түркстан өлкөсүндө колонизатордук башкаруунун орнотулушу**

Орто Азияны өзүнүн колониясына айландыруу максатында падышалык өкмөттүн жасаган аскердик баскынчылык жортуулдары натыйжасында анын чоң аймактары басып алынды. Жоготуулар жана бүлүнүүлөргө карабастан, император Александр II нин буйругу менен кезектеги аскердик пландарды ишке ашыруу улантылды.



http://eduportal.uz

1865-жылы түзүлгөн Түркстан вилаяты Орто Азиядагы аскердик кыймылдарды улантууда аскердик борбор иретиндеги ролун аткарды. Кезектеги милдет басып алынган аймактарда падышалык өкмөттүн бийлигин чыңдоо, туруктуу башкаруу жана административдик аймактык бирдиктерди түзүүдөн турган. Бул максаттарды ишке ашыруу үчүн Орто Азиядагы басып алынган жерлерди өз ичине алган административдик-башкаруу аймагын, башкача айтканда өз алдынча генерал-губернаторлукту түзүүгө киришилди. Мунун себеби Орто Азиянын Оренбург генерал-губернаторлугунан алыста жайлашкандыгы болсо, башка дагы бир себеби келечекте басып алына турган Орто Азиянын калган жерлерин да бириктирүү эле. Бул аймактардын империянын курамында дагы бир генерал-губернаторлук түзүү үчүн калкы менен аймагы туура келген. Ошону менен бирге Орто Азияда өз алдынча генерал-губернаторлукту түзүү аркылуу анын табигый-географиялык, улуттук жана жашоо мүнөзү сыяктуу өзгөчөлүктөрүн империянын кызыкчылыктарына ар тараптан шайкеш келтирүү эле.

1867-жылы Орто Азиянын басып алынган аймактарын камтыган Түркстан генерал-губернаторлугу жана Түркстан аскердик округу түзүлдү. 1847-жылдан баштап аскердик баскынчылык жортуулдарда катышкан бардык аскердик бөлүктөр анын курамына киргизилди. Бул доордо Түркстан аскердик округундагы аскерлердин саны 40 миң адамдан турган. Ташкент шаары генерал-губернаторлуктун борбору кылып белгиленди. Ал ыңгайлуу географиялык орунда жайлашкан болуп, аскердик, саясий, стратегиялык максаттарды ишке ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөргө ээ эле.


К. П. Кауфман

Түркстандын генерал-губернатору өлкөдө жайлашкан аскердик кошуундардын кол башчысы, Жетисуу казактарынын кол башчысы жана ошону менен бирге башкы сот да эсептелген. Түркстан генерал-губернаторлугуна 1867-жылы Россия императорунун буйругу менен генерал-адъютант Константин Петрович фон Кауфман (1867–1881) дайындалат. Ал ошол эле учурда Түркстан аскердик округунун кол башчысы да эле.

**Жаңы административдик аймактардын түзүлүшү**

Түркстан генерал-губернаторлугу Түркстан вилаятын жана Семипалатинск вилаятынын түштүк бөлүгүн да өзүндө камтыды. Баштап Түркстан генерал-губернаторлугу административдик жактан эки вилаят: Сыр-

**Түркстан генерал-губернаторлугунун борбордук башкаруусу**




дарыя (борбору – Ташкент) жана Жетисуу (борбору – Верный) вилаяттарына бөлүнгөн. Сырдарыя вилаятынын аймагына, негизинен, 1865-жылы түзүлгөн. Түркстан вилаятына таандык жерлер менен Кокон хандыгынын басып алынган түндүк аймактары кирген. Жетисуу вилаяты болсо Семипалатинск вилаятынын Сергиополь, Копал жана Алатавск округунун жерлери менен мурдагы Түркстан вилаятынын бир бөлүгүнөн түзүлдү. Кийинчерээк, басып алынган жерлер эсебине төмөнкү административдик-аймактык бирдиктер: 1868-жылы Бухара амирлигине караштуу жерлерде Зарафшан округу (борбору – Самарканд), 1873-жылы Хива хандыгына караштуу аймактарда Амударыя бөлүмү (борбору – Петро-Александровск; азыркы Төрткөл); 1876-жылы Фергана вилаяты (борбору – Жаңы Маргылан, кийинчерээк Скобелев – азыркы Фергана шаары), 1881-жылы Каспий арты вилаяты (борбору – Ашгабад шаары) түзүлгөн.

Түркстан өлкөсүндөгү вилаяттардын аймактары чоң эле. Алардын аянты Россиянын Европа бөлүгүндөгү кээ бир губернияларынын аймагынан да чоң болгон. Алсак, өлкөдөгү вилаяттардын аймактык жактан эң кичинеси болгон Самарканд вилаятынын аянты 2000 кв. вёрст (1 вёрст – 1,066 кв. км ге барабар) болуп, ал Саратов губерниясынан, Сырдарыя вилаятынын аймагы болсо, Москва губерниясынан чоң болгон.

Түркстан генерал-губернатору 1867-жылкы «Устав» долбоорунда көрсөтүлгөн укуктардан тышкары, өлкөнү башкарууда жергиликтүү шарттардын келип чыгып, өз алдынча иш жүргүзүүдө чоң укуктарга ээ болгон.

Түркстан өлкөсүндөгү Россия империясынын башка губерния башчыларынан айырмалуу түрдө, саясий, экономикалык, аскердик жана геопо-

http://eduportal.uz

литикалык максаттарын ишке ашырууда К. П. Кауфманга чоң ыйгарым укуктар берилген. Ошондуктан ал эл арасында «жарым падыша» наамын алган.

*Эсте сакта!*



**Түркстан өлкөсүндө Россия империясынын колонизатордук саясаты толук ишке ашырылышы жана бийликтин чыңдалышы үчүн өлкөдөгү баскынчы кызмат адамдарына кеңири ыйгарым укуктар берилди.**

*Өзүңдү сынап көр!*

**Кауфман ... жылы Түркстан генерал-губернатору болуп дайындалды. Амударыя бөлүмү ... түзүлдү. Түркстан генерал-губернаторлугунун борбору – ...**

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Түркстан вилаяты эмне үчүн аскердик негизде түзүлгөн?
2. Түркстан вилаяты эмне себептен Түркстан генерал-губернаторлугуна айландырылды?
3. Түркстан генерал-губернаторунун ыйгарым укуктары империянын башка генерал-губернаторлорунукунан кандайча айырмаланган?
4. Түркстан генерал-губернаторлугунун аймагы жана башкарылышы жөнүндө эмнелерди билип алдың?

## 9-§. БУХАРА АМИРЛИГИНЕ КАРШЫ АСКЕРДИК КЫЙМЫЛДАРДЫН БАШТАЛЫШЫ

**Бухара амирлигин басып алуунун башталышы**

Ташкент шаары басып алынгандан кийин падышалык өкмөттүн кийинки планы хандыктарды басып алуу эле. Бардык аскердик кыймылдар Ташкент шаарынан туруп уюштурулду жана башкарылды. Ушул максатта, эң мурда, хандыктарды бириктирбестик саясаты жүргүзүлдү. Башкача айтканда, колонизаторлор өздөрүнүн негизги эрежеси эсептелген «Бөлүп сал да, бийлик жүргүз» ураанын иш жүзүнө ашыра башташты.

Падышалык өкмөт Орто Азиядан М. Черняевди Санкт-Петербургга чакырып алды жана анын ордуна Түркстан вилаятынын генерал-губернаторлугуна Ф. Романовскийди дайындады. Ф. Романовский 1866-жылы Бухара амирлигинин Россияга каршы согушка даярданып жаткандыгын шылтоолоп, ага каршы жортуулду баштоого императордон уруксат сурады. Өкмөт



http://eduportal.uz



**Бухара амирлигинин кошуундары**

тарабынан бул сунуш кабыл алынгандан кийин, ал Сырдарыянын ортоңку агымындагы аймактарды ээлөөгө киришти. Биринчи салгылашуу 1866-жылдын 8-майында Эржар айылына жакын жерде болуп, күчтөр аскердик жактан тең болбогондуктан, амирдин кошуундары жеңилип калды. Ф. Романовский Бухаранын кошуунун куугунтуктаганды токтотуп, адегенде Кокон хандыгы менен Бухара амирлигинин ортосунда жайлашкан – Ташкент, Кокон, Балх жана Бухара менен байланыштырган Хожентти карай аракет баштады.

Түркстан вилаяты аскердик губернаторунун кошуундары тарабынан Хожент чеби май айында курчоого алынып, 20 замбиректен окко тутулду. Эртеси күнү таңга чейин курчоо улантылып, андан кийин чабуул башталды. Биринчи чабуул кайтарылгандан кийин, шаар кайра окко тутулду. Шаарды курчоо жана окко тутуу эки күнгө созулду. Баскынчыларга каршы шаардын коргоочулары ар бир карыч жер үчүн эр жүрөктүк менен салгылашты. Бирок аскердик техника жана сан жагынан үстөмдүк кылган орус кошуундары 24-майдын түнүнө барып коргоону жарып өтүштү. Шаардын көчөлөрүндө көптөгөн коргоочулар менен тынч жашаган калктын сөөктөрү, ойрондолгон үйлөр калды.

**Ородөбө менен Жызак үчүн салгылашуу**

Түркстан вилаятынын губернатору Ф. Романовскийге Оренбургдун генерал-губернатору Н. Крижановский тарабынан аскердик аракеттерди Кокон хандыгына каршы багыттоо жөнүндө көрсөтмө берилди. Россия империясынын Орто Азиядагы аскердик кыймылдарынын планы боюнча, Кокон хандыгынын тагдыры 1866-жылы эле чечилип, Хожентте Коконго каршы бардык нерсе даяр абалга келтирилген болчу. Жортуулга башчылык кылуу үчүн Крижановскийдин өзү келди. Ал Бухара амиринин элчиси менен келишим түзүү боюнча жолугушуп, 10 күндүн ичинде 100 миң рубль кун төлөөнү талап кылды. Белгиленген мөөнөт бүткөндөн кийин, Н. Крижановский Бухара амиринин талапты аткарбагандыгын шылтоолоп, өзүнүн кошуундарына Бухара амирлигине каршы чабуул баштоого буйрук берди.

1866-жылдын күзүндө 6 миң жөө аскер, 500 казак, 28 замбирек, 600 араба жана 800 төөдөн турган аскердик кошуун Ородөбөнү карай аракеттерин баштады. Буга Коконго каршы даярдап коюлган күчтөр да кошулду. Романовскийдин аскердик-унаа кербени Ородөбөгө жетип баргандан кийин, шаар үч күн замбиректерден окко тутулду. Ошондон кийин танга жуук чабуулга өтүлдү. Шаардын калкы баскынчыларга эр жүрөктүүлүк менен кар-

шылык көрсөттү. Ородөбө замбиректерден окко тутулгандыгы натыйжасында ойрондолуп, душман тарабынан ээленди. Чабуулдун натыйжасында 2 миңден көбүрөөк калк курман болду.

Россия империясынын аскердик кошуундарынын Ородөбөнү ээлегенден кийинки, 12-октябрдагы кезектеги кыймылы Жызакка багытталды. Тынымсыз атышуулардын натыйжасында шаардын дубалдары ойрондолуп, эки суткага созулган салгылашуудан кийин 1866-жылдын 18-октябрында Жызак шаары да падышалык өкмөттүн колуна өттү. Аны басып алуу үчүн болгон салгылашууда эки жактан болуп 6 миңден көбүрөөк адам курман болду. Бул шаарды коргоого Бухара амирлигинен жардамга чыккан күчтөр кечигип келди. Алар коргоочуларга эч кандай жардам бере алышпастан кайра тартышты. Падышалык өкмөт Жызакта 3 миң аскер, 300 казак жана 12 замбиректен турган аскердик күчүн калтырды. 1864–1866-жылдарда басып алынган аймактарды өз ичине алган Сырдарыя вилаяты түзүлдү.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Эржар – …**
**1864–1866-жылдарда – …**
**1866-жылы – …**
**Н. Крижановский – …**

***Терминдердин түшүндүрмөсү***

**Казак** – Орус өлкөсүндө орто кылымдарда крепостной дыйкандар арасынан элетке качып барып, боштондукка чыккан адамдардан түзүлгөн кошуун.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Россия империясынын Бухара амирлигине каршы жортуулуна шылтоо болгон фактор кайсы эле?
2. Жызактын басып алынышын кандай түшүндүрөсүң?
3. Хожент жана Ородөбө шаарларынын баш ийдирилиши жөнүндө эмнелерди билип алдың?
4. Картадан 1864–1866-жылдарда басып алынган аймактарды көрсөт.

## 10-§. БУХАРА АМИРЛИГИНИН ҮСТҮНӨН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ ПРОТЕКТОРАТЫНЫН ОРНОТУЛУШУ

**Самарканд үчүн салгылашуу**

Түркстан генерал-губернатору фон Кауфман Орто Азияны басып алууну Бухара амирлигин колго алуу аркылуу улантууну чечти. Амириктин аскердик



http://eduportal.uz



**Самарканддын борбордук көчөсү. XIX к.**

күчү Кокон хандыгы менен токтоосуз жүргөн согуштар, ички чырлар, заманбап аскердик техникада артта калуунун натыйжасында алсызданган эле. Фон Кауфман Бухара амирлигинин чек араларын үйрөнүп чыгып, амир Музаффарга чек аранын Россиянын мүлкү пайдасына өзгөртүлгөн жаңы долбоорун бекитүүнү сунуш кылды. Амир бул келишимге кол коюудан баш тартты. Анда Кауфман аны генерал-губернаторлуктун чек араларына бастырып кирүүгө даярдык көрүп жаткандыкта күнөөлөп, 4 миңден ашуун кошуун менен 1868-жылдын апрелинде Самаркандды басып алууга киришти. Бирок К. П. Кауфмандын амир Музаффар кошуунун Самаркандка чогулткан, деген божомолу далилин таппады.

Бул мезгилде Бухаранын кошуундары Чопоната дөңсөөсүнө орношуп алган болчу. 1868-жылдын 1-майында Кауфман дөңсөөгө чабуул баштады. Россия империясынын кошуундары Бухаранын жоокерлери мылтык жана замбиректен тынымсыз окко тутуп турганына карабастан, суу кечип Чопоната дөңсөөсүнө көтөрүлдү. Натыйжада, Бухаранын жоокерлери чегинүүгө аргасыз болду. Ошентип амир кошуунунун алдыңкы бөлүгү талкаланды. Андан кийин Зиребулак дөңсөөсүндө экинчи салгылашуу болуп өттү. Канчалык каршылык көрсөтсө да, Бухара амиринин кошууну дагы жеңилди жана падышанын кошуундары Самаркандга салгылашуусуз кирип барды. К. П. Кауфман Самарканд бектигин Россияга берүү, «аскердик сарптарды» төлөө жана 1865-жылдан кийинки Түркстан өлкөсүндө колго алынган бардык нерселерди Россиянын мүлкү деп таануу шарты менен келишим түзүүнү сунуштап, амир Музаффарга кат жөнөттү, бирок амирден жооп болгон жок.

Россия империясынын Орто Азияда ишке ашырган баскынчылык жортуулдарына амирлик жана хандыктардын аскердик кошуундары гана эмес, жергиликтүү калктын өкүлдөрү да катуу каршылык көрсөттү. Мисалы, Бухара амирлигине каршы Кауфмандын аскердик жортуулдары учурунда Үргүт шаарында жергиликтүү калк падышалык өкмөттүн кошуундарына каршы күрөш алып барды. К. П. Кауфман генерал Абрамовду кошуун менен Үргүткө жиберип, шаардын багынуусун сунуш кылды. Бирок бул сунуш жергиликтүү калк тарабынан четке кагылды. Эки жактын ортосундагы кагылышууда жергиликтүү калк эр жүрөктүүлүк менен салгылашты. Замбиректерден атылган октор башка жерлердеги сыяктуу Үргүттө да пады-

шалык өкмөттүн аскердик үстөмдүгүн камсыз кылды. Натыйжада шаардын чеби баскынчылар тарабынан ээленди. Падышалык өкмөттүн кошуундары Үргүттөн кийин Каттакоргон шаарын басып алууга киришти.

Россия империясынын баскынчылыгына каршы Китабдын акими Жоробек менен Шахрисабздин акими Бабабектин башчылыгында Самаркандда күрөш жүргүзүлдү. Бул эки элдик кыймылдын жетекчилери өздөрүнүн кошууну менен 1868-жылдын 2-июнунда самарканддык көтөрүлүшчүлөр менен бирге империя кошуундарынын гарнизону жайлашкан шаардын чебине чабуул жасашты. Курчоодо калган кошуун жардам сурап Кауфманга чабарман жөнөтөт. 6-июнда аларга жардамчы күчтөр жиберилди. Чепти ээлөө үчүн 4-июндан 7-июнга чейин чечкиндүү салгылашуулар улантылды. Анда эки жактан тең көптөгөн жоготуулар болду. 8-июнда курчоодо калгандарга Кауфмандын аскердик күчтөрү жетип келди, ошондон кийин элдик коргоочулар Самарканддан чыгып, тоону беттей чегинүүгө аргасыз болот.

**Бухара амирлигинин Россия протекторатына айландырылышы**

Падышалык өкмөт тарабынан жаңы басып алынган аймактарда Самарканд жана Каттакоргон бөлүмдөрүнөн турган Зарафшан округу түзүлдү. Ага генерал Абрамов башчы кылып дайындалды. Зиребулак салгылашуусунан кийин Амир Музаффар Кауфмандын Түркстан генерал-губернаторлугу ортосундагы жаңы чек аралар жөнүндөгү сунушун кабыл алууга аргасыз болду. Ушуну менен Россия империясынын баскынчылык жортуулдарынын экинчи баскычы аягына чыкты.

Фон Кауфман 1868-жылдын 28-июнунда Самаркандда амир Музаффар менен Бухара амирлигин Россия империясынын вассалына айландырган келишимге кол койду. Анда согуштун башталышына амир күнөөлүү экендиги, түбөлүктүү достук белгиси иретинде орус кошуундарынын аскердик сарптары үчүн 500 миң рубль төлөнүшү макулданды. Келишим боюнча, басып алынган Ташкенттен Самаркандга чейинки бардык аймак; Хожент, Ородөбө, Панжикент, Жызак, Самарканд, Каттакоргон шаарлары Россия империясына өттү. Амир өзүнүн тескөөсүндө калган аймактарды башкарууда Түркстан генерал-губернаторунун көрсөтмөлөрүнө баш ийүү милдеттенмесин алды. Саясий көз каранды экендиги



Бабабек – Шахрисабздин акими Жоробек – Китабдын акими

үчүн тарыхчылар тарабынан Бухаранын өкүмдары вассал деп да айтылат. Россиялык соодагерлерге соода агенттиктерин түзүүгө уруксат берилди, товарлардан алынган бажы анын жалпы санынын 2,5 пайызынан ашпастыгы белгиленип, алар амирликтин аймагынан каалагандай башка өлкөлөргө эркин өтүү укугун алышты.

Бул келишим амирликти кордогон, аны укуксуздукка жана кедейликке кабылткан шерменделүү келишим болду. Амирдин багынма саясатынан наразы күчтөр өздөрүнүн кыймылдарын башташты. Калк колдогон Амир Музаффардин чоң уулу Абдумалик төрө, Жоробек жана Бабабек башчылыгындагы элдик кошуун Самаркандды боштондукка чыгаруу үчүн күрөшүн улантышты. Алар Амир Музаффардин тактан түшүрүлгөнүн жана Абдумалик төрө амир болуп дайындалганын жарыялашты. Элдик кошуун баштап Шахрисабзди, андан кийин Каршы жана Кармана шаарларын өз колдоруна алышты. Түркстан генерал-губернатору Кауфман тарабынан бул кыймылдарды бастыруу үчүн И. Ф. Абрамов башчылыгындагы кошуун жиберилди. Заманбап куралдары болбогондуктан, көтөрүлүшчүлөр ээлеп алган аймактарынан бир-бирден сүрүп чыгарыла башталды. Натыйжада Абдумалик төрө Хива хандыгынын аймагына, андан Ооганстанга өтүп кетет. Ооган амири Шералихан Англия менен боло турган согушта Россияга таянышын пландаштыргандыктан, ага жардам бербеди. Эч жерден жардам ала албаган Абдумалик төрө Индияга кетет жана ошол жерде 1909-жылы кайтыш кылат. Ошентип, Россия империясынын Орто Азиядагы баскынчылык согушунун экинчи баскычы Самарканддын ээлениши жана Бухара амирлигинин Россия империясынын протекторатына айланышы менен аяктады.

**1873-жылдагы келишим**

Россия империясы Бухара менен 1873-жылы амирликте өзүнүн өкүлүн дайындоо укугун берген жаңы келишимге кол койду. Өкүлдүн макулдугусуз амирлик эч кандай ички жана тышкы саясий маселени чече албай турган болду. Келишимдин 14-статьясында «Ким экендигине карабастан, Россия өкмөтүнөн уруксаты болбогон адамдарды Бухара өкмөтү кабыл албайт», деп көрсөтүлгөн. Келишим боюнча ар күнү эртең менен кошбеги өкүлдөн керектүү көрсөтмөлөрдү алып, амирге жеткирүүгө тийиш болгон. Амир болгону бул документтерди расмий түрдө бекиткен. П. Лессар Россия империясынын Бухара амирлигиндеги биринчи өкүлү болуп дайындалды.



**Бухара амиринин сарайы (Каган)**

Өкүлдү Бухаранын иш жүзүндөгү губернатору деб эсептөөгө болгон. Ал Бухарадан 15 км алыстагы Каган шаарында резиденциясын ачты. Падышалык өкмөт Бухараны толугу менен империяга кошуп албастан, өлкөнү амир аркылуу башкарууну оң көрдү. Натыйжада Бухаранын амирин өзүнүн таасир чегине киргизип, андан өз кызыкчылыктары жолунда пайдаланды.

1869–1870-жылдарда Россия империясынын Тышкы иштер министрлиги Англия жана Ооганстан менен Орто Азиядагы чек араларды белгилөө жөнүндө сүйлөшүүлөр жүргүздү. Мында чек ара Амударыяны жээктей Панж районунан жүргүзүлүшүнө келишилди. Түркмөнстан менен Ирандын ортосундагы чек ара 1881-жылдын 10-декабрында шах менен Тегерандагы Россиянын элчиси кол койгон жашырын келишимде белгиленди. 1885–1887-жылдагы сүйлөшүүлөрдүн натыйжасында чек араларды белгилөө боюнча англис-орус комиссиясы Россия империясынын Орто Азиядагы Бухара амирлигинин жерлери менен Ооганстандын ортосундагы чек ара сызыгын белгилөөнү аягына чыгарды.

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- 1868-жылы Бухара амирлиги Россия империясынын протекторатына айланды.
- Зарафшан оазиси Россия аймагына караштуу Түркстан генерал-губернаторлугуна кошуп алынды.
- Абдумалик төрө, Жоробек жана Бабабектер жетекчилигиндеги элдик кыймылдар.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Протекторат** (латинче – *демөөрчү)* – колониялык мамлекет көз карандылыгынын бир формасы. Мындай мамлекет ички саясатта кыйла көз карандысыз болсо да, анын тышкы саясаты колонизатор мамлекеттин колуна өтөт.

**Төрө** – жогорку катмарга таандык адам. Хива хандыгында хандын туугандары менен жакындарына берилген наам.

**Вассал** – бир мамлекеттин башка бирине баш ийүү тартиби.

### *Суроолор жана тапшырмалар*


1. К. П. Кауфман эмне үчүн Самаркандга жортуул жасады?
2. Зиребулак согушунда амирдин кошуундары эмне үчүн жеңилип калды?
3. Самаркандда элдик кыймылдарга кимдер жетекчилик кылды?
4. 1868-жылдагы келишим боюнча, амирликтин кайсы аймактары Россия империясынын тескөөсүнө өттү?
5. 1873-жылдагы келишимдин маани-маңызын айтып бер.

## 11-§. ХИВА ХАНДЫГЫНЫН ҮСТҮНӨН РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫ ПРОТЕКТОРАТЫНЫН ОРНОТУЛУШУ

**Хива хандыгына каршы аскердик жортуулдардын башталышы**

Россия империясы Орто Азияда баскынчылык менен басып алынган аймактарда баштап бекем орношуп алды. Хива хандыгына каршы жасалчу аскердик жортуулга беш жыл даярдык көрдү. Жортуул үчүн мындай узак даярдык көрүүнүн негизги себеби А. Бекович-Черкасский жетектеген кошуундун жеңилип калгандыгы (1717) болсо, башка себеп 1839-жылы В. Перовский башчылыгындагы кошуундардын Хива хандыгынын чек араларына жетпей, артка кайра тарткандыгы болду. Хандыкты басып алуу Россия империясы үчүн Амударыянын колго алуу эле. Амударыяны ээлөө биринчи кезекте сууга, суу аркылуу соода байланыштарына, дарыянын төмөнкү агымындагы түздүктүн түшүмдүү жерлеринен пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу эле.

Россия империясы тарабынан Орто Азияны басып алуунун үчүнчү баскычында (1873–1879-жж.) Хива хандыгын басып алуу да ишке ашырылды. Чабуул батышта Маңгышлак, түндүктө Оренбург, чыгышта Түркстан жана түштүктө Красноводск сыяктуу төрт аскердик округдан жасалды. Мында 12 миңден ашуун аскер, 4600 жылкы жана 20 миң төөдөн турган кошуун катышкан. Ага К. П. Кауфман башчылык кылды. Көп сандуу бул кошуун 1873-жылдын февралында орношкон жерлери – Ташкент, Оренбург, Маңгышлак жана Красноводсктон дээрлик бир убакытта жолго чыкты. Хива хандыгына алып барган жолдордун жамандыгы, баштап 25 градус суукта, андан кийин 40 градустан жогорку температурада жортуулга чыгуу аябай кыйынга турду. Мындан тышкары, чөлдөрдө 60 градуска чейин куйкалама ысыктын, суусуз талаадагы жолдордун айынан кошуун көздөлгөн жерге жетпей эле катары сейректешип отурду. Кошуундун чоң бөлүгү жолдо ооруга чалдыкты, бир бөлүгү курман болду, бир бөлүгү артка кайра тартты. Хивага 7,5 миң гана адам жетип барды. Красноводск менен Маңгышлактан Хиваны көздөй жолго чыккан кошуун куйкалама ысыктан жана суунун жетишсиздигинен кыйналгандыгы, алдан тайгандыгы себептүү жолдун жарымынан артка кайтууга аргасыз болду. Ташкент, Оренбург багытынан жолго чыккан кошуун гана 1873-жылдын май айында Хива хандыгынын чек араларына жетип келди. Жол кыйынчылыктарынан тышкары аларга жолдо чакан топтор чабуул жасап,



**Падышалык кошуун Хиванын босогосунда**

алын куруткан. Ошонтсе да, Россия империясынын кошууну менен Хива хандыгынын кошууну ортосунда май айында Хазарасп чебине, Коңурат, Хожейли, Маңгыт шаарлары менен Хива шаарына жакын жерде салгылашуулар болду. Жактар күчтөрүнүн тең эместигине, чоң жоготууларга карабастан, хивалыктарга караганда падышалык өкмөттүн кошуундары мыкты куралдангандыгы себептүү, шаардын коргоочулары жеңилип калды.

1873-жылы майдын ортолоруна келип колонизатордук өкмөттүн негизги кошууну Хивага жетип келди. Хивага жасалган биринчи чабуул коргоочулар тарабынан кайтарылат. Чабуулга жетекчилик кылган генерал Верёвкин жараланат. Падышалык өкмөттүн кошуундары чоң жоготууга кабылгандыктан, К. П. Кауфмандын башчылыгындагы күчтөрдү күтүүгө аргасыз болду.

Хивага жетип келген К. П. Кауфмандын башчылыгындагы кошуун кайра шаарга чабуул жасады. Бирок бул жолу да падышалык өкмөттүн кошуундары шаарды ээлей албады. 29-май күнү шаардын Хазарасп дарбазасынын душмандарга ачып берилиши шаардын ээленишине алып келди. Ошондон кийин Кауфман сүйлөшүү жүргүзүү жолун тандады.

**Гандимиён келишими**

К. П. Кауфман Хиваны басып алгандан кийин хандын казнасын *контрибуция* (кун) эсебине конфискация кылып, казна менен бирге байыркы кол жазмаларды, хандын такты менен таажысын, тыйын сокчу тамгасын, коңурат династиясынын хандары бийлигинин символдорун Санкт-Петербургга жөнөттү. К. П. Кауфман Хиваны ээлегенден кийин Хива хандыгы менен сүйлөшүүлөр жүргүзүү үчүн Гандимиён кыштагындагы резиденциясына барды. Ал сунуш кылган келишимге Хиванын ханы Мухаммад Рахимхан II 1873-жылдын 12-августунда кол коюуга аргасыз болду. Бул келишим Хиванын ханы Россия империясынын карамагына өткөндүгүн билдирет болчу. Келишимдин биринчи статьясында «Сайид Рахим Бахадырхан өзүн Бүткүл Россия императорунун берилген кызматчысы деп тааныйт. Ал кошуна өкүмдарлар жана хандар менен ар кандай түздөн-түз достук мамилелерден жана алар менен кандайдыр соода же башка келишимдер түзүүдөн баш тартат, ошондой эле Россиянын Орто Азиядагы жогорку бийлигинин уруксатысыз аларга каршы эч кандай согуштук аракеттерди жасабайт», деп жазып коюлган эле. Муну менен Хиванын ханы көз карандысыз түрдө тышкы дүйнө, ал тургай жакынкы кошуналары менен да байланыш жасоо мүмкүнчүлүгүнөн ажырады. Алар менен Россия империясынын макулдугу болгондо гана байланышчу болду.


**Гандимиён келишимине кол коюу**



**Хива хандыгында базар**

Хива хандыгына караштуу Амударыянын оң жээги, ага жанаша жаткан жерлердин бардыгы ошол жерлерде жашаган отуруктуу жана көчмөн калкы менен кошо хандын тескөөсүнөн чыкты. Амударыяны бойлой эркин аракеттенүү үчүн Россиянын кемелерине чоң укук берилди. Россиянын соодагерлери жана алардын товарлары үчүн хан жана жергиликтүү акимдер жооптуу саналчу болду. Россиянын соодагерлери хандыкта эркин жүрүү, бажы төлөбөстөн соода жүргүзүү укугуна ээ болушту.

Гандимиён келишиминде «Амударыянын сол жээгиндеги орустар үчүн зарыл жана ыңгайлуу болгон жерге алар өздөрүнүн *пристандарын* куруу укугуна ээ. Хандык бул пристандардын сакталышы жана коопсуздугу үчүн жооптуу. Пристандар үчүн жердин тандалышы Орто Азиядагы орус жогорку бийлигинин макулдугунан көз каранды», – деп көрсөтүп коюлду.

Хива хандыгы 2 миллион 200 миң рубль өлчөмүндөгү кунду 20 жылдын ичинде төлөөсү керектиги белгиленди. Хандыктын казнасында жетиштүү деңгээлде акча болбогондуктан, бул кун калктан чогултула турган болду.

Гандимиён келишими Хива хандыгын Россия империясына көз каранды экендигин, хандын мамлекет башчысы иретинде башка мамлекетке баш ийгендигин көрсөткөн документ болду. Келишим хандыктын калкын өтө оор абалга салып койду. Кун менен бирге жаңы салык жана милдеттенмелерди төлөө элдин чегине түштү. Ал тургай, хандык аймагынын үч эсе кыскарышы, хандыктын мамлекет иретинде аталышы гана бар экендигин, чындыгында, өз алдынчалыгын жоготкон вассал мамлекетке айланганын көрсөттү.

## *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Контрибуция** – жеңилген мамлекеттин жеңген мамлекеттин пайдасына төлөмү.

**Пристань** (орусча – *келип токтоо)* – дарыялардын жээгинде кайыктар, кемелер токтогон, атайын жабдылган жер.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Хандыктын басып алынышындагы баштапкы аракеттер жөнүндө сүйлө.

**2.** Хивага каршы К. П. Кауфман эмне үчүн көпкө даярдык көрдү?

**3.** Хивага каршы жортуул кандай уюштурулду?

**4.** Гандимиён келишими Хива хандыгынын абалына кандай таасирин тийгизди?

## 12-§. КОКОН ХАНДЫГЫНЫН БАСЫП АЛЫНЫШЫ

**Кокон хандыгындагы ички наааразычылыктардын күчөшү**

Россия империясы XIX кылымдын 50–60-жылдарында аскердик баскынчылык жолу менен Кокон хандыгы аймагынын бир бөлүгүн басып алды. К. П. Кауфман хандыктын калган аймактарына да өзүнүн таасирин тийгизүү максатында 1868-жылы хан менен келишим түзөт. Келишим боюнча, хандыкта Россиянын соодагерлерине чоң мүмкүнчүлүктөр берилди. Бул доордо хандыктын жерлери кыйла кыскарып, казнага түшчү кирешелер азайды. Согуштун натыйжасында көрүлгөн зыяндар элдик массанын чегине түштү, салык менен милдеттенмелер көбөйдү. Мунун натыйжасында хандыкта ички карама-каршылыктар, элдик нааразылыктар күчөдү.

XIX кылымдын 70-жылдарында Кокон хандыгында көптөгөн көтөрүлүштөр болду. Алардан бири 1875-жылдын жазында күчөп, ага Молдо Исхак Молдо Асан уулу "Болотхан" ысымы менен жетекчилик кылды. Кокондун өкүмдары Кудаярхан көтөрүлүштү бастыруу үчүн Абдуракман Аптабачы, Иса Олуялар башчылыгында кошуун жиберди. Бирок алар 17-июлда көтөрүлүшчүлөр жакка өтүп кетишти. Кудаярхандын уулу Насриддинбек да көтөрүлүшчүлөргө кошулгандан кийин, 20-июлда Кудаярхан Кауфмандан жардам суроого аргасыз болду. Анын иниси менен экинчи уулу да көтөрүлүшчүлөр жакка өтүп кеткенден кийин, хан Ташкентке качат. Аны К. П. Кауфман Оренбургга жөнөтөт. Ошондон кийин Кудаярхан Оренбургдан Индия аркылуу Меккеге барат жана кайра тартканда ооруга чалдыгып, 1882-жылы Ооганстанда кайтыш кылды.



**Кокондун кошуундары**

Кудаярхандан кийин такка Насриддинбек отурду. Такты ээлөөгө аракет жасаган Болотхан Насриддинбек менен Абдуракман Аптабачыга каршы болуп калды. Кокон хандыгында саясий жагдай кескинделип, көтөрүлүш бүткүл өрөөндү өз кучагына алды. Колонизатордук өкмөт көтөрүлүшчүлөргө каршы чоң аскердик күчтөрүн жиберген. Салгылашуулар өтө курчуган мезгилде Насриддинбек коркуп, 1875-жылдын



**М. Д. Скобелев**

http://eduportal.uz

22-сентябрында багынды жана фон Кауфман менен келишимге кол койду. Анда өзүн императордун «берилген кулу» деп тааныганы, тышкы саясатта эч кандай келишим түзө албастыгы, эки миллион рубль кун төлөшү, Сырдарыянын оң жээгиндеги жерлер – Наманган менен Чуст Россиянын карамагына өткөндүгү белгиленген эле. Бул жерлерде түзүлгөн Наманган бөлүмүнө генерал М. Скобелев жетекчи кылып дайындалат.

Насриддинбек кол койгон келишимден наразы болгон калк көтөрүлүш чыгарат. Болотханды жактоочулардын саны көбөйөт жана мунун натыйжасында ал Насриддинбекти кысып чыгарып, бийликти өз колуна алды.

**Андижанга уюштурулган чабуул**

Болотхандын көтөрүлүшүнүн күчөп кетишинен чочулаган колонизатордук өкмөт аларды жок кылуу үчүн Андижанга чабуул жасайт. Анткени көтөрүлүшчүлөрдүн негизги күчтөрү ошол жерде жайлашкан болчу.

Генерал М. Скобелев башчылыгындагы чабуул 1875-жылдын октябрь айынын башында башталды. Шаар күнү бою замбиректерден окко тутулду.




**Кокондун ханы Кудаярхан**

Андижандын калкы коргонуу салгылашууларында шаардын ар бир карыч жери үчүн жанын берип күрөштү. М. Скобелев жетектеген кошуундун баштапкы урунуштары олуттуу каршылыкка туш болду. Ошондон кийин падышалык өкмөттүн кошуундары бардык имарат жана үйлөргө өрт коюп, шаарды өрттүн ичинде калтырды. Шаар токтоосуз түрдө артиллериядан окко тутулуп турду. Бул шаардын коргоочуларын оор абалга салып койду. Үч саатка созулган токтоосуз окко тутуудан кийин, түнкүсүн падышалык өкмөттүн кошуундары шаарга кайра чабуул жасады. Бирок бул чабуул да натыйжа бербеди. Таң заардан баштап кайра замбиректерден күн бою ок жаадырылды. Бирок шаарды коргоочулардын каршы чабуулга өтүшү падышалык кошуундарды чегинүүгө аргасыз кылды. Шаар 1876-жылдын январында уюштурулган экинчи чабуулдун натыйжасында кыйынчылык менен ээленди.

**Намангандын басып алынышы**

Россия империясынын М. Скобелев жетектеген кошуундары 1875-жылдын 18-октябрында Наманганга орношуп, К. П. Кауфмандын аскердик күчтөрүнө кошулду. Колонизатордук кошуундарга каршы кыймылдар Наманганда бир айга созулду. Шаарды боштондукка чыгаруу үчүн жакынкы айылдардан кошумча күчтөр келди. Ошентсе да падышалык кошуундар тарабынан шаардын жарымы колго алынды. Падышалык өкмөттүн аскердик кошууну үч күн бою шаардын чебинде турду. Эки жактын ортосундагы салгылашуулар

http://eduportal.uz




**Орто Азия XIX кылымдын аягында**

1876-жылдын январь айынын аягына чейин созулду. Генерал М. Скобелев жетектеген кошуун февраль айына келип гана аскердик куралдын үстөмдүгү менен жеңишке жетишти. Болотхан жана анын жактоочулары өлтүрүлдү.

1876-жылдын 19-февралында падышалык өкмөттүн Кокон хандыгы жоюлгандыгы жөнүндөгү указы жарыяланды. Ошентип, Кокон хандыгынын ордунда Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген Фергана вилаяты түзүлдү. Вилаятка Кокон хандыгын басып алуудагы аскердик жортуулдарга жетекчилик кылган М. Скобелев аскердик губернатор кылып дайындалды.

XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын Орто Азияда жүргүзгөн баскынчылык жортуулдары натыйжасында Кокон хандыгы Бухара жана Хива мамлекеттеринен айырмалуу түрдө мамлекет иретинде таптакыр жоюлду. Анын ордунда жергиликтүү калктын кылымдар бою калыптанган салттык жашоо мүнөзүнө шайкеш административдик башкаруу системасы жана аймактык бирдиктери жоюлуп, империянын кызыкчылыктарына оң келген жана жергиликтүү калкты башкаруу үчүн колонизатордук администрацияга ыңгайлуу жаңы башкаруу системасы орнотулду.

Фергана өрөөнүнүн баш ийдирилиши менен Россия империясынын Орто Азияга баскынчылык жортуулунун үчүнчү баскычы (1873–1879) аягына чыкты. Бул жортуулдардын натыйжасында Орто Азиянын чоң аймагы басып алынып, Россия империясынын колониясына айландырылды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Орто Азияга Россия империясы баскынчылыгынын ... жылдарда үчүнчү баскычы болду. М. Д. Скобелев – ...**

**Түркмөндөрдүн баш ийдирилиши**

Орто Азияны басып алуунун төртүнчү баскычы Амударыя менен Капетдагдын ортосундагы Каракум чөлдөрүндөгү түркмөндөргө каршы багытталды. 1879-жылдын июлунда Англия Ооганстан аймагынын бир бөлүгүн басып алгандан кийин англистер үчүн Орто Азияга жол ачылды. Ошондуктан 1879-жылдын июлунда Красноводсктон И. Лазерев башчылыгындагы аскердик кошуун түркмөндөр жашаган аймактарга жөнөтүлдү. Бул багыттагы баштапкы аракеттер натыйжасыз аяктап, падышалык өкмөттүн кошуундары жергиликтүү элден жеңилип калды. Кокон хандыгына каршы аскердик жортуулдарда баскынчылык тажрыйбасы чоң болгон М. Скобелев башчылыгындагы кошуун 1880-жылдын май айында экинчи жортуулун баштады. 1881-жылы үч айга созулган салгылашуулардан кийин курчоого алынган түркмөндөрдүн чеби – Гөктепа колго алынды. Мунун натыйжасында басып алынган Каспий арты вилаяты түзүлдү. Ал эми түркмөндөрдүн толук баш ийдирилиши болсо 1885-жылы гана ишке ашырылды.

Түркмөндөрдүн негизги чеби Гөктепа баш ийдирилгенден кийин, 1881-жылы Россия менен Ирандын ортосундагы чек аралар белгиленди. Ошол жылы Чыгыш Түркстандын Или өлкөсүндөгү көтөрүлүш падышалык өкмөттүн кошуундары тарабынан бастырылышы менен Россия жана Кытайдын ортосундагы чек аралар да белгиленди.

Бул аракеттер менен Россия империясынын Орто Азия аймагындагы баскынчылык жортуулдарынын төртүнчү баскычы (1880–1885) аягына чыкты.

Ошентип, бул мезгилге келип басып алынган аймактарда беш вилаят: *Сырдарыя, Жетисуу, Фергана, Самарканд* жана *Каспий арты* вилаяттары түзүлүп, алар Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына киргизилди.

Россия империясынын XIX кылымдын ортолорунан баштап ишке ашырган аскердик баскынчылык жортуулдары натыйжасында Бухара амирлиги менен Хива хандыгы империянын вассалына айландырылды. Кокон хандыгы болсо таптакыр жоюлду.



http://eduportal.uz

## *Өзүңдү сынап көр!*

**1880–1885-жылдарда ...**
**Болотхан – ...**
**Фергана вилаяты ... жылы түзүлдү.**
**И. Лазерев – ...**
**Андижан үчүн салгылашуулар – ...**
**Каспий арты вилаяты – ...**

### Жеңилиштин себептери жана натыйжалары

Эл массасы Мекендин көз карандысыздыгын жана боштондугун колонизаторлордон коргоо үчүн баатырларча салгылашты. Бирок бул доордогу XIX кылымдын экинчи жарымында Орто Азиянын элдери Россия империясынын аскердик чабуулдарына каршы эр жүрөктүк менен күрөш алып барды. Кеңири элдик масса мекендин көз карандысыздыгын жана боштондугун колонизаторлордон коргоо үчүн баатырларча салгылашты. Бирок бул доордогу ички карама-каршылыктар, өз ара согуштар, өкүмдарлардын алысты көздөбөй иш жүргүзүшү акыр-аягында өлкөнү колонизаторлор тарабынан ээленишине алып келди.

Орто Азиянын Россия империясы тарабынан басып алынышына, Кокон менен Хива хандыктарынын жана Бухара амирлигинин жеңилишине төмөнкүлөр себеп болду: **биринчиден,** Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктары Россия империясына караганда аскердик жана экономикалык өнүгүү жаатында кыйла артта калган болчу. Хандыктардын тышкы саясатта акылмандык менен саясат жүргүзбөгөндүгү натыйжасында алардын өздөрү эл аралык майдандан бөлүнүп калган эле. **Экинчиден,** үч мамлекеттин ортосунда өз ара достук мамилелер, шериктештик жана биримдик жок эле. Аларда саясий система, мамлекетти башкаруу заманбап башкаруудан алыс болуп, орто кылымдарга мүнөздүү жеке бийликке, зулумга негизделген болчу. Мунун натыйжасында ички карама-каршылыктар көбөйүп, жаңжалдар күчөдү. Өз ара согуштар, так үчүн күрөштөр курчуду. **Үчүнчүдөн,** согуш аракеттери учурунда бири-бирине жардам бербеди жана өзүнүн тынчтыгын ойлоп, кайдыгер карап турду. Бул болсо ар бир хандыкты өз алдынча басып алууну жеңилдетти. Булардын бардыгы Россия империясынын өкмөтүнө оң келди жана учурдан пайдаланып, ал өлкөнү колонияга айландырды.

*Эсте сакта!*

**Падыша баскынчылыгы көптөгөн себептер менен бир катарда, эң мурда, ошол учурдагы саясий баш аламандыктын, бийликтеги күчтөрдүн алысты көрө албагандыгынын жана руханий алсыздыгынын натыйжасында ишке ашканын тарыхый мисалдар далилдеп турат.**



http://eduportal.uz

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Кокон хандыгынын басып алынышына эмнелер себеп болгон?
**2.** Кокон хандыгын басып алуу үчүн салгылашуулар көбүрөөк каерлерде жүргөн?
**3.** Фергана вилаяты качан жана каерде түзүлдү?
**4.** Жеңилүүнүн себептерин айтып бер.
**5.** Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Аймактын аты | Басып алынган жыл | Басып алган адам | Салгылашуунун баяны |
|---|---|---|---|
| | | | |

**Түркстан генерал-губернаторлугунун административдик-аймактык түзүлүшү**

**Түркстан генерал-губернаторлугу** (1867-жыл 11-июль – 1917-жыл 31-март) Бардык аймак 1 779 618 км$^2$ (XIX кылымдын аягы)

Вассалдар:
- Бухара амирлиги
- Хива хандыгы

| Вилаят | Курамы |
|---|---|
| **Сырдарыя вилаяты** (1867–1924) борбору Ташкент шаары | Курамында Газали, Перовский, Чимкент, Олуя-Ата, Ташкент (1887-жылга чейин Курама атында), Хожент (1887-жылга чейин), Жызак (1872-жылга чейин) уезддери, Ташкент шаары жана 1886-жылдан Амударыя бөлүмү кирген |
| **Жетисуу вилаяты** борбору Верный шаары (аз. Алматы) 1924-жылы жоюлган | Курамына Верный, Жаркент, Корал, Лепсинек, Пишпек, Пржевальск уезддери кирген. Бул вилаят 1882-жылы Степь (Талаа) генерал-губернаторлугунун курамына кошулган, 1899-жылдан болсо Каспий арты сыяктуу кайра Түркстан генерал-губернаторлугунун курамына кирген |
| **Фергана вилаяты** (1876-жыл 19-февраль – 1924-жыл) борбору Жаңы Маргылан | Курамына Маргылан, Андижан, Кокон, Наманган, Ош уезддери жана Памир кирген |
| **Самарканд вилаяты** 1887-жыл 1-январда мурдагы Зарафшан округунун ордунда түзүлгөн. 1924-жылы жоюлган | Курамына Самарканд, Каттакоргон, Жызак жана Хожент уезддери кирген |
| **Каспий арты вилаяты** (1881–1924) борбору Ашхабад шаары | Курамына Ашхабад, Красноводск, Маңгышлак, Марв жана Тажан уезддери кирген |

http://eduportal.uz

# III Б Ө Л Ү М

# РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ КОЛОНИЗАТОРДУК САЯСАТЫ

## 13-§. ТҮРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУНУН САЯСИЙ-АДМИНИСТРАТИВДИК БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

**Башкаруунун колонизатордук тартиптери**

Басып алынган аймактарда империянын бийлигин орнотуу, жерлерди колдон чыгарбастык үчүн, эң мурда, колонизаторлор өздөрүнө мүнөздүү башкаруу тартиптерин иштеп чыгууга тийиш эле. Колонизатордук саясатын толук ишке ашырылышында башкаруу тартиптери негизги таяныч эсептелген. Башкаруу тартиптери баскынчылык жортуулдары менен бирге, түрдүү көрүнүштөрдө уюштурулуп, тажрыйба-сыноодон өткөрүлгөн түрдө өзгөртүп барылган.

Россия империясынын Орто Азияда жүргүзгөн баскынчылык саясатынын улантылышы натыйжасында колонияга айландырылган аймактар кеңип отурган. Аймактарды башкаруу тартиптери жана анын кандай болушу керектиги маселеси империянын бийлик чөйрөлөрүндө түрдүү тармактын өкүлдөрү катышуусунда абдан көп талкууланган. Бул маселени чечүүдө этияттык менен алысты көздөп иш жасоо, эч нерседе тобокелчиликке барбоо принциптерине таянган түрдө иш жүргүзүлгөн. Түркстандын генерал-губернатору С. М. Духовский (1898–1901) «Түркстан өлкөсү башка өлкөлөргө караганда тарыхый өтмүшүн, этнографиялык өзгөчөлүктөрүн эсепке алган түрдө өзгөчө көңүл бурулушун талап кылат», – деген болчу.

Падышалык өкмөт Ташкентти басып алгандан кийин, 1865-жылдын 6-августунда Александр II «Түркстан вилаятын башкаруу жөнүндөгү Убактылуу Уставды» бекитет. Башкаруу офицерлердин колуна өтөт. Бул уставда башкаруу системасы «аскердик-элдик башкаруу» деп аталып, губернатордун колунда аскердик жана жарандык иштер бириктирилет. Вилаят бөлүмдөргө бөлүнүп, алардын жетекчилери, башкача айтканда бөлүм башчылары бир мезгилдин өзүндө бөлүмдүн аскердик коменданты да эсептелген. Бөлүм башчыларына жергиликтүү калктын үстүнөн көзөмөл жүргүзгөн колонизатордук өкмөт өкүлдөрүнөн дайындалган башкаруучулар баш ийген.

1908–1910-жылдарда Түркстан өлкөсүн ревизиялаган сенатор К. Палендин белгилешинче, «өлкөдө эң эле кичине мааниге ээ болгон башкаруу да аскердик башчылардын колунда» болгон. Жергиликтүү калктын өкүлдөрүнө

башкаруунун эң төмөнкү баскычындагы кызматтар берилген. Буларга волосттун башчылары, айыл аксакалдары, аул башчылары, казы, бий жана алардын жардамчылары кирген.

Генерал-губернаторлук чоң ыйгарым укуктарга ээ болгон негизги аткаруучу орган эсептелген. Россия империясындагы эч бир губернияда мындай чоң ыйгарым укукка ээ болгон башкаруу органы болбогон. Түркстан өлкөсү административдик-укуктук жагынан вилаяттарга бөлүнүп, аларды колунда жарандык жана аскердик бийликти бириктирген аскердик губернаторлор башкарган. Вилаяттар уезддерге бөлүнүп, аларды офицерлер башкарган. Уезддер участкаларга бөлүнүп, аларды участка приставдары башкарган. Россия империясы, Орто Азиянын басып алынган аймактарында бийликти сактап калуу жана аны чыңдоо биринчи кезектеги милдет эсептелгендиктен, баштап башкаруу жаатында чоң өзгөрүш жасабайт. Жогорку органдардын көзөмөлүндө болгон жергиликтүү калк өкүлдөрүнөн турган төмөнкү башкаруу органдары менен салык системасы сактап калынган. Төмөнкү башкаруунун сактап калынышына негизги себеп жергиликтүү калктын ички турмушуна баштапкы учурда кескин кийлигишүү жана калктын салттык жашоо мүнөзүнө чоң өзгөртүүлөр киргизүү терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн эле. Мындан тышкары, жаңы басып алынган жерлерде каршылык жана наразылык кыймылдары улантылып жаткандыгы, башкаруу системасында иш жүргүзгөн адамдардын жоктугу, өлкөнүн шарттарын толук билбестик баштапкы учурларда жергиликтүү калк өкүлдөрүнө төмөнкү башкарууда катышуусуна жол берген. Төмөнкү башкаруу системасынын сакталып калынышы өлкөнүн администрациясы алдында империянын кызыкчылыктары үчүн кызмат кылган, өлкөдөгү шарттарды мыкты билген жергиликтүү калк өкүлдөрүнөн өздөрүнө ишенимдүү адамдарды табуу көйгөйүн чечүү милдети турган. Бул көйгөйдү чечүүдө империя өкмөтүнө Түркстандагы бийликтин баштапкы учурунда эле иштеп чыгылган шайлоо системасы жардам берди.



**Генерал-губернатордун резиденциясы. Ташкент**

Уезддер волостторго, волосттор отуруктуу калк жашаган аймактарда айылдарга, көчмөн калк жашаган аймактар болсо аулдарга бөлүндү. Башкаруу системасынын төмөнкү баскычында *волость башчысы, айыл аксакалы, аул башчысы, элдик соттор жана алардын жардамчылары, арык аксакалы, мырап, он башы, элүү башы* сыяктуу кызматтарда жергиликтүү калктын өкүлдөрү иштеген.

1867-жылдагы «Уставдын» долбоору негизинде отуруктуу калк бир баскычтуу система көрүнүшүндө, башкача айтканда аксакалдыктарга, көчмөн калк болсо эки баскычтуу система көрүнүшүндөгү волость жана аулдарга бириктирилет. Ар бир аксакалдык 100–200 үйдөн, аул 100–200 түтүндөн, ар бир волость болсо 1000–2000 түтүндөн турушу белгиленген.

***Өзүңдү сынап көр!***

| | | |
|---|---|---|
| **1865-жылы – ...** | **1867-жылы – ...** | **Уезддер – ...** |
| **Волосттор – ...** | **Аксакалдык – ...** | **К. Пален – ...** |

**Колонизатордук башкаруунун өзгөчөлүктөрү**

Орто Азиянын Россия империясы тарабынан басып алынышы менен бир мезгилде аны келечекте кандай башкаруу жана өзүнүн кызыкчылыктары жолунда пайдалануу чечип барылган. Ошондуктан, Түркстан өлкөсү басып алынган учурдан баштап толук колонизатордук башкаруу тартиптерине негизделген административдик-аймактык бирдиктер жана алардын башкаруу тартиптери киргизилип барылган. Анын негизги максаты жергиликтүү калкты катуу көзөмөлдө жана көз карандылыкта кармап туруу эле. Киргизилген башкаруу тартиптери толугу менен аскердик тартиптерге негизделип, өлкөдө империянын саясий жана экономикалык бийлигин орнотууга багытталган эле.

Орто Азияда падышалык өкмөттүн дагы бир негизги максаты – бул империянын борбордук райондорунан бул жерлерге калкты көчүрүп алып келип, жайлаштыруу болгон. Өлкөнүн администрациясы көчүрүлүп келтирилген калкка өлкөдө эркин жана коопсуз жашашы үчүн жетиштүү мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө аракеттенди. Көчүрүп келтирилгендер жерлер жана керектүү каражаттар менен камсыздалган. Калкты көчүрүп келип жайлаштыруудан дагы бир максат – бул өлкөдө колонизатордук саясат жүргүзүүдө кошумча таяныч күчтөргө ээ болуу жана жергиликтүү калкты орусташтыруу мүмкүнчүлүктөрүн кеңитүүгө каратылган чара болду.

**Түркстан өлкөсүнүн административдик-аймактык бөлүнүшү жана башкарылышы**

Орто Азияда басып алынган аймактар административдик жактан бөлүнүп, алар толук офицерлердин кол астында болгон. 1877-жылы Ташкентте «Шаар уставы» киргизилген болуп, ал боюнча шаарды башкаруу Думага өткөн. Дума мүчөлөрүнүн 1/3 бөлүгү Эски шаар, 2/3 бөлүгү болсо Жаңы шаар бөлүгүнөн шайланган. Бул боюнча, шаардын 80 миң жергиликтүү калкынан 21 депутат, негизинен орустардан турган 3900 калктан болсо 48 депутат катышкан.



http://eduportal.uz

Шаар чарбасына таандык бардык иштер Думанын колунда болгон. Думага жетекчилик кылган адам генерал-губернатордун сунушу менен аскердик вазир тарабынан бекитилген.

**Вилаят башкаруусу**




1886-жылдын 12-июлунда император Александр III тарабынан жаңы «Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Уставы» бекитилет. Бул Уставдын негизги максаты өлкөдө административдик башкарууну чыңдоо жана жерден пайдалануу тартиптерин өзгөртүүдөн турган. Устав боюнча Зарафшан округу Самарканд вилаятына айландырылат. Хожент, Жызак, Каттакоргон, Самарканд уезддери анын курамына киргизилди. Курама уездинин аталышы Ташкент уезди деп өзгөртүлдү.

1886-жылы Түркстан генерал-губернаторлугунун жалпы аймагы 1,7 миллион кв. км болуп, калкынын саны 5,2 миллион адамды түзгөн. Өзбектер жана башка түпкү элдер 1897-жылы 5 миллионго, 1911-жылы болсо дээрлик 6 миллионго жеткен. Орус калкынын жалпы саны украиндар менен белорустарды да кошуп эсептегенде 1897-жылы 197 миң адамды, ал эми 1911-жылы болсо 400 миң адамды түзгөн. Падышалык өкмөт тынымсыз түрдө көчүрүп алып келингендердин санын көбөйүшүнө багытталган иш-чараларды ишке ашырып отурду. Алар колонизатордук саясатты ишке ашырууда таяныч болуп кызмат кылууга тийиш эле.

1886-жылдагы «Устав» боюнча Түркстан генерал-губернаторлугунун административдик башкаруусу жаңы орган – Түркстан генерал-губернаторунун Кеңеши менен толукталган. Вилаят аскер губернаторлору, генерал-губернатор канцеляриясынын башкаруучусу, Түркстан аскердик округу штабынын башчысы Кеңештин туруктуу мүчөлөрү болушкан. Бухарада болсо Россия императорунун саясий агенттиги түзүлдү. Анын уруксаты болмоюнча, Бухаранын амири тышкы жана ички саясатта өз алдынча иш жүргүзө албаган.

http://eduportal.uz




**XIX кылымда Түркстан өлкөсүнө чектеш аймактар**

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Дума** (орусча – *ойлоо, пикирлөө)* – Россия империясынын мыйзам чыгаруучу бийлиги, шаар Думасы – шаардын өзүн өзү башкаруу органы.
**Уезд** – райондорго тең административдик-аймактык бөлүнмө.
**Волость** – уезддин курамына кирген бир нече айыл же аулдардан турган аймактык бөлүнмө.
**Участка пристави** – калк жашаган жердин күзөтчүсү.
**Комендант** – чеп же райондогу бардык кошуундун башчысы.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Түркстан генерал-губернаторлугунун башкаруусу кимдерден турган?
2. 1886-жылдагы «Устав» боюнча башкарууда кандай өзгөрүштөр болду?
3. Жергиликтүү калктын өкүлдөрү башкаруунун кайсы кызматтарында иштеген?
4. Вилаяттарды жана волостторду кимдер башкарган?
5. Россия императору саясий агенттигинин милдети эмнеден турган?
6. Картадан Түркстан генерал-губернаторлугундагы вилаяттарды аныктап, кайсы вилаятка бүгүнкү Өзбекстандын кайсы аймактары киришин белгиле.

# 14-§. ТҮРКСТАН ӨЛКӨСҮНДӨ РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ЖЕР-СУУ САЯСАТЫ

**Айыл чарбасындагы өзгөрүүлөр**

Орто Азиянын экономикасында айыл чарбасы жетекчи орунду ээлеген. Россия империясы агрардык аймак эсептелген Түркстан өлкөсүндө жер-суудан пайдаланууну толук көзөмөлгө алуудан жана алардан алынган салыктардын өз убагында чогултулушунан майнап тапкан. Алсак, жерге ээлик кылуу жана андан пайдалануу тартиптерине өзгөчө көңүл бурулган. Агрардык маселе саясий мааниге да ээ эле. Жерге ээлик кылуунун тартиптерин көзөмөлгө алуу падышалык өкмөткө калктын үстүнөн бийлик жүргүзүдө чоң роль ойногон. Жергиликтүү калктын негизги тиричилик булагы жер болгондуктан, ага ээлик кылуу зарыл эле.

1886-жылдагы «Уставдын» «Түркстан өлкөсүнүн жер түзүлүшү» деген бөлүмүндө өлкөдөгү тарыхый калыптанган жерге ээлик кылуу мамилелери өзгөртүлдү. Ал боюнча, Түркстан өлкөсүнүн жерлери, токойлор, жер асты байлыктары да мамлекеттик менчик деп жарыяланды. Муну менен алар Россиянын менчигине айланды. Устав боюнча өлкөдө ири жер ээлиги да жоюлду.

Вакф жерлери (мечит, медресе жана башка диний мекемелерге таандык жерлер) ошол жерде жашаган жана жерди иштеткен адамдарга ижарага берилген. Жаңы вакф документтерин бекитүү генерал-губернатордун макулдугу менен гана жүргүзүлгөн жана вакфтар мамлекеттик салыктар менен милдеттенмелерден бошотулбаган. Менчик вакфты түзгөн жерлер, б. а. мечиттин тескөөсүнөн тыштагы, жеке адамдын карамагында болгон жерлер да мамлекеттик салыкка тартылчу болду. Вакф документтерин таануу, вакф кирешелерин туура иштетүүнүн үстүнөн көзөмөлдөө жана вакфтарды ревизиялоо укугу вилаят башкармаларына өткөрүлдү.

Буга чейин вакф мүлкүнөн алынган кирешелер мечитти ремонттоого, мектептердин, медреселердин жана мечиттин кызматчыларын материалдык жактан камсыздоого, диний иш-чараларды аткарууга, керектүү буюмдарды алууга (килем, жайнамаз, диний китеп) жана башка иштерге сарпталган.

Вакф мүлктөрүн көзөмөлгө алуу колонизатордук өкмөт өкүлдөрүнүн колуна өтүшү менен мечиттер жана мектептердин материалдык абалы оордошту. Колонизатордук өкмөт муну менен жергиликтүү дин жетекчилерине, уламаларга жана диний мекемелерге сокку берүүгө аракеттенди.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Вакф жерлери – ...**

**1886-жылдагы «Устав» боюнча жерлер – ...**

**Россиянын Орто Азияга көчүрүү саясаты**

Россия империясы тарабынан Орто Азияны империянын ажырагыс бир бөлүгүнө айландыруу жана өлкөдө түбөлүктүү бийлик жүргүзүү максатында Сибирь жана Кавказда болгону сыяктуу колонизатордук саясат жүргүзүлдү. Бул боюнча негизги ишке ашырылган чаралардан бири бул империянын борбордук губерниясынын калкын өлкөгө көчүрүп алып келүү эсептелген. 1886-жылдагы «Уставда» өкмөттүн тескөөсүндө калып жаткан бош турган мамлекеттик жерлерге орус калкын жайлаштыруу чоң мааниге ээ экендиги белгилеп коюлду.

Көчүрүү саясаты менен алектенүү өлкө администрациясына жүктөтүлгөн. Көчүп келгендерге чоң артыкчылыктар берилген. Алсак, алар каражат, турак-жай, жер аянттары, кредиттер менен камсыздалган. 5 жыл бою салыктардан бошотулган, кийинки 5 жыл салыктардын жарымын төлөгөн. Россиядан көчүп келгендер, негизинен, айыл калкы болгон. Алар үчүн өлкөнүн администрациясы мектеп, чиркөөлөр курууга каражат ажыраткан. Түркстан өлкөсүндө аскердик кызматчылар жашап калышы жана участка үчүн жер алышы мүмкүн болгон. Мындай мүмкүнчүлүк Россиянын борбордук райондорунан көптөгөн калктын көчүп келишине себеп болгон. 1875-жылы Олуя-Атада Россиядан келген дыйкандардын алгачкы пункттары пайда болду. 15 жылдын ичинде (1875–1890) Түркстан өлкөсүнө 1300 түтүн көчүп келип, 19 орус айылы түзүлдү. 1891–1892-жылдардын өзүндө көчүп келгендердин 25 пункту пайда болду. Убакыт өтүшү менен көчүп келген жеке адамдар гана эмес, ири ишканалар да киреше алуу максатында өлкөдөн жер сатып ала баштады. Россия империясынын көчүрүп алып келүү саясаты Түркстан өлкөсүндөгү колонизатордук системаны чыңдоо максатында ишке ашырылган эле. Көчүп келгендерге түзүлгөн мүмкүнчүлүктөр өлкөгө көчүп келүүчүлөрүн санын ченден ашык көбөйүшүнө алып келди.

Көчүрүп келинип жайлаштырылган калктын көбөйүшү, аларга түшүмдүү жерлердин берилиши жергиликтүү калк өкүлдөрүнүн олуттуу наараазылыгына себеп болгон. Ташкент шаарында, өлкөнүн Жаңы Маргылан, Самарканд, Андижан сыяктуу шаарларында да көчүп келгендердин посёлкалары пайда болду. Өлкөдөгү ири шаарлар экиге: жаңы – администрация, аскердик бөлүктөр жайлашкан жана орустар жашаган бөлүккө; эски – жергиликтүү калктын өкүлдөрү жашаган бөлүктөргө бөлүндү. Алсак, Ташкенттеги Бозсуу каналы шаарды эки бөлүккө бөлгөн чек ара болгон.


**Келгиндилердин чарбасы**

*Эсте сакта!*

**1892-жылдан баштап Россиядан өз алдынча көчүп келген адамдар да администрациянын уруксаты менен көчүрүлгөндөргө берилген мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланышы мүмкүндүгү жарыяланды. Бул өлкөгө көчүп келүүчүлөрдүн санын мындан да көбөйүшүнө алып келди.**

*Суроолор жана тапшырмалар*

1. Эмне үчүн падышалык өкмөт жерге ээлик кылууну толугу менен өз колуна алууга аракеттенди?
2. Колонизатордук өкмөт вакф жерлерине карата кандай саясат жүргүздү?
3. Көчүрүп алып келингендерге кандай мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн?
4. Түркстан өлкөсүндө пайда болгон жаңы шаарларда кимдер жашаган?

## 15-§. ТҮРКСТАНДА СОТ СИСТЕМАСЫНЫН ТҮЗҮЛҮШҮ

**Соттоо системасынын колонизатордук кызыкчылыктарга баш ийиши**

Түркстан өлкөсүндө империянын кызыкчылыктарын коргоого каратылган чаралардан дагы бири бул сот системасы болгон. Хандык доорунда казылардын чыгарган токтомунан наараазы болгондор казыкалонга кайрылышкан. Казылардын анык белгиленген участкасы болбогон; ар бир доочу өзү каалаган казыга кайрыла берген. Казы соттун чогулушу башталышынан мурда жактарга келишип алууну сунуш кылган. Бул сунуштан баш тартылса, казы аларга ант ичирип, жактардын даттанууларын, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн уккан, андан кийин чечим чыгарган жана бул чечим жергиликтүү бийлик тарабынан заматта аткарылган. Адатта, казылар, негизинен, билимдүү, адилеттүү жана элдин ичинде урматка ээ адамдар болгон. Казылар өздөрүнө кайрылган жактарга адилеттүү болууга, алардан акча, белек, түрдүү кызматтарды кабыл албоого тийиш эле.

Падышалык өкмөт тарабынан баштап өлкөдө сот системасындагы казыкалон кызматы жоюлуп, бардык казылардын укугу теңештирилди. Башка колонизатордук мамлекеттер сыяктуу Россия империясы да өзүнүн колониясына айланган Түркстан өлкөсүндө баштап жергиликтүү калктын диний ынанымына шайкеш түрдө иш жүргүзгөн шариаттын эрежелерине негизделген казылык жана көчмөн жашоо мүнөзүнө ээ калктын каада-салттарына негизделген бий сотторун таптакыр жоюп салбастан, аны сактап калды.

http://eduportal.uz

Улуттук жана диний тартиптерге негизделген соттордун ишмердигин чектеп, алардын үстүнөн көзөмөл орнотту. Алар баскычма-баскыч, жергиликтүү калктын нааразылыгын тереңдетпей өзгөртүп барылды. Мындан тышкары, падышалык өкмөттүн өкүлдөрү көптөгөн жергиликтүү калктын ортосундагы өз ара жаңжал жана келишпестиктерге кийлигишүүдөн өздөрүн тыюуга аракеттеништи.

Сот системасында ишке ашырылган саясатта казы жана бий соттору акыры барып жоюлушу жана ага чейин чакан көрүнүштөгү сот иштерин, башкача айтканда, негизинен, үй-бүлөлүк чыр-чатактарды, адамдардын ортосундагы жаңжал жана келишпестиктерди көрүп турушу максат кылып алынган болчу. 1867-жылдагы «Уставдын» долбоору боюнча өлкөдө казылар жана бий соттору, уезд соттору, убактылуу аскердик-соттоо комиссиялары, вилаят башкармасынын сот бөлүмдөрү жана генерал-губернаторлук канцеляриясынын соттоо бөлүмү түзүлдү.


**Сот органдарынын иши**

Сот иштеринде жергиликтүү калктын отуруктуу бөлүгү үчүн казы соттору, көчмөн калк үчүн бий соттору, волость башчылары, айыл аксакалдары, аул башчылары, алардын жардамчылары калк тарабынан үч жылга шайланган.

Россия империясы жергиликтүү калкка өзүнүн таасирин күчөтүү үчүн 1866-жылы Ташкентте сот канцеляриясын уюштурду. Ага жергиликтүү калк өкүлдөрүнөн шайланган казы жана 7 аълам кирген. Канцелярия мүчөлөрү падышалык өкмөттүн өлкөдөгү ишенимдүү жардамчылары эсептелген.

Казы сотторунун ыйгарым укуктарына доонун көлөмү 100 рублдан ашпаган кылмыш жана жарандык иштерин көрүп чыгуу кирген. Ири доолор болсо казылар менен бийлердин курултайында каралган. Бул чогулуштар *эл сотторунун курултайы* деп аталган. Булар доонун көлөмү 1000 рублдан ашпаган кылмыш жана жарандык иштерин көрүп чыгуучу экинчи баскыч соттору эле. Казы соту, элдик соттор, б. а. биринчи баскыч соту тарабынан мыйзамга каршы чечим кабыл алынган учурда даттануучу кийинки баскычка кайрылган. Үчүнчү баскыч соттору ушуга окшош волость жана уезддердин калкы ортосунда болуп турган талаш иштерди чечкен эл сотторунун атайын курултайлары эсептелген. Казылар калктын саны боюнча белгиленген. Ташкент

**Шариат казысы (элдик сот)**






http://eduportal.uz

шаарында төрт райондун ар бириндe бирден төрт казы, Самарканд шаарында эки казы, волосттордо бирден казы болгон.

Түркстандагы россиялык калк үчүн империянын мыйзамдары негизиндеги орус соттору иш көргөн. Баштап түзүлгөн убактылуу аскердик сот комиссиялары орус калкынын кылмыш иштерин көрүү менен бирге жергиликтүү калк тарабынан жасалган саясий жана бийликке каршы кылмыштарды караган. Вилаят жана өлкө сотторунун милдеттери генерал-губернаторлуктун канцеляриясы менен башкармаларына жүктөтүлгөн. Генерал-губернатор өлкөнүн башкы прокурору жана жогорку соту милдетин да аткарган.

**XIX кылымдын аягында сот иштериндеги өзгөрүүлөр**

Орто Азия колонияга айландырылгандан кийин сот системасы да баскычма-баскыч өзгөртүп барылган. Казы жана бий сотторуна болуп өткөн шайлоолордо колонизатордук өкмөттүн кийлигишүүсү, шайлоо натыйжаларын бекитүүдөгү терс иштер көптөгөн жаңжалдарды, жергиликтүү калк ортосунда өз ара келишпестиктерди, администрацияга карата ишеничсиздик, наразылык кыймылдарын келтирип чыгарган.

Соттор боюнча шайлоолор колонизатордук өкмөт тескөөсүндө болуп, кимдин жеңип чыгышы шайлоочуларга караганда администрациянын каалоосунан көз каранды болуп калды. Ким администрацияга жакса, ага берилгендигин далилдей алса, ошол казы жана бий боло алган. Шайлоолордо түрдүү айлакерликтер, паракорлуктар күчөгөн. Натыйжада шайланган казы жана бийлер өз ишмердиги доорунда шайлоого сарптаган каражаттарын түрдүү жолдор менен, айныкса, паралардын эсебинен кайтарып алууга урунган. Ошентип, казылык жана бийлик кирешелүү кызматка айланды. Казылар менен бийлер кызмат ордун ээлөө жана аны сактап калуу үчүн колонизатордук өкмөт өкүлдөрүнүн берилген кызматчыларына айланды.

1886-жылдагы «Уставда» да Түркстан өлкөсүндө казылар соту сакталып калды. Уезд соттору жоюлуп, ордуна шаар жана земство башчылары тарабынан дайындалган *участка мировой соттору* түзүлдү. Вилаят башкармасынын сот бөлүмдөрү вилаят сотторуна алмаштырылды. Соттун тергөөчүлөрү жана вилаят прокурору кызматтары киргизилди.

1898-жылы Түркстан өлкөсүнүн вилаяттарында сот Уставдарын колдонуу эрежелери боюнча вилаят соттору жоюлду жана алардын ордуна округ соттору жана Ташкент сот палатасы түзүлдү. Ташкент сот палатасы империянын жогорку соту – өкмөт сенатына гана баш ийген. Округ соттору Түркстан өлкөсүнүн беш вилаятында киргизилди. Алардын курамын соттун төрагасы, анын орунбасары жана соттун мүчөлөрү түзгөн. Жаза чарасын соттор жана эки сот мүчөсү дайындаган. Алардын чечими үстүнөн апелляцияны импе-



http://eduportal.uz

рияда жогорку сот болгон өкмөт сенаты көрүп чыккан. Ошентип, Түркстан өлкөсүндөгү сот системасы колонизатордук өкмөт өкүлдөрү жана өлкө администрациясынын көзөмөлүнө өттү.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Округ соттору – ...** **1898-жылы – ...**
**Генерал-губернатор ... милдеттерин да аткарган.**

**Өлкөдө полиция тартиби**

Түркстан өлкөсүндө падышалык өкмөт жергиликтүү калктын кеңири көлөмдөгү нааразылык кыймылдарына каршы жазалоо чаралары үчүн империянын кызыкчылыктарын коргогон укуктук негиздерди жаратууга аракет жасады. 1881-жылы «Мамлекеттик тартип-эрежелерди жана коомдун тынчтыгын коргоого каратылган иш-чаралар жөнүндөгү Устав» жарыяланды. Устав боюнча, генерал-губернатор өз каалоосу менен «күчөтүлгөн» же «өзгөчө» кырдаал абалын жарыялоо укугуна ээ болду. Мындай укук өлкөдө көтөрүлүш, «коомдун бейпилдиги» бузулган жана «кооптуу маанайлар» пайда болгон учурда ага өзүнүн каалоосу боюнча күч иштетиши мүмкүндүгүн билдирген. 1892-жылдан баштап 1916-жылга чейин Түркстан «күчөтүлгөн коргонуу» жана «өзгөчө коргонуу» абалында болду.

Жаңы «Устав» шаар жана айылдарды көзөмөл астында кармап турган мурдагы полициялык структураларга кошумча түрдө уезд башчыларына *исправниктердин* укугун да берди. Бул нерсе аларды уезд полициялык башкармаларынын жетекчилерине теңештирген эле. Алар ар кандай адамды жети күнгө камакка алуу же айыпка тартуу ыйгарым укугуна ээ болушту. Участка приставдары кызматы аларга жардам иретинде түзүлгөн эле. Адатта, алар салык чогултууга, жерлерде милдеттенмелердин, уезд башчылары токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөгөн офицерлер болуп, ар кандай өзгөрүштөр жөнүндө өлкөнүн администрациясына маалымат жеткирип туруу менен бирге калктын үстүнөн керектүү көзөмөлдү ишке ашырышкан. Өздөрүнүн участкалары чегинде алар сурак жана тергөө иштерин жүргүзүшү, камакка алышы жана айыпка тартышы мүмкүн эле.


**Ташкенттеги аскердик чиркөө**

1882–1884-жылдарда өлкөнү текшерген императордун жашырын кеңешчиси Ф. Гирц Түркстанда 2 404 000 адам жашашын жана алардан 1 200 000 адам эркек экендигин жазган. Бул эркектерге аскердик кызмат милдеттенмесин жүктөө маселесине токтолгон падышанын кызмат адамы (Ф. Гирц) бул олуттуу саясий иш-чара экендигин көрсөтүп, Түркстандын калкын армияга чакырбастык саясатын жактап чыкты. Падышалык өкмөт жергиликтүү калктын регулярдуу армияда кызмат аткарышынан, күжүрмөн аскердик тажрыйбага ээ болушунан, кошуундарды Европача өнүгүүгө үйрөтүүдөн жана заманбап курал-жарактардан пайдалануу чебердигин ээлеп алышынан чочулаган. Жергиликтүү калк ыңгайлуу учур келгенде мына ушундай аскердик чебердик жана заманбап куралдардан падышалык өкмөткө каршы пайдаланышынан корккон. Жергиликтүү калкты куралсыздандыруу, анда куралдуу күрөш үчүн ар кандай үмүттү жоготуп салуу, күжүрмөндүктү бастыруу жана байыркы күжүрмөндүк салттарды түп-тамыры менен жоюу – Түркстан өлкөсүндөгү падышалык өкмөттүн аскердик саясатынын негизин түзгөн.

***Эсте сакта!***

**Түркстан 1892-жылдан 1916-жылга чейин «күчөтүлгөн коргонуу» жана «өзгөчө коргонуу» абалында болду.**

***Жыйынтык чыгарабыз!***

- Түркстанда аскердик жана полициялык тартиптердин негизинде башкаруу жана көзөмөл системасы орнотулду.
- Улуттук-боштондук кыймылдарына каршы күрөшүү максатында атайын бөлүм түзүлдү.
- Жергиликтүү калк армияда кызмат өтөөдөн четтетилген.

***Терминдердин түшүндүрмөсү***

**Полиция** (немисче – *администрация)* – коомдун коопсуздугун сактаган уюм.
**Исправник** – уезд полициясынын башчысы.
**Апелляция** – (латинче – *даттануу, наарazылык билдирүү)* – соттун өкүмүнөн наараzы болуп, анын үстүнөн даттануу арызы берилишинин бир түрү.
**Земство** (орусча) – ыйгарым укуктары чектеп коюлган жергиликтүү орган, башкарма.
**Казы соттору** – шариат эрежелеринин негизинде иш жүргүзгөн сот.
**Бий соттору** – уруунун каада-салттарына таянып иш жүргүзгөн сот.

http://eduportal.uz

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Падышалык өкмөт кайсы документ боюнча Түркстан аймагында «тартип» орнотту?
2. XX кылымдын баштарында Түркстанда полициячылар менен исправниктер кандай укуктарга ээ болушкан?
3. Эмне үчүн жергиликтүү калк өкүлдөрү аскердик кызматка алынбаган?
4. Түркстанда колонизацияга чейин сот иштери кандай уюштурулган?
5. Казы жана бий соттору эмнеге негизделип иш жүргүзгөн?
6. Эмне үчүн падышалык өкмөт Түркстанда казы жана бий сотторун сактап калган?
7. Казы жана бий сотторунун шайланышы кандай тартипте жүргөн?

# 16-§. XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА ТҮРКСТАНДА КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАГДАЙ

**Колонизатордук тартиптин күчөтүлүшү**

Түркстан өлкөсүндө колонизатордук тартип-эрежелер аскердик күч менен кеңири тармакталган полициялык системага негизделген эле. Бул убакытка чейин колонизатордук согуш жүргүзүү үчүн сактап турулган аскердик бөлүктөрдөн падышалык администрация эми колонизатордук тартиптерди коргоочу курал иретинде пайдаланчу болду.

Орто Азияга темир жолдордун салынышы Россиянын экономикасы үчүн чоң практикалык мааниге ээ болуу менен бирге, аскердик-стратегиялык максаттарды да көздөгөн эле. Орто Азиянын басып алынган аймактарында Россия империясынын бекем орношуп алышы жана колонизатордук саясаттын кеңири жүргүзүлүшүндө темир жолдор чоң роль ойноду. Аскердик кошуун жана курал-жарактарды Красноводсктон Кызыл-Арватка чейин Кавказдан Орто Азияга ташуу үчүн темир жол курулду. Андан кийин курулуш Ашгабадга чейин улантылды. 1888-жылы биринчи поезд Самаркандга келди, 1899-жылы темир жол Ташкент аркылуу Андижанга чейин куруп бүтүрүлдү.



Ташкенттеги темир жол вокзалы

Россия аскердик куралдуу күчтөрүнүн негизги базалары Кавказда жайлашкан болуп, ал жерден Каспий деңизи аркылуу кемеде тез сүзүп өтүү мүмкүн эле. Красноводсктон темир жол менен Самарканд, Ташкент жана Андижанга жетип келүү оңой

болду. Эми аскердик бөлүктөрдү Красноводсктон Андижанга чейин болгон 3 миң километрден ашуун аралыкка которуу олуттуу иш болбой калды.

Түркстанда пахта эгининин кеңири таралышы жана Россия капиталынын алып кирилиши менен XX кылымдын баштарында темир жолдордун аскердик гана эмес, экономикалык мааниси да жогорулады. 1905-жылы Оренбургдан Ташкентке чейин темир жол куруп келинди.


**!** ***Өзүңдү сынап көр!***

**1888-жылы – ... 1899-жылы – ...**
**Темир жол ... максаттарында курулду ...**

**Экономиканын колонизатордук кызыкчылыктарга баш ийдирилиши**

XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясы тарабынан басып алынган Орто Азия аймактарында жашаган элдердин саясий, экономикалык, коомдук жана маданий турмушунда кескин өзгөрүүлөр болду. Ошону менен бирге өлкөнүн экономикасы да империянын кызыкчылыктарына баш ийдирилди. Бул доордо өлкөгө Россиянын капиталы, Европанын продукциялары жана жаңы өндүрүштүк технологиялардын кирип келиши кеңиди. Көптөгөн банктар жана өнөр жай бөлүмдөрү иш баштады. Бул өзгөрүштөр өлкөдө пахтачылык, көнчүлүк, чийки затты баштапкы иштетүү, май өнөр жайы сыяктуу тармактардын өнүгүшүнө таасирин тийгизди.

Экономикадагы өзгөрүштөр империянын өлкөдөгү кызыкчылыктарынан келип чыккан түрдө, башкача айтканда бир жактуу жүргүзүлдү. Өндүрүш менен соода Россия империясы жана ал аркылуу башка мамлекеттер менен байланыштардын кеңиши натыйжасында өнүгүп отурган. Айныкса, империянын токуучулук өнөр жайы үчүн пахта өстүрүү көбөйдү. Бул болсо, өз кезегинде, өлкөдө башка түрдөгү айыл чарба продукцияларынын азайышына, айныкса, дандын жетишсиздигине себеп болду. Бул доордо башка тармактарга караганда өнөр жайдын пахта чийки затын баштапкы иштетүү боюнча тармак өнүктү. Пахтаны тазалоо жана май өндүрүү тармактары гана жолго коюлуп, пахта чийки затынан даяр продукт даярдоо Россиянын өзүндө аткарылган. Өлкөдөн алынган башка чийки заттар, алсак, жүн жана терини кайра иштетүү да ушундай абалда болгон.



**Калк жашаган жер. XIX к. аягы**

1867–1900-жылдарда Түркстан генерал-губернаторлугунда ишке түшүрүлгөн 175 өнөр жай ишканасы болуп, алардын көпчүлүгүндө негизги иштер кол эмгеги менен аткарылган. Жергиликтүү өнөр жайдын жумушчулары жакырданган дыйкандар же жумушсуз калган кол өнөрчүлөрдүн эсебинен көбөйүп отурган. Ишканаларда иш күнү 16 саат болуп, жумушчулардын укугун коргогон уюмдар болбогон, жумушчулар даттануу менен эч кимге кайрыла алышпаган.



**Орто Азия Мамлекеттик банкы. Ташкент**

Россия империясынын борбордук райондорунда өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын жана башка түркүн-түмөн продукциялардын өлкөгө кирип келиши натыйжасында өлкөдө жергиликтүү өндүрүүчүлөр – кол өнөрчүлөрдүн продукциялары кризиске кабылып, кол өнөрчүлүк продукцияларынын азайышына алып келди. Россиядан алып келинген арзан баалардагы завод жана фабриканын продукциялары жергиликтүү кол өнөрчүлөр тарабынан өндүрүлгөн продукциялардын базарын сындырды. Натыйжада, өлкөдө көптөгөн адамдар жумушсуз калды.

Россиянын капиталы өлкөдө өндүрүштү өнүктүрүүгө гана эмес, ошондой эле табигый байлыктарды өздөштүрүүгө, арзан чийки затка ээ болууга, аларды ташып кетүүгө, өзүндө өндүрүлгөн продукцияларды бул өлкөдө сатууга багытталды. Ошол максатта соода-сатык тармагын жана темир жолдорду кеңитүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Падышалык өкмөт тарабынан өлкөдөн алынган пайдалар бул аймакты өнүктүрүү үчүн эмес, империянын казнасын толтуруу, Россиянын соодагерлери менен капиталисттерин байытууга кызмат кылды.

***Эсте сакта!***



**Россиянын капиталы өлкөдө өндүрүштү өнүктүрүүгө эмес, табигый байлыкты өздөштүрүүгө, өзүндө өндүрүлгөн продукцияларды сатууга жана чийки затты ташып кетүүгө, соода менен темир жолдорду кеңитүүгө кызмат кылды.**

**Пахта чийки затына болгон талап**

Россия империясынын Түркстан боюнча бардык пландары пахтачылыкты өнүктүрүүгө багытталган эле. Өлкөнү Россиянын токуучулук өнөр жайы үчүн



**Пахтаны Россияга жөнөтүү**

негизги чийки затты жеткирип берген аймакка айландыруу көздөлгөн эле. Мал чарбасында жайлоолор үчүн пайдаланылчу жерлердин пахта аянттарына айландырылышы мал чарбасынын жана анын продукцияларынын азайышына алып келди. Мындай жагдай, айныкса, Фергана өрөөнүндө таасын сезилип, бул жерге дан жана мал чарбасынын продукциялары четтен алып келине башталды. Данга жана мал чарбасынын продукцияларына болгон керектөө алардын бааларын кескин жогорулатып жиберди.

Фергана, Сырдарыя жана Самарканд вилаяттары пахта өстүрүлгөн эң маанилүү борборлор болгон. 1884-жылы Түркстанда пахтанын жаңы сорту (Америка сорту) өстүрүлө башталды. Бул сорт жергиликтүү сортторго караганда кыйла жогору түшүм берген.

Падышалык өкмөт пахта аянттарын кеңитүү жана түшүмдүн жогору болушу Орто Азия чөлкөмүндө суудан көз каранды экендигин түшүнүп, ирригация тармагын кеңитүүгө аракеттенген. 1911-жылы Сырдарыяда магистрал каналын куруу иштери башталды жана 1913-жылга келип бүтүрүлдү. Бирок Ташкент оазиси, Самарканд вилаяты жана Фергана өрөөнүндө сугат тармагы боюнча иштердин көбү аткарылбай калып кетти.

Колонизатордук өкмөт үчүн пахта өлкөдө мунайзат менен алтындан кийинки орунда турган жогорку кирешелүү тармакка айланды.

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- 1888-жыл – Самаркандга чейин темир жол курулду.
- 1889-жыл – Ташкент аркылуу Андижанга чейин темир жол куруп барылды.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Колонизатордук доордо экономиканын кайсы тармактары өнүккөн жана мунун себеби эмнеде?
2. Колонизатордук саясат жергиликтүү кол өнөрчүлүккө кандай таасирин тийгизди?
3. Пахта жана башка байлыктар эмне үчүн жалаң чийки зат иретинде гана керек эле?
4. Түркстандын кайсы вилаяттары пахта өстүрүүнүн борборлору болгон?



http://eduportal.uz

# IV БӨЛУМ

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДА ТҮРКСТАНДА УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАР

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- Түркстанда улуттук-боштондук кыймылдардын башталышы жана себептери;
- 1885–1890-жылдарда Түркстандагы элдик көтөрүлүштөр;
- падышалык администрациянын жазалоо саясатынын күчөшү;
- Ташкентте «холера козголоңу», 1898-жылдагы Андижан көтөрүлүштөрү;
- калктын XIX кылымдын экинчи жарымындагы улуттук-боштондук кыймылдары жыйынтыктары жана мааниси жөнүндө билип аласың.

## 17-§. ТҮРКСТАНДА УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАРДЫН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН СЕБЕПТЕРИ

**Колонизатордук зулумдун күчөшү**

Россия империясы Түркстан өлкөсүн басып алгандан кийин, жергиликтүү калктын улуттук мамлекетчилик, боштондук сезимдерин жок кылууну негизги милдет деп эсептеген. Бул милдетти аткарбай туруп, өзүнүн бийлигин оңойлук менен сактап болбостугун падышалык өкмөт жакшы билген. Ар кандай колонизатордук мамлекет аскердик жана баскынчылык жолу менен басып алган аймактын байлыктарын талап-тоноого аракеттенет. Түркстанда да куду ушундай түрдө иш жүргүзүлүп, өлкөнү Россия империясынын негизги чийки зат базасына айландырууга киришилди. Түркстанда өнөр жай өндүрүшү кыйла өнүгүп, капиталисттик мамилелерге акырындап жол ачылганы менен, элдин материалдык абалы жакшырбады, тескерисинче, ишкана кожоюндарынын, соодагерлердин, кызмат адамдарынын байышына шарт түздү.

Жер-мүлктүн байлар менен ири соодагерлердин колунда топтолушу соода-сүткордук капиталдын күчөшүнө, аз жерлүү дыйкандардын, чарекерлердин көбөйүшүнө себеп болду. Сүткордук чексиз деңгээлде күчөдү. Карыз берген кассанын каражаттарынан айрым ортомчулар – байлар, сүткорлор, соодагерлер жана ошого окшош шылуундар гана пайдаланып, аны өздөрү каалагандай сарпташкан. Пахта сатып алгандар дыйкандын муктаждыгынан пайдаланып, кийинки жылдын түшүмү үчүн өтө төмөн баа белгилеп карыз берген. Сүткордун колуна түшүп калган дыйкан эркинен ажырап, карыз берген адам эмнени буюрса, ошону эгүүгө аргасыз эле.



http://eduportal.uz



**Килем согуучулар**


Карыз жана насыялардан пайдалануу күчөгөн сайын дыйкандардын абалы ого бетер оордошуп, жакырчылык башталган. Алар карыздын айынан өздөрүнүн жерлерин сатууга аргасыз болушкан.

Түркстандын колонияга айландырылышы дыйкандардын гана эмес, миндеген үй-бүлөлөрдүн тиричилигин жүргүзүп турган кол өнөрчүлөрдүн да абалын оордоштурду. Россиянын өнөр жайы тарабынан иштеп чыгарылган үй тиричилик буюмдары, айныкса, токуучулук продукциялары менен Орто Азия базарларынын толтурулушу натыйжасында кол өнөрчүлүктүн көптөгөн түрлөрү кризиске кабылды. Бул убакытка келип экономикалык кыйынчылыктар, жашоо шарттарынын начардыгы, салыктардын көп экендиги, эмгек милдеттенмелеринин оордугу натыйжасында жергиликтүү калктын абалы төмөндөп кетти. Мындай жагдай жардылар катарынын дагы да көбөйүшүнө алып келди. Булардын бардыгы өлкө элдеринин саясий колонизатордук зулумга кабылышына, улуттук мамлекетчиликтин жоготулушуна жана бийликтеги администрация тарабынан ар тараптан кемсинтүүлөргө себеп болду.

**Улуттук боштондук кыймылдарынын башталышы**

XIX кылымдын аягында экономикалык кыйынчылыктар жана элдин руханий кемсинтилиши, элдик салттарга каршы келген чечимдердин кабыл алынышы натыйжасында Түркстан Россия империясынын улуттук-боштондук кыймылдарынын борборлорунан бирине айланды. (Өлкөнүн түрдүү жерлеринде чыгып келе жаткан бул көтөрүлүштөрдүн кыймылдаткыч күчү, негизинен, дыйкандар жана шаардык кол өнөрчүлөрдөн турган калктын жакыр бөлүгү болду. Бул кыймылдарда Мекенин сүйгөн дин адамдары, улуттук сыймыгын жоготпогон мүлк ээлери, соодагерлер да катышышты). Колонизатордукка каршы өлкөнүн түрдүү жерлеринде нааразылыктар болуп турду. Алсак, 1878-жылы Миңдөбөдө (азыркы Мархамат району) колонизаторлордун саясий жана экономикалык зулумуна каршы Жетимхандын башчылыгында көтөрүлүш чыкты. Аны колонизатордук өкмөт күч менен бастырды. 1879-жылдын күзүндө жергиликтүү калк Фергана вилаяты башкармасынын имараты алдында ачыктан-ачык нааразылык билдирип чогулат. Алар Маргылан уездинде салык алуу мыйзамдан четке чыккандыгы үчүн аны чечип берүүнү, салыктардын азайтырылышын катуу талап кылышты.

Көтөрүлүштүн күчөп кетиши мүмкүндүгүн сезген падышалык өкмөт комиссия түзүп, жагдайды үйрөнүүгө киришет. Комиссия вилаятта пахта өстүрүү кең көлөмдө жүргүзүлгөнүн, натыйжада башка маанилүү эгиндердин кескин азайганы буга себеп болгонун маалымдаган.



**Дамба куруу. XIX к. аягы**

1880-жылдын ноябрында калк бардык салыктарды төлөгөндүгүнө карабастан, Хожент уездинин башчысы Хожент жана Ородөбө райондорундагы калктан кошумча жер салыгы алынышын жарыялайт. Мунун натыйжасында, чыдамы түгөнгөн калк Рахманкул ажы, Миркаримбайлардын башчылыгында уезд башчысынын канцеляриясына барып, адилетсиз салыкты жокко чыгарууну талап кылат. Буга жооп иретинде башчы мыршаптарга наразылык жетекчилерин камакка алууну буюрду.

Талоончулук, салыктар жана зордук-зомбулук күчөгөндүгү себептүү 1882-жылдын баштарында Намангандын калкы администрацияга каршы баш көтөрүп чыкты. Бул жолу алар уезд башчысынын үйүн өрттөп салышты. Уезддик администрация аскердик бөлүктү жардамга чакырып, демонстранттарды катуу жазалады.

1885-жылдын жайында Фергана өрөөнүндө элдик көтөрүлүштөр кайрадан күчөп, Андижанда Дербишхан башчылыгык кылган көтөрүлүш чыкты. Эми көтөрүлүшчүлөр күрөштүн усулдарын өзгөртүшүп, байлар менен волость башчыларынын резиденцияларына чабуул уюштурушту. Ошол жылдарда көтөрүлүш биринин артынан бири бүткүл вилаятты бойлой жайылды.

1896-жылы Наманган уездинин Аксуу-Шахрихан волостундагы Найманчы, Көөнө мазар, Лангарбаб айылдарында калктын миңбашыларды шайлоо боюнча жүргүзүлгөн иштерге карата наразылыгы ашкере көтөрүлүшкө айланып кетти. Түркстанда падышалык өкмөттүн бийлигине, ишке ашырылып жаткан колонизатордук саясатына каршы өлкөнүн ар бир жеринде жергиликтүү калк тарабынан түрдүү көрүнүштөгү наразылык кыймылдары болуп турду.

***Өзүңдү сынап көр!***

**1878-жылы – ... 1882-жылы – ... 1885-жылдын жайында – ...**
**880-жылдын ноябрында – ... 1896-жылы ... көтөрүлүштөр башталды.**

http://eduportal.kz

**Элдик кыймылдарга каршы жаза чараларынын күчөтүлүшү**

Россия империясынын соода-өнөр жай чөйрөсү Түркстан өлкөсүн ар тараптан, айныкса, экономикалык жактан көз каранды кылууда активдүү катышат. Колонизатордук өкмөт баштап орус айылдарын өзбек, кыргыз, тажик айылдарынан ажыратып өз алдынча болушун камсыз кылган болсо, кийинчерээк, орус айылдары менен жергиликтүү айылдарды бириктирген волостторго жетекчилерди Европа улутуна таандык адамдардан коё баштады. Алар аркылуу жергиликтүү калктын үстүнөн башкарууну жана көзөмөлдү өздөрүнүн колдоруна толугу менен алуу көздөлгөн эле. Өлкөнүн администрациясы көтөрүлүштөрдүн жаңы толкун менен күчөп кетишинен ар дайым коопсурап турган. Генерал-губернатор канцеляриясынын атайын бөлүмүнүн башчысы өзүнүн докладында «козголоңго жакын» калк өкүлдөрүн аскердик сотко берүү жана бул сот чыгарган өлүм жазасын ашкере аткаруу жөнүндө пикир билдирди. Ал элди коркунучта жана көз карандылыкта кармап туруу өлкөдө тартипти жана бейпилдикти камсыз кылган жападан-жалгыз каражат экендигин уктурду.



**Жаза отряды**

1892-жылдан колонизаторлор карапайым жарандарды администрацияга каршылык көрсөткөн учурда түздөн-түз аскердик талаа сотуна бере баштапты. «Күнөөлүүлөрдү» ашкере өлүм жазасына тартуу эми адамдарды коркутуу үчүн колонизаторлорго чоң укуктарды берди.


## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Колонизатордук зордук-зомбулуктун күчөшү, негизинен, кандай көрүнүштөрдө таасын байкалган?
2. Колонизатордук өкмөттүн Түркстанда жүргүзгөн саясатынын максат жана милдеттери эмнеден турган?
3. Эл турмушунун жакырланышына кандай факторлор себеп болду?
4. Эмне үчүн элдик кыймылдар XIX кылымдын 70-жылдарынын аягында Фергана өрөөнүндө аябай күчөдү?
5. XIX кылымдын 80-жылдарынын аягы – 90-жылдарынын баштарында Фергана өрөөнүнүн кайсы волость жана уезддеринде элдик көтөрүлүштөр болуп өттү?

## 18-§. ТАШКЕНТТЕ «ХОЛЕРА КОЗГОЛОҢУ»

**Көтөрүлүштүн башталыш себептери**

1892-жылдын март айында Ооганстанда холера оорусу таралды. Жаздан аягына келип бул ылаң Самарканд вилаятынын Жызак уездинде, майда Ташкентте да аныкталды. Шаар администрациясы ылаңга каршы чара катары шаардагы 12 көрүстөндү жаап койду. Ылаңдан кайтыш кылган адамдар үчүн шаар жакасында атайын көрүстөндөр ачуу жөнүндө убада кылынды. Бирок шаардан тышта бир гана көрүстөн ачылды. Дарыгер-фельдшерлердин жетишсиздиги себептүү оорулууларды текшерүү көбүнесе үчүнчү же төртүнчү күнү ишке ашырылган. Ошол убакытта колонизатордук администрация сууну, орус дарыгерлери болсо оорулууларды кастан уулап жатканы, сөөктөрдүн көрүстөндөрдөн чыгарып салынгандыгы жөнүндөгү имиш сөздөр таралды. Түркстан өлкөсүндө 1892-жылдын 18-июнунан күчкө кирген «Аскердик абалда деп жарыяланган жерлер жөнүндө Ереже» киргизилди. Мындай жагдай эл арасында дүрбөлөң жана наразылык келтирип чыгарды. Бул учурда Ташкенттин Эски шаарындагы элди жактаган, колонизаторлорго болсо жакпаган аксакал Инагамкожо Умриякожоев кызматынан четтетилди. Анын ордуна дайындалган адам пара алууну күчөтүү максатында башка оору менен ылаңдап кайтыш кылгандарды да холера үчүн ачылган шаар жакасындагы көрүстөнгө коюуга буюрду. Эл буга каршы кескин наразылык билдирди. Мындай жагдай көтөрүлүштүн башталышына себеп болду.



**Ташкент көчөсү. XIX к.**

1892-жылдагы наразылык кыймылдарын келтирип чыгарган негизги себеп, биринчиден, жергиликтүү калкка карата саясий, коомдук-экономикалык жактан колонизатордук зордук-зомбулуктун барган сайын күчөп бара жаткандыгы; экинчиден, эмгекчил эл массасынын оор абалы, кол өнөрчүлөр менен мардикерлердин аёосуз иштетилиши; үчүнчүдөн, керектөө продукциялар бааларынын токтоосуз жогорулашы, салыктардын көптүгү; төртүнчүдөн, кызмат адамдарынын өз кызматтарын өздөштүрүшү, паракордугу сыяктуу жагдайлардын көбөйүп кетиши болду.

**Көтөрүлүштүн башталышы**

Тарыхта «Холера козголоңу» (же «Ташатар окуясы») деп аталган көтөрүлүш 1892-жылдын 24-июнунда башталды. Адегенде жергиликтүү калктын нысапсыз



**Көтөрүлүшчүлөрдүн шаар акимине чабуулу**

кызматчы жана сүткорлорго, бийликти өздөштүрүү менен таанылган шаардын башкы аксакалына каршы нааразылык менен башталды. Көтөрүлүшчүлөр, негизинен, мардикерлер менен кол өнөрчүлөрдөн турган.

Окуяны өз көзү менен көргөндөрдөн бири минтип жазган эле: «Көтөрүлүшчүлөрдүн максаты жүрүп жаткан кемсинтүүлөрдү токтотууга жетишүү эле. Калайык шаардын орустар жашаган бөлүгүн карай шаардын башчысы С. Путинцевге чара көрүү жөнүндө өтүнүч менен жолго чыгат. Калк ок аткан же заманбап куралсыз болуп, алар 400 дөр чамасында эле».

Эски шаардын аксакалы Мухаммад Якуб калайыктан коркконунан шаар башчысына барат. Эл С. Путинцевден аксакалды берүүнү талап кылды. Башчы болсо сүйлөшүүнүн ордуна күч иштетүүнү артык көрдү. Бул буйруктан кийин, чыдамы түгөнгөн эл көпкө ойлоп отурбай акимге чабуул баштады. Анын адамдарын талкалап, өзүн токмоктошту. Ташкент аксакалынын үйүнө өрт коюлду. С. Путинцев менен анын мыршаптарын токмоктогон калайык канцеляриянын да тып-тыйпылын чыгарды. Көтөрүлүштү бастыруу үчүн казактардын полку жана бир рота аскер чакырылды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Мухаммад Якуб – ...**
**Көтөрүлүштүн себептери – ...**
**Полковник С. Путинцев – ...**
**Көтөрүлүшчүлөр ... турган.**

**Көтөрүлүш бастырылгандан кийинки чаралар**

Өлкө администрациясынын нааразылык кыймылдарын ырайымсыз усулдар менен бастырышы, көтөрүлүштүн катышуучуларын аёосуз жазалашы колонизатордук өкмөттүн чыныгы жүзүн көрсөтүп койду. Ташкенттеги көтөрүлүш Түркстандын колонизатордук администрациясын аябай чочутту. Ал өкмөткө полиция штатын көбөйтүү жана жаза ыйгарым укуктарын дагы да кеңитүү жөнүндө кайрылды. Санкт-Петербург Түркстан генерал-губернаторунун өтүнүчүн канааттандырып, өлкөдө «мыршаптык абалын» киргизүүгө уруксат берди. Колонизаторлор үчүн кеңири ыйгарым укуктар берилди. Түркстан генерал-губернатору «күчтүү көзөмөл астында» деп жарыяланган жерлерде чогулуш-жыйындарды таратуу, соода-өнөр жай



http://eduportal.uz

ишканаларын жабуу, басма сөз органдарына тыюу салуу, каалаган адамды сүргүн кылуу, айып салуу жана башка укуктарга ээ болду. «Өзгөчө көзөмөл астында» деп жарыяланган жерлерде болсо бүткүл бийлик генерал-губернатордун же ал дайындаган башкы наибдин колуна өттү.

Көтөрүлүштү бастырууда колонизаторлор өздөрүнүн кызыкчылыктары жолунда элдин үрп-адаттарын, диний ынанымын, улуттук баалуулуктарын табалоодон да кайра тарпастыктарын көрсөтүштү. Жалпысынан алганда, колонизаторлор кадам сайын өздөрүнүн өлкөдө аким жана колонизатор экендиктерин жергиликтүү калкка таасын көрсөттү.



**Ташкент. Эски шаар көчөлөрү**

***Өзүңдү сынап көр!***

**1892-жылдын 18-июнунда – ...** **1892-жылдын 24-июнунда – ...**
**«Күчтүү көзөмөлдөгү» аймактар – …**

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Жергиликтүү калк укуктарынын чектелишин эмнелерде көрөсүң?
2. Ташкент көтөрүлүшүнүн башталыш себептерин айт жана улуттук баалуулуктарга эмнелер киришин түшүндүр?
3. Көтөрүлүш качан башталды? Колонизаторлор менен аларга кызмат кылгандардын кайсы иштери элди көтөрүлүшкө үндөдү?
4. Көтөрүлүш бастырылгандан кийин кандай иш-чаралар ишке ашырылды?

## 19-§. АНДИЖАН КӨТӨРҮЛҮШҮ

**Көтөрүлүштүн себептери**

XIX кылымдын экинчи жарымында Түркстанда Россия империясы орноткон колонизатордук түзүлүш жергиликтүү калкты саясий укуктардан четтетти, улуттук, диний баалуулуктарын кордоду, экономиканы болсо империянын максаттарына баш ийдирип, элдин турмушун, материалдык абалын начарлатып, жакырданууга алып келди.

1886-жылдагы «Түркстан өлкөсүн башкаруу жөнүндөгү Устав» боюнча, өлкөдө колонизатордук саясат жана режим мыйзамдык документтердин негизинде бекемдеп коюлду. Мунун натыйжасында өлкөнүн калкына карата зордук-зомбулук дагы да күчөдү. Бул Уставдын өз алдына койгон негизги максаты – өлкөдөгү жер маселесин колонизатордук кызыкчылыктарга



http://eduportal.uz

шайкеш келтирүү эле. «Устав» жарыялангандан кийин анда көздө тутулган иш-чараларды ишке ашырууда жергиликтүү калктын улуттук, диний жана жергиликтүү өзгөчөлүктөрү этибар алынбады.

Бул «Уставдын» негизинде падышалык администрация жергиликтүү элге таандык жерлердин чоң бөлүгүн тартып алды жана алардын негизинде Россиядан көчүп келгендер үчүн жер фондун түздү. Мындай саясат жер маселеси өтө назик болгон, калк жыш жайлашкан, айныкса, сугат эгин аянттары аз болгон Фергана өрөөнүндө жергиликтүү калктын абалын начарлатып жиберет. Мындан тышкары, Фергана өрөөнү империяны пахта чийки заты менен камсыздаган аймакка айландырылган эле. Өрөөндө пахтаны көбөйтүүнүн натыйжасында дан, тоют эгиндеринин аянты, жайлоолор кыскарып, азык-түлүк жана башка продукциялардын баасы кескин жогорулап кетти.

1891-жылы Россиядан калктын Фергана вилаятына көптөгөн санда көчүрүп алып келиниши, алардын жайлаштырылышы жери аз жана калк жыш жашаган өрөөндүн абалын аябай оордоштуруп жиберди. Шексиз түрдө, падышалык өкмөттүн мындай аракеттери жергиликтүү калктын наразылыгын дагы да күчөшүнө себеп болду.

Колонизатордук өкмөт Түркстан өлкөсүнүн бардык жерлеринде жергиликтүү калктын улуттук, диний баалуулуктарын эсепке албастан, аларга каршы саясат жүргүздү. Өкмөт тарабынан өлкөдөгү вакф мүлктөрү кыскартылды. Вакф мүлктөрүнө таандык жерлерди жоюуга каратылган иш-чаралар болсо вакф жерлеринин чоң бөлүгүн мамлекеттик менчикке айландырылышына алып келди. Бул өлкөнүн турмушунда, кеңири элдик массанын ортосунда абройлуу дин адамдарынын, диний жана билим берүү мекемелеринде эмгектенген адамдардын кескин наразылыгын келтирип чыгарды.

Наразылык кыймылдарына өлкө администрациясынын жергиликтүү элдин кызыкчылыктарынан империянын кызыкчылыктарын жогору койгон саясат жүргүзүшү, түпкү калктын жашоо шарттарынын начардыгы, салыктардын аябай көптүгү, кызмат адамдарынын паракордугу жана кызматтарын өздөштүрүшү, төлөмдөр менен милдеттенмелердин оордугу сыяктуулар себеп болду. Агартуу, медициналык кызмат, көрктөндүрүү иштери кароосуз калып, аларга өкмөт тарабынан каражат ажыратылбаган. Мындай терс жагдайлар жергиликтүү элдердин колонизаторлорго карата жек көрүүсүн күчөтүп, аларга каршы козголоң жана көтөрүлүш чыгарышына алып келди.



**Көтөрүлүшчүлөрдүн жеңилиши**

## Өзүңдү сынап көр!

**1891-жылы – ...** **Көтөрүлүштүн себептери – ...**

**Көтөрүлүштүн башталышы**

Түркстан өлкөсүндө XIX кылымдын аяк ченинде болуп өткөн нааразылык кыймылдарынан бири – бул 1898-жылдагы жергиликтүү элдердин колонизаторлорго каршы Андижан көтөрүлүшү. Бул көтөрүлүшкө өрөөндүн калкы арасында *Ийикчи (Дүкчү) эшен* наамын алган *Мухаммад Али* (1846–1898) жетекчилик кылды. Ийикчи эшен фанатик динчил адам болгон. Ал жөнөкөй физикалык кубулуштардан пайдаланып, карапайым калкка сыйкыр көрсөткөн. Аны «олуя» деп эсептеген калк көтөрүлүшкө жетекчилик кылууга үндөгөн. 1898-жылдын жаз мезгилинде өрөөндүн түрдүү жерлеринде Мухаммад Алинин башчылыгында көтөрүлүш чыгышы жөнүндө сөз таралат. Мындан администрация да кабар тапкан.

Жергиликтүү калктын колонизатордук зулумга каршы нааразылык кыймылынын ашкере көтөрүлүш түрүндө башталып кетишине 1898-жылдын 17-май күнү Мухаммад Алинин өзүнүн адамдары аркылуу айланадагы айылдарга кабар берип, көтөрүлүштү баштоо учуру келгендигин жарыялашы себеп болду. Ошол күнү түнкүсүн көтөрүлүшчүлөр тарабынан Тажикайылдагы телеграф зымдарынын кыркып салынышы менен көтөрүлүш башталып кетти. Алар жолдо жолуккан Асакенин приставын өлтүрүшөт. Ийикчи эшен башчылыгындагы көтөрүлүшчүлөр экиге бөлүнүп, алардын бирине Зиявуддин максым жетекчилик кылды. Көтөрүлүшчүлөр Кутчу айылына жетип барышканда алардын катарына дагы 200 адам, Койлуу айылына барышканда болсо миңбашы Гайыпназар өзүнүн адамдары менен кошулду. Ошондон кийин көтөрүлүшчүлөр Андижандагы аскердик казармага чабуул жасайт.

Көтөрүлүшчүлөр менен колонизатордук администрациянын аскердик күчтөрү ортосунда болуп өткөн кагылышуудан кийин күчтөр жана аскердик курал-жарактар тең болбогондугу себептүү көтөрүлүшчүлөр чегинүүгө аргасыз болушат. Бул кагылышууда аскердик казармадан 22 жоокер өлтүрүлдү, 22 жоокер жарадар болду. Көтөрүлүшчүлөрдөн 11



**Полициянын башчысы мыршаптар менен. Фергана вилаяты. XIX кылым**

http://eduportal.uz



**Туткун алынган Ийикчи эшен**

адам курман болду, 8 и жараланды. Шаарда аскерлер менен көтөрүлүшчүлөрдүн ортосунда болуп өткөн аёосуз атышуулардын натыйжасында көтөрүлүшчүлөр гана эмес, көптөгөн тынч калктын өкүлдөрү да курман болду.

Көтөрүлүш башталгандыгы жөнүндөгү кабар алынышы менен падышалык өкмөт тездик менен чара көрүүгө жана аны бастырууга аракеттенди. Көтөрүлүш Андижанда, айныкса, орустар жашаган Жаңы шаарда элди дүрбөлөңгө түшүрдү. Колонизатордук кызмат адамдарынан тартып карапайым жарандарга чейин үрөйлөрү учуп, үйлөрүнө жашынып алышты. Ал тургай түмөнбашы полковник Коншевский да көчөгө чыкпай, үйүнөн телефон аркылуу аскердик күчтөрдү чакырды. Аскердик күчтөр үч сааттын ичинде Андижанга жетип келип, Жаңы шаарда туш келген жергиликтүү калкты окко тутат. Мунун натыйжасында көтөрүлүшкө таптакыр катышы болбогон жүздөгөн адамдар колонизаторлордун огунан курман болот.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Мухаммад Али эшен – ...** **1998-жылдын 17-майында – ...**

**Көтөрүлүштүн бастырылышы**

Андижандагы 1898-жылкы көтөрүлүштөн кийин падыша Николай II Түркстандын генерал-губернатору генерал-лейтенант А. Вревскийди кызматынан четтетип, анын милдетин убактылуу Сырдарыя вилаятынын аскердик губернатору Н. Корольковго ыйгарат. Ал колонизатордук саясатты аёосуз жүргүзүү боюнча өлкөдө гана эмес, ошондой эле империянын бийлик чөйрөлөрүндө да таанылган эле. Ага көтөрүлүшчүлөрдү таптакыр жок кылууга каратылган жаза экспедициясына тикеден-тике жетекчилик кылуу да тапшырылган болчу. Н. Корольков 1898-жылдын 20-майында көтөрүлүш чыгышынын алдын албагандыгы үчүн Фергана вилаятынын аскердик губернаторун жана бир топ кызмат адамдарын кызматтарынан бошотту. Колонизатордук өкмөт көтөрүлүштү таптакыр бастыруу үчүн анда катышкандарды ырайымсыз түрдө жазалады. Көтөрүлүш бастырылгандан кийин эки миң адам камакка алынды. Элдин көз алдында көтөрүлүшчүлөр ашкере жазаланды. Ийикчи эшен менен анын жакын шериктери асып өлтүрүлдү. Жазма булактарга ка-



http://eduportal.uz

раганда 380 адам өлүм жазасына өкүм кылынган. Бирок элдин ого бетер каарданышынан коопсураган империянын администрациясы, өзгөчө, аскердик министр А. Н. Куропаткин генерал-губернатор С. М. Духовскийге өлүм жазасын көбөйтпөстүк жөнүндө телеграмма жөнөттү. Анда өлүм жазасын каторга же камак жазасына алмаштыруу жөнүндө көрсөтмө берилет, бирок 22 адамга дайындалган өлүм жазасы өз күчүндө калат.

1898-жылы болуп өткөн көтөрүлүш жергиликтүү калктын өмүрүн коопко коюп колонизатордук зулумга каршы күрөш жүргүзүшү мүмкүндүгүн көрсөттү. Алар колдоруна курал алып кордолгон укуктары, каалоо-тилектери үчүн күрөшүштү. Көтөрүлүш изсиз кеткен жок. Ал кеңири элдик массага боштондук үчүн күрөштү карай жол көрсөттү жана миңдеген адамдарды колонизатордук зордук-зомбулукка каршы активдүү күрөшүүгө чакырды.

1898-жылдагы көтөрүлүштүн тып-тыйпылы чыгарылган болсо да, жергиликтүү элдердин көз карандысыздык жана боштондук үчүн күрөштөрүн токтото албады. Өлкөнүн түрдүү аймактарында наразылык кыймылдары түрдүүчө көрүнүштөрдө улантыла берди. Көтөрүлүш болуп өткөндөн бир жыл өтүп, 1899-жылдын 20-июнунда Фергана өрөөнүндө кайра жаңы көтөрүлүш башталды. Колонизатордукка каршы көтөрүлүштөр Түркстан өлкөсүнүн дээрлик бардык аймактарында болуп турду. Түркстан өлкөсү Россия империясы үчүн эң тынчы жок, наразылык кыймылдары жана көтөрүлүштөр токтоосуз болуп турган аймакка айланып калды.

## *Өзүңдү сынап көр!*

| | |
|---|---|
| **Н. Корольков – ...** | **Каторга – ...** |
| **1898-жылдын 25-июну – ...** | **1899-жылдын 20-июнунда – ...** |

**Көтөрүлүшчүлөрдүн каталары**

1898-жылы Андижанда башталган көтөрүлүш да өлкөнүн башка жерлеринде болуп өткөн көтөрүлүштөр сыяктуу колонизатордук өкмөттүн аскердик күчтөрү тарабынан бастырылды. Куралсыз көтөрүлүшчүлөр мыкты куралданган колонизаторлорго каршы күрөштөрдө жеңип чыгышы абдан кыйын эле. Бул көтөрүлүштүн жеңилип калышы себептеринен бири, анын бүткүл өлкө боюнча жайылып кетпегендиги жана анда жергиликтүү калктын бардык катмарларынын катышпагандыгы болду.

Көтөрүлүшчүлөр колонизаторлорго каршы каратылган кыймылдары менен, эң мурда, өлкөдөгү зордук-зомбулукка чек коймокчу болушкан. Көтөрүлүштү уюштуруудан баштап ага жетекчилик кылууга чейин катуу

тартип-эреженин жоктугу көтөрүлүшчүлөрдүн жеңилишинин бир себеби болду. Көтөрүлүшкө чыккандардын таркактыгы, анык план иштеп чыгылбагандыгы жана бардыгынын бир убакытта көтөрүлүшкө чыкпагандыгы жагдайды оордоштурду. Алсак, Кетмендөбө жана Көгарттагы адамдарга башчылык кылган Чибил болуш Ийикчи эшенге тездик менен кошулуунун ордуна айланасында жайлашкан колонизаторлорго каршы күрөш жүргүзүүгө аракеттенип, тактикалык катага жол койду. Калктын кээ бир катмарлары корkконунан, кээ бирлери көтөрүлүштүн жеңишке жетишине ишенбегендиктен көтөрүлүшкө кошулбады.

Ийикчи эшендин жетиштүү деңгээлде даярданбай, аскердик билимден кабарсыз, мыкты куралданбаган адамдар менен ачык көтөрүлүшкө чыккандыгы колонизаторлор үчүн көтөрүлүштү оңой бастырууга шарт түздү. Өлкөдө бийликтин ээси болуп алган колонизатордук өкмөт көтөрүлүштү бастырды. Андижанда чыккан көтөрүлүш Түркстан өлкөсүнүн администрациясын гана эмес, ошондой эле Россия империясынын өкмөтүн да катуу ташпишке салып коёт. Көтөрүлүштөн кийин өлкөнүн ар бир аймагында наразы маанайда болгон бардык калкты катуу көзөмөлгө алууга каратылган чаралар көрүлдү. Ар кандай наразылык көрүнүшүндөгү кыймылдарды аёосуз бастырууга киришилди.

## *Өзүңдү сынап көр!*

**Чибил болуш – ...** **Көтөрүлүштүн жеңилишинин себептери – ...**

## *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Эшен** – дин адамдарынын арасында абройго ээ болгон диний жетекчинин наамы.
**Дүкчү (ийикчи)** (фарсча – *йиг, дук)* – чарктын ийрилип жаткан жип ороло турган бөлүгү. Дүк жасаган кол өнөрчү – дүкчү дейилген.
**Казарма** (италянча – *үйчө, үжрө)* – аскердик бөлүк жайлаштырылган атайын үй.
**Каторга** – кылмышы үчүн оор эмгек шарттарында жазаны аткаруу жери.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Андижан көтөрүлүшү башталышынын себептерин айтып бер.
**2.** Көтөрүлүштүн ырайымсыз бастырылганын кандай далилдерде көрүүгө болот?
**3.** Андижан көтөрүлүшү эмне үчүн жеңилип калды?
**4.** Бул көтөрүлүш кандай мааниге ээ болду?

## 20-§. УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАРДЫН МААНИСИ

**XIX кылымдын аягындагы көтөрүлүштөрдүн жалпы өзгөчөлүктөрү**

XIX кылымдын экинчи жарымындагы улуттук-боштондук кыймылдар Түркстан өлкөсү падышалык өкмөт тарабынан баскынчылык жолу менен басып алынганын көрсөттү. Басып алынган жерлерде империянын саясий, экономикалык жана геополитикалык кызыкчылыктары биринчи орунга коюлду. Өлкө арзан чийки зат базасына, Россияда даярдалган продукциялар үчүн даяр базарга, анын калкы болсо арзан жумушчу күчүнө айланды.

XIX кылымдын экинчи жарымында Түркстан өлкөсүндө алып барылган улуттук-боштондук кыймылдар жергиликтүү калктын түрдүү көрүнүштөрдөгү наразылыктарын өзүндө камтыды. Буларга өлкөдөгү салык жана милдеттенмелердин оордугу, жергиликтүү башкаруу өкүлдөрүнүн кыянаттык менен падышалык администрацияга кызмат кылышы, көчүрүп алып келинген калкка жаңы эгин аянттарынын бөлүп берилиши, баалардын кескин жогорулашы, турмуш шарттарынын начардыгы сыяктуулар себеп болду. Мындан тышкары, карапайым калк үчүн медициналык тейлөөнүн жоктугу, жаңы өндүрүштүн жана технологиялардын империянын кызыкчылыктарына гана кызмат кылышы да жергиликтүү калк өкүлдөрүнүн массалык нааразылыктарда катышуусуна алып келген эле.

XIX кылымдын ортолорунда башталган улуттук-боштондук кыймылдар өлкөнүн түрдүү аймактарында токтоосуз түрдө улантылды.

Бул доордо болуп өткөн улуттук-боштондук кыймылдардын көпчүлүгү өлкөнүн белгилүү бир аймактарында болуп өткөн болсо да, анын жаңырыгы бүткүл өлкөгө таралды. Ар бир көтөрүлүш башка жерлерде да нааразылык кыймылдарына жана ал жердеги калктын боштондук үчүн колонизаторлорго каршы күрөш жүргүзүшүнө рухий таасир көрсөттү.

Көтөрүлүштөр бастырылганы менен анын катышуучулары өлкөнүн түрдүү аймактарына качып барып, өздөрүнүн иштерин улантышты.

**Көтөрүлүштөрдүн мааниси**

XIX кылымдын экинчи жарымында жүргөн улуттук-боштондук кыймылдарда өлкө элдеринин дээрлик бардыгынан өкүлдөр катышкандыгы менен маанилүү саналат. Көтөрүлүштөрдө калктын түрдүү катмарынын өкүлдөрү, башкача айтканда дыйкандар, кол өнөрчүлөр, дин илимпоздору, айыл аксакалдары, миңбашылар, казылар, ал тургай чоң мүлк ээлери, соодагерлер катышкан.

Бул көтөрүлүштөрдө падышалык өкмөт өлкөнүн түпкүлүктүү калкы көз карандысыздыктын жана азаттыктын жолунан кайтпастыгын, ар кандай зор-



http://eduportal.uz

дук-зомбулук, күчтүү көзөмөл жана катуу жазалар да аларды изги тилектеринен чегинте албасын түшүнүп жетти. Колонизатордук өкмөт өлкөнү колдон чыгарбастык үчүн назик саясат жүргүзүү керектигин түшүнүп, келечекте көтөрүлүш чыкпастыгы үчүн ар тараптуу иш-чара көрүүгө аракеттенди.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы улуттук-боштондук кыймылдар мекенибиз тарыхында улуттук көз карандысыздык жана боштондук күрөшү иретинде чоң мааниге ээ. Бул доордогу улуттук-боштондук кыймылдар Болотхан, Жетимхан, Дербишхан, Мухаммад Али эшен сыяктуу инсандардын жетекчилигинде ишке ашты.

XIX кылымдын экинчи жарымындагы улуттук-боштондук кыймылдарда Түркстан калкынын саясий, коомдук, экономикалык, диний жана улуттук-боштондук үчүн күрөштөрү өз ара шайкеш түрдө жүрдү.

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын экинчи жарымындагы улуттук-боштондук кыймылдар өлкө калкынын коомдук абалына, улуттук келип чыгышына карабастан, Мекендин көз карандысыздыгы, журттун азаттыгы, элдин эркиндиги бардыгынын жалпы максаты болгондугун көрсөтөт.

Көтөрүлүштөр характери боюнча улуттук-боштондук рухунда жүрдү, анткени бул көтөрүлүштөрдүн негизги күчү кеңири элдик масса болуп, алар колонизатордук тартиптерге каршы эр жүрөктүүлүк менен күрөштү. Алар журттун чыныгы берилген атуулдары экендиктерин иш жүзүндө далилдешти жана эрдиктери менен Мекен тарыхынын барактарынан татыктуу орун ээлешти.

## *Өзүңдү сынап көр!*

**Көтөрүлүштөрдө … катышты.**

**Көтөрүлүштөрдүн мааниси – …**

**Эң көп нааразылыктар болуп өткөн аймактар ...**

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. XIX кылымдын аягындагы көтөрүлүштөр Түркстандын кайсы аймактарында кеңири түс алды?
2. XIX кылымдын аягындагы көтөрүлүштөрдүн натыйжалары жана мааниси жөнүндө эмнелерди билдиң?
3. XIX кылымдын аягында Түркстандагы элдик көтөрүлүштөрдүн негизги себептерин санап бер.
4. Төмөнкү жадыбалды толтур:

| Көтөрүлүш жетекчиси | Датасы | Себептери | Натыйжалары |
|---|---|---|---|
| | | | |



http://eduportal.uz

# V БӨЛҮМ

# XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА КАРАКАЛПАКТАР

## 21-§. XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА КАРАКАЛПАКТАРДЫН АЙМАКТЫК ЖАЙЛАШУУСУ ЖАНА КООМДУК ТУРМУШУ

**XIX кылымда каракалпактар**

Тарыхта каракалпактар Уралдын, кийин Волганын бойлорунда, Аралдын бойлорунда жана Сырдарыянын төмөнкү бассейнинде жашашкан. Алардын жер которуп жашашына көбүрөөк тышкы факторлор себеп болду. XIX кылымдын баштарында төмөнкү Амударыянын бассейнинде, Аралдын түштүк жана түштүк-батыш жактарында туруктуу жашоо мүнөзүнө өтө башташат. Алар кээде казактардын, кээде түркмөндөрдүн чабуулдарына кабылып, Хива хандыгынын жарандыгына өтүүгө аргасыз болушат. Төмөнкү Амударыянын чөлдүү жана чөлгө туташ шорлуу кең талааларын өздөрүнүн машакаттуу эмгеги менен өздөштүрүшөт. Отуруктуу жашоо мүнөзүнө өтө баштагандан кийин, дыйканчылык менен алектенүү каракалпактардын турмушунда негизги орунду ээлей баштады. Ошентсе да мал чарбачылыгы жетекчи тармактардан бири болуп кала берди.

XIX кылымдын ортолорунда каракалпактар Хива хандыгынын бийлигинде болуп, Амударыянын эки жээгинде, Арал деңизине куйган жерлерде жашашкан. Алардын саны болжол менен 100 миң адамдан ашпаган. Каракалпактарга берилген жерлер хандык мүлк эсептелген, алар бул жерлер үчүн салык төлөшкөн. Түрдүү милдеттенмелерди аткарышкан.

**Каракалпактардын социалдык абалы**

Каракалпактар урууларга бөлүнгөн, аларда жерден пайдалануу жамаат иретинде жүргөн. Уруулар сугат каналдарынын казылышы үчүн жоптуу болушкан. Мал чарбачылыгы жеке менчик болгондуктан, ага уруунун тамгасы басылган жана жамааттын жайлоолорунда багылган. Каракалпактардын ар бир аулунун калкы бир урууга таандык болгон. Башкаруу ыңгайлуураак болушу үчүн Мухаммад Рахим I «Каракалпак улусун» калыптандырды, бардык каракалпак жамааттары мына ушул улуска кирген. Улусту башкаруу хандын колунда болгон. Уруулар менен уруктар кыйла ири топторго бириктирилди жана аларды башкаруу үчүн хан сарайынан *аталык* жана *бектербеги* дайындалган. Айрым вилаяттарды башкаруу үчүн хан дайындаган акимдер, адатта, өкүмдардын жакындары болгон.

Каракалпактын динчилдери, эшендери жана абройлуу адамдары Хива хандарынын өзгөчө көзөмөлүндө болушкан. Каракалпактардын арасында соттордун эки түрү – *казылар соту* жана *бийлер соту* болгон.

***Өзүңдү сынап көр!***

**XIX к. баштарында каракалпактар – …**
**Каракалпактар … жашашкан.**
**Соттордун эки түрү – …**
**XIX кылымдын ортолорунда … .**

**Чарбасы жана алектенүүсү**

Каракалпактар XIX кылымдын экинчи жарымына келип отурукташып, дыйканчылык алардын турмушунда негизги орунду ээлей баштады. Бирок мал чарбасы да жетекчи тармактардан бири болуп кала берди. Дыйканчылык иштери күчөгөн учурларда каракалпак үй-бүлөлөрү эгинзарлардын ыңгайлуу жерлерине өздөрүнүн боз үйлөрүн тигип эмгектенишкен. Мына ушундай тынч эмгек менен алек болгон учурларда баскынчылык менен байлык чогултууну кесип кылган каракчы топтор каракалпактардын боз үйлөрүнө күтүлбөгөндө чабуул жасашкан. Мунун натыйжасында алар көптөгөн мүлктөрүнөн ажырашкан. Мындай учурларда журттун аксакалдары Хиванын ханынан өздөрүн коргоого алууну сурап чабарман жөнөтүшкөн.

Каракалпактардын турмушунда балыкчылык менен аңчылык да маанилүү роль ойногон. Амударыянын бойлорунда жана Арал деңизинин айланасындагы көлдөрдө балык көп болуп, бул көптөгөн үй-бүлөлөр жана уруулар үчүн негизги тиричилик булагы эле. А түгүл чыгыштан батышка бара жаткан соода кербендери туздалган балыкты көп санда мына ошол балыкчылык менен алектенген үй-бүлөлөрдөн алып кетишкен. Каракалпактар, негизинен, үй тиричилик үчүн керектүү буюмдарды даярдоо менен алектенишкен. Керектөөдөн ашкан буюмдар болсо базарга чыгарылган.Алар боз үйлөрүнүн айланасын курчоо үчүн кездеме токуп, төөнүн жүнүнөн гүлдүү кийиздер согушкан. Алардын элдик колдонмо көркөм өнөрүндө боз үйлөр үчүн орнаменттүү эшиктерди жана башка үй-тирдик буюмдарын жасоо, килем согуу, сайма саюу жогорку деңгээлде өнүккөн. Бул каракалпактарда кол өнөрчүлүк тармактарынын да өнүккөндүгүн, алар, айныкса, жыгач менен сөөктү иштетүү боюнча колунан көөрү төгүлгөн чебер уста болушканын көрсөтөт.


**Каракалпак жасалгалары**

**Өзүңдү сынап көр!**

**Каракалпактардын алектенүүсү ...**
**Каракалпактарда дыйканчылык ...**

**Каракалпактарда уруучулук жана уруучулук мамилелери**

XIX кылымда да каракалпактардын айрым аулдарында уруу мамилелери улантылды. Кытай-кыпчак, маңгыт, кенагас урууларынын курамындагы уруктар «он төрт урук» – арыс (урук) бирикмесин түзгөн. Арыстардын арасында эң ириси он төрт урук болсо, аскердик күч боюнча экинчи орунда шуллук менен жаунгурду бириктирген арыс-коңураттар турган. Аларда жер-суу мүлкү, мал чарбасынын продукциялары уруунуку деп эсептелгени менен, уруу аксакалдарынын, дин адамдарынын жана бийлеринин үлүшү чоң санды түзгөн. Мындай жагдай XIX кылымдын экинчи жарымында катмарларга бөлүнүү жараянынын күчөшүн дагы да тездештирди.

Каракалпак урууларын башкаруу бий жана анын аксакалдарынын колунда болгон. Уруунун бийлерин Хиванын хандары дайындаган жана алардын кызматка дайындалганын ырастаган жарлык беришкен. Бийлер кол астындагы уруунун каалаган мүчөсүн жасаган күнөөсү үчүн жазалап, ылайык көргөн адамдарына сыйлык жана белектер тартуулаган. Хива ханынын ишеничин актаган бийлердин ыйгарым укуктары дагы да кеңитилип, аларга өзгөчө көңүл бурулган.



Каракалпак отау

XIX кылымдын экинчи жарымында бүткүл каракалпак урууларын башкаруу, салыктарды өндүрүү, аскердик кызматты өтөө милдеттенмелерине тиешелүү иштерди тартипке салуу максатында *бектербеги* кызматы дайындалган. Айрым түмөндөрдү башкаруу үчүн болсо хан өзүнүн тууган-уруктарын жана ишенимдүү адамдарын каракалпактар жашаган төмөнкү Амударыя жана Аралбою аймактарына жөнөтүп турган. Ислам дининин негиздерин каракалпак элинин арасында бекемдөө үчүн болсо Хивадан мусулман дин адамдары да жөнөтүлгөн.

**Үрп-адаттары жана жашоо мүнөзү**

Каракалпактарда уруучулук өзүнө мүнөздүү баалуулук болуп, анын таасири үй-бүлө жана тууганчылык мамилелеринде таасын көрүнгөн. Ар бир уруу өзүнүн уругунун бекемдигин камсыздоого умтулган.



http://eduportal.uz

Ар бир уруунун өзүнө мүнөздүү сөөк коюу салттары болуп, алардын көрүстөндөрү да башка-башка болгон. Салт боюнча мазарга аларда ошол уруунун белгилүү олуясы же пир даражасындагы адамдары коюлган.

Той-маарекелерде уруунун бардык мүчөлөрү катышууга тийиш болгон. Жалпысынан алганда, каракалпактар көчмөндүктөн отуруктуу турмушка өткөнгө чейин болгон узак доордо, эл болуп калыптануу жараянында өзүнө мүнөздүү руханий-материалдык баалуулуктарды жаратты. Мээримдүүлүк, гумандуулук идеялары менен сугарылган жашоо мүнөзү калыптанды. «Кырк кыз» жана башка түркий элдердин руханий мүлкү саналган түрдүү дастандарда берешендик, эркти сүйүүчүлүк, Мекенге берилгендик, таза сүйүү, ар-намыс үстөмдүк кылган. Бул идеялар каракалпак элинин турмушунан бекем орун алды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Он төрт уруу – ...**
**Үрп-адаттар – ...**
**Бектербеги – ...**
**Уруунун бийлери – ...**

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Каракалпактар XIX кылымдын ортолорунда кайсы аймактарда жашаган?
2. XIX кылымдын экинчи жарымында каракалпак урууларын башкаруу кантип ишке ашырылды?
3. Каракалпактардын алектенүүсүнүн негизги түрлөрүн айтып бер.
4. Каракалпак дастандарында кандай идеялар илгери сүрүлөт?

## 22-§. САЛЫКТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР. ЭЛДИК КӨТӨРҮЛҮШТӨР

**Салык жана милдеттенмелердин түрлөрү**

Каракалпактар да Хива хандыгынын жарандары сыяктуу ошол доордогу хандыкта бар болгон салыктарды төлөшүп, милдеттенмелерди аткарышкан. Калктан жер салыгы – **салгут,** дин адамдарынын пайдасына – **үшр** салыгы өндүрүлгөн. Согуш учурларында каракалпактар да **«казан пулу»** салыгын төлөшкөн.

Мал чарбачылыгы менен алектенген ар бир үй-бүлө бодо малдарынын кырктан бир бөлүгүн зекет салыгы иретинде төлөгөн. XIX кылымдын экинчи жарымында калктан 40 баш бодо мал үчүн акча эсебинде 9 сум, 40 баш кой жана эчки үчүн 2 сум 50 тыйын көлөмүндө зекет алынган.



http://eduportal.uz

Салыктарды төлөөдөн тышкары каракалпактар көбүнесе салыктардан оорураак болгон түрдүү милдеттенмелерди да аткарышкан. Милдеттенмелерден эң оору – бул ар бир үй-бүлөдөн бир эркек адамдын 12 күн бою арык казуу иштеринде катышуусу эле. Милдеттенмелердин бүткүл оордугу уруу жамаатынын карапайым мүчөлөрүнүн чегине түшкөн. Согуш учурларында калктын милдеттүү аскердик кызматка чакырылышы да негизги милдеттенмелерден бири эле. Мында ар бир жамаат 1000 ден 2000 ге чейин жоокер берүүгө тийиш болгон. Жоокер жеткирип бере албаган жамааттар кошумча салык төлөгөн. Мобилизация учурунда мындай жамааттардан 180 миң сумдан 250 миң сумга чейин акча чогултулган. Салгылашууларда каракалпактардын арасынан көптөгөн баатыр жоокерлер жетишип чыккан.



**Милдеттенмени аткаруу**

***Өзүңдү сынап көр!***

**Казан пулу – ... Милдеттер – ... Салгут – ...**

**Элдик көтөрүлүштөр**

Хиванын ханы Мухаммад Аминхандын (1845–1855) бийлигинин аяк ченинде Россия империясынын Орто Азияга аскердик кооп салуусу күчөп кетти. Алар түркмөндөрдүн башчылары менен каракалпак аксакал жана бийлерин Хиванын ханына каршы коюп, хандыкты бытыранды кылууга урунушту. Ошол убакытта Хива хандыгы менен Бухара амирлигинин ортосунда аймактык конфликт да бар эле. Хиванын ханы коргонууну күчөтүү чараларын көрдү. Бул көптөгөн каражаттарды талап кылган. Казнаны толтуруу үчүн калкка салынган салыктардын саны чоңоюп жатты. Россия империясы өзбек, түркмөн, кыргыз, казак жана каракалпак элдерин бирин-бирине каршы коюп, түркмөн, каракалпак, кыргыз, казак уруу башчыларын чоң акчага сатып алуу саясатын да жүргүзгөн.

Бул жараяндардын натыйжасында, 1855-жылы каракалпактардын *колдавлы* урусунан болгон *Эрназарбийдин* башчылыгындагы көтөрүлүш башталат. Каракалпактар Хива хандыгына мындан ары баш ийбестиктерин жарыялашат. Эрназарбий Россиянын таасиринде болгон казак уруу башчыларынан бири Зарыкты хан көтөрүп, Россия империясынын тескөөсүнө өтүүгө



**Хива хандыгынын көчмөн эли. XIX к.**

умтулган. Россия империясы дал ушул уруудагы көтөрүлүш менен кыймыл-аракеттерди акчалай-каражаттар менен гана эмес, ошондой эле аскердик жардам жиберүү менен да колдоп-кубаттоого урунган.

1856-жылы Саид Мухаммадхан Хиванын тактыга отургандан кийин, Эрназарбийдин көтөрүлүшүн бастыруу үчүн чоң кошуун жиберет. Хивадан жиберилген жасоол башы Мухаммаднияз Эрназарбийдин көтөрүлүшүн бастыруу үчүн аттанды. Муну уккан Эрназарбий өзү курдурган Казакдарыя чебине орношуп алып, коргонуу согушуна даярдык көрдү.

Чоң кошуун курчоого алууга киришкенин көргөн көтөрүлүшчүлөрдүн арасында келишпестиктер чыгып, Эрназарбий атып салынды. Аны акырына чейин колдоп-кубаттоону чечкен топтор жашырын жолдор аркылуу чептен чыгып, 1853-жылы орустар тарабынан басып алынган Акмечит чебинен баш маанек табат. Алар падышалык өкмөттөн каракалпактарды Россия империясынын жарандыгына өткөрүлүшүн өтүнүп кайрылышат. Бүткүл каракалпак элинин атынан сүйлөө укугуна ээ болбогон айрым аксакал же бийлердин кайрылуусу Россиянын тышкы иштер жана аскердик министрликтери тарабынан апыртылып, «Россияга бүткүл түркий уруулар өздөрүн кошуп алууну өтүнүп кайрылып жатышат, алар Хива хандыгынын да, Кокон хандыгынын да курамында болууну каалашпай жатышат», деген шылтоо менен өздөрүнүн кыймыл-аракеттерин жашырууга урунушат.



**Каракалпак аялы**

1858–1859-жылдары каракалпак урууларынан айрымдары кайра көтөрүлүш чыгарышат. Коңурат шаары көтөрүлүштүн борборуна айланды. Хиванын ханы көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз жазалоону жана тып-тыйпылын чыгарууну түркмөн күжүрмөн күчтөрүнүн башчысы *Атамуратханга* тапшырды. Натыйжада көтөрүлүш аёосуз бастырылып, анын борбору – Коңурат шаары ойрондолот.

Көпчүлүк каракалпактар Россия империясынын курамына кошулууну каалабай жандаш жана кандаш түркий эл – өзбектер менен чогуу жашоонун зарылчылыгын жакшы түшүнгөн. Келип чыгышы эзел-

http://eduportal.uz

теден бир болгон бул элдерде бирдиктүү түркийлер жеринде чогуу жашоо тилеги басымдуулук кылган.

Падышалык өкмөт тарабынан Хива хандыгы вассалга айландырылгандан кийин, Амударыя бөлүмүндөгү каракалпактарга карата зордук-зомбулук күчөйт. Бийбазар жана Нукус волостторунда колонизаторлорго каршы Баба Гоклан башчылыгындагы элдик көтөрүлүш олуттуу түс алып, дээрлик он жылга (1881–1891) созулат.

Дыйкандар абалынын начарлашы натыйжасында 1900-жылы Нукус волосту менен Коңурат бектигинде наразылык кыймылдары күч алды. Мындай кыймылдар колонизатордук өкмөт тарабынан аёосуз бастырылды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Мухаммад Аминхан – ...** **Атамуратхан – ...** **Эрназарбий – ...**
**Көтөрүлүштүн борбору – ...** **Зарык – ...** **Баба Гоклан – ...**

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Каракалпактарда салыктын кандай түрлөрү болгон?
2. Өзбек хандыктары менен каракалпактардын салык системасында кандай окшоштуктар бар?
3. Эрназарбий башчылыгындагы көтөрүлүш кандай мааниге ээ болду?
4. XIX кылымдын экинчи жарымында болгон көтөрүлүштөрдүн маани-маңызы эмнеден турат?

## 23-§. КАРАКАЛПАКТАР ТҮРКСТАН ГЕНЕРАЛ-ГУБЕРНАТОРЛУГУНУН КУРАМЫНДА

**Гандимиён келишиминен кийин каракалпактардын турмушундагы өзгөрүүлөр**

Хиванын хандары тарабынан каракалпактардын көчмөн турмушу чектелгенден кийин, кыска убакыттын ичинде каракалпактар хандыкта бир нече жаңы дыйканчылык райондорун түзүштү. XIX кылымдын 1870-жылдарына келип алар дээрлик отуруктуу жашоо мүнөзүнө өтүштү. Каракалпактар Амударыянын эки жээгинде тең созулуп жаткан кендиктерди өздөштүрүп, шалы, буудай, арпа жана пахта өстүрүштү. 1868-жылы Россиянын газеталарынан бири минтип жазат: «Бул элдин негизги жана дээрлик жападан-жалгыз өнөрү дыйканчылыктан турат, мээнеткечти-

гинин шарапатынан каракалпактын жерлери жакшы сугарылат жана эч жерде, а түгүл чыгыр менен көтөрүлө турган жерлерде да суунун жетишсиздиги сезилбейт».

Падышалык өкмөт кошуундарынын 1873-жылы Хива хандыгына баскынчылык жортуулунан жана Гандимиён келишимине кол коюлгандан кийин Амударыянын оң жээгинде жайлашкан каракалпак жерлери Россия империясына кошуп алынды. Бул жерде Түркстан генерал-губернаторлугунун Сырдарыя вилаяты курамына кирген Амударыя бөлүмү түзүлдү. Каракалпактардын Амударыянын сол жээгинде жашаган азыраак бөлүгү Хива хандыгынын курамында калат.



**Аралда балыкка аң уулоо**

Амударыя бөлүмүндө каракалпактардын саны дээрлик 70 миң кишиге жетип, бул жердеги жалпы калктын 48,6 % ын түзгөн. Россиядан көчүп келген адамдар дээрлик миң кишидей болуп, Петро-Александровскто (азыркы Төрткөлдө), Уралский посёлкасында жана Нукус айылында жашаган. Алардын көпчүлүгү 1875-жылы падышалык өкмөт тарабынан армия кызматы жөнүндөгү жаңы Уставга баш ийбегендиги үчүн бул жерлерге сүргүндөп көчүрүлгөн Урал казактарынан болчу. Алар негизинен балыкка аң уулоо менен алектенишкен.

Хива хандыгынын аймагында каракалпактардын саны 3,8% ды, башкача айтканда дээрлик 25 миң адамды түзгөн. Каракалпактар жашап келген аймактардын Россия империясына кошуп алынышы натыйжасында падышалык өкмөттүн Орто Азиядагы таасир чеги дагы да кеңиди.

Эки аймакта тең жашаган каракалпактардын 70 % дан ашууну жерсиз дыйкандар болуп, алар негизинен жалданып эмгектенишкен.

Каракалпактар жашап келген аймактардын Россия империясына кошуп алынышы жана Россия капиталынын кирип келиши товар-акча мамилеләринин жана сүткордуктун күчөшүнө алып келди. Пахта тазалоо жана балыкчылык тармактарында баштапкы өнөр жай ишканалары пайда боло баштады.

XIX кылымдын 70-жылдарында каракалпактарда соода мамилелери өнүгүп отурду. Чымбайда калк жашаган райондорду экономикалык жактан бириктирген шаардын базары пайда болду. Каракалпак кол өнөрчүлөрү менен дыйкандары базар жүргөн күндөрү өздөрүнүн продукцияларын сатуу үчүн Чымбайга келишкен.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Амударыя бөлүмү – ...** **1873-жылы – ...** **Урал казактары – ...**

**Коомдук-экономикалык өзгөрүүлөр**

Чымбай Россия империясын жана Хива хандыгын негизги экономикалык борборлор менен байланыштырган. Бул жерде көптөгөн дүкөндөр болуп, чоң базарга жакын жерде ири кербен сарай жайлашкан болчу. Алгачкы оорукана жана мектептер пайда болду, бирок алар жетиштүү эмес эле. Алсак, 1914-жылы каракалпактар жашаган жерлерде болгону төрт жалпы билим берүүчү мектепте 200 окуучу окуп, эки оорукана менен фельдшерлик пунктунда үч дарыгер иштеген.

Дыйкандар менен малчылардын ортосунда мүлк боюнча катмарлануу күчөдү. Айрым бийлер, жүзбашылар, молдо жана эшендердин жер мүлктөрү 15 миң танапка чейин (1 танап – 2500 кв. м жер) болсо, карапайым элдин участкалары 1–2 танаптан ашпаган.

Калктын катмарланышы каракалпактарда мал чарбасынын санына карай да белгиленген. 1871–1872-жылдардын маалыматтарына караганда, уруунун көпчүлүк карапайым мүчөлөрүнүн мал чарбасы болбогон, айрым байлар миң башка чейин бодо мал жана 1,5 миң башка чейин кой-козу кармаган.

Жакырлашкан жана иши оңбой калган дыйкандар чоң жер ээлери менен байларга көз каранды болуп калышты. Жамааттын бай мүчөлөрү жардам иретинде өздөрүнүн тууган-уруктарына жерди түшүмдүн тең жарымы – «жарымчы» шарты менен беришкен. Жерсиз жана малсыз калган дыйкандар болсо ар кандай оор иштерди аткарышкан. Бай малчылар менен жер ээлери малдардан жана жерден пайдалангандык үчүн аларды иштеп берүүгө аргасыз кылышкан.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Алектенүүсү – ...** **«Жарымчы» – ...** **Чымбай – ...**

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Россия империясы басып алгандан кийин каракалпактардын турмушунда кандай өзгөрүштөр болду?
2. Каракалпактарда урук-урууучулук мамилелер, башкаруу системасы кандай эле?
3. Каракалпактардын товар-акча мамилелери жөнүндө сүйлөп бер.
4. Кайсы Хива ханынын тушунда «Каракалпак улусу» калыптанды?



http://eduportal.uz

## 24-§. XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА КАРАКАЛПАКТАРДЫН МАДАНИЯТЫ

**Элдик оозеки чыгармачылык**

Тынч турмуш издеп кылымдар бою жер которуп жүргөн каракалпак эли материалдык маданият эстеликтерин толук сактап калуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болбогон.

Элдик талантты көрсөткөн бай оозеки поэзиялык чыгармачылыктын жанрлары кыйла көп болгон. Алардын арасында макалдар, накыл сөздөр, айтыштар, насыйкат ырларында туюнтулган «аталар сөзү» өз алдынча ажыралып турган. Каракалпак элдик оозеки чыгармачылыгында күлкү-шакабанын каарманы болгон образ Өмүрбек лаккы аркылуу ыпыластык, жамандык, кара өзгөйлүк, зулум сыяктуу терс сапаттар мыскыл жолу менен ашкереленип, эмгекти сүйүүчүлүк, изгилик, баатырдык улууланган. Элдик чыгармачылыктын үлгүлөрү каракалпак аялдары колдорунун мээрими менен жаратылган кийиздердеги укмуштуудай орнаменттерде, музыкалык обондордо, ата-бабалардан урпактарга жетип келген элдик оозеки чыгармаларда сакталып калган.

Кеңири таралган дастан жанры баатырдык жөнүндөгү ыр түрүндө чыгарма болуп, аларда элдин бакыт-таалайы жана жыргалдуу турмушу үчүн күрөшкөн айкөл баатырлардын эр жүрөктүгү ырдалган. Дастандардын арасында каракалпактардын боштондугу үчүн бааатырдык күрөшү сүрөттөлгөн «Кырк кыз» дастаны өз алдынча ажыралып турат. Дастанда Саркубдун өкүмдары Аллаяр кызы Гүлайымга Муели деген түшүмдүү жерди тартуулаганы жөнүндө айтылат. Ал жерде Гүлайым менен анын кырк жолдошу бекем чеп курушат. Душмандар Саркубга чабуул жасап, Гүлайымдын атасын өлтүрүшөт. Саркубдун жерлери талап-тонолот, саркубдуктардын көпчүлүгү туткунга алынып айдап кетилет. Гүлайым менен анын жолдоштору душманга каршы күрөшкө аттанышат жана Ата Мекенге боштондукту кайра алып беришет. Бул иште Гүлайымга анын сүйгөнү харезмдик баатыр Арстан жардам берет. Дастандын башкы идеясы – жогорку патриоттук сезими жана Ата Мекенге, элге болон чыныгы сүйүү. «Кырк кыз» дастаны бүгүнкү күндө элдик оозеки чыгармачылыктын шедеврлеринен бири саналат.



**Каракалпак бакшысы**

*Өзүңдү сынап көр!*

**Өмүрбек лаккы – ...** **Гүлайым – ...**
**«Кырк кыз» – ...** **Дастандар – ...**

**Илим-билим**

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында каракалпактарда бир топ медресе болуп, эң чоңдору Каракум эшен жана Таш медреселери эле. Каракум эшен медресеси XIX кылымдын ортолорунда курулган. Баштап ал мечиттин милдетин аткарган. Таш медресе 1841-жылы Маңгыттын акими Кожоныяз тарабынан курдурулган. Медреседе билим берүү эки баскычтуу болуп, биринчи баскычта араб тилинин грамматикасы үйрөнүлгөн болсо, кийинки баскычта диний-укуктук билимдер окутулган.

XIX кылымдын аягында каракалпактардын жазма чыгармалары өнүгө баштады. Каракалпак акындар Күнкожо (1799–1880), Аташ Алшынбай (1788–1875), Ажыныяз (1824–1878) сыяктуулардын аттары кеңири таанылды. Алар билимдүү, тагдырын элдин тагдыры менен тыгыз байлаган адамдар болгон. Мисалы, Күнкожо өзүнүн чыгармаларын аулдардын карапайым калкына, алардын эмгеги жана турмушуна арнады. Ал адилетсиз тартиптерди катуу каралаган.

Ажынияз Косубай уулу (псевдоними Зевар) Мойноктогу эски мектепте, кийин Хивадагы Шергазыхан медресесинде окуган. Каракалпак интеллигенттери арасында биринчилерден болуп ахунд (окумуштуу, билимдүү адам; элдик дастандардын чебер ырчысы) даражасын алган. Өзбек, казак, түркмөн тилдерин мыкты билген. Анын «Бозотау» дастанында каракалпак элинин турмушу, алардын аргасыз жер которуп жүргөн окуялары чоң чебердик менен сүрөттөлгөн. Адабий мурасынан бизге 100 гө жакын ыр жана дастандар жетип келген. Ырларында Мекенди сүйүү, гумандуулук идеялары үстөмдүк кылган. «Кыз Менгеш менен айтышуу» чыгармасы эл арасында абдан таанылуу болгон. Өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө каракалпак жазуучусы К. Султанов «Ажыныяз» романын жазган.


**Бердак**

Бердак (1827–1900) каракалпактардын залкар акыны саналат. Ал коңурат уруусунан болуп, Арал боюнда төрөлгөн. Аул мектебинде, андан

кийин Каракум эшен медресесинде окуган. 20 жашынан ыр жаза баштаган жана жарым кылым бою түрдүү темаларда ырлар жазды. Бердак өзүнүн чыгармачылыгын эли үчүн өлбөс-өчпөс чыгармалар жаратууга арнады. Ырларынан бири да «Эл үчүн» деп аталган. Анын ырларында зулумду каралаган сезим, изгилик басымдуулук кылган. Алсак, «Акмак падыша» дастаны ошондой укмуштуу таасир күчүнө ээ эле. Тарыхый темадагы «Урпактар», «Амангелди», «Айдосбий», «Эрназарбий» чыгармаларында акын өз элинин баатырларын сыймыктануу менен ырдайт.

XX кылымдын баштарына келип каракалпак адабиятындагы демократиялык салттарды жаңы муундун өкүлдөрү Умар, Кулумбет, Сарыбай, Кулмурат, Садык сыяктуулар улантышты.

## *Өзүңдү сынап көр!*

**Күнкожо – ...**
**Бердак – ...**

**Зевар – ...**
**Медреселер ...**

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- XIX кылымдын биринчи жарымынан Хива ханынын бийлиги астында отуруктуу жашоо мүнөзүнө өтүү.
- Негизги иштер: дыйканчылык, балыкка аң уулоо, кол өнөрчүлүк.
- 1873-жылы – Түркстан генерал-губернаторлугу курамында Амударыя бөлүмүнүн түзүлүшү – товар-акча мамилелеринин өнүгүшү.
- салыктар жана милдеттенмелер: зекет, салгут, үшр; казуу иштери; нөөкөрлүккө алуу.
- Бердак, Күнкожо, Аташ Алшынбай, Ажыныяз.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Каракалпактарда элдик чыгармачылык кайсы формаларда өнүктү?
**2.** Каракалпактардын эң белгилүү «Кырк кыз» дастанынын мазмунун айтып бер.
**3.** Ажыныяздын чыгармачылыгы жөнүндө эмнелерди билип алдың?
**4.** Бердактын тарыхый дастандарын айтып бер.
**5.** Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Жашаган аймагы | Салык жана милдеттенмелери | Көтөрүлүштөр | Маданияты |
|---|---|---|---|
| | | | |

http://eduportal.uz

## VI БӨЛҮМ

# ЖАДИДДЕР КЫЙМЫЛЫ ЖАНА АНЫН ТҮРКСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУНДАГЫ МААНИСИ

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- ► жадидчилик кыймылынын пайда болуу себептери;
- ► жадиддердин максат жана милдеттери;
- ► Түркстандын коомдук-саясий жана маданий турмушунда жадидчилик кыймылы өкүлдөрүнүн орду;
- ► Түркстанда агартуучулук кыймылынын натыйжалары жана мааниси жөнүндө билип аласың.

## 25-§. ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

**Орто Азияда жадидчилик кыймылынын пайда болуу шарттары**

Россия империясы тарабынан Орто Азия хандыктарынын басып алынышы бул аймактын кризиске кабылышына, дүйнөнүн өнүккөн өлкөлөрүнөн көп тармактар боюнча артта калып кетишине, улуттук баалуулуктардын кордолушуна алып келди. Билим берүү жаатында да империянын кызыкчылыктарынан келип чыгып, жергиликтүү калкты сабатсыздыкта, түркөйлүктө кармап турууга каратылган саясат жүргүзүлдү.

Түркстанда колонизатордукка каршы улуттук-боштондук кыймылдары менен бирге жергиликтүү калктын көпчүлүк бөлүгү улуттук маданиятты асырап-абайлоону бир күн да унуткан жок. Орто Азияга салыштырмалуу Россия империясынын аскердик жактан үстөмдүгү жергиликтүү калктын ачыктан-ачык күрөш жүргүзүшүнө мүмкүнчүлүк бербеди. Ошондуктан Мекендин, улуттун, элдин кайгысын түшүнгөн адамдар, айныкса, интеллигенттер элди боштондукка алып чыгуучу жол бул – анын көзүн ачуу деп билди. Алар элге билим бербей туруп, көз карандысыздыкка жетишүүгө болбойт, деп эсептешкен жана элдин арасында алдыңкы идеяларды таратууда билим берүүнү негизги каражат деп билишти. Өлкөнүн улуттук интеллигенттеринин коомду жаңылоого жана реформалоого каратылган кыймылы жадидчилик наамы менен майданга чыкты.

http://eduportal.uz

*Эсте сакта!*

**XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап Түркстанда агартуучулук кыймылы пайда болду.**

## Жадидчилик кыймылынын пайда болушу

Ар бир коомдогу өзгөрүш өз доорунун тарыхый шарттарынан келип чыгып ишке ашат. Бул өзгөрүштөрдө тарыхый адамдардын, айныкса, интеллигенттердин орду өзгөчө болуп, алардын ар бири өзүнө мүнөздүү идея менен чыгат. Алар коомдогу социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдорун табууга аракеттенет. Ушундай жараян XIX к. экинчи жарымында Россия империясынын курамына кирген Крым, Кавказ арты, Түркстан, протекторатка айландырылган Бухара амирлиги жана Хива хандыгында да жүрдү. XIX кылымдын экинчи жарымында колонизатордук зулум астындагы интеллигенттер өзүнүн элдерин билимдүү кылуу жана алардын өнүгүү деңгээлин жогорулатуу боюнча кыймыл башташты.

Крым-татар агартуучусу *Ысмайыл Гаспиралы* (1851–1914) бүткүл түркий элдерде кеңири жайылган жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү саналат. Ал диний жана дүйнөлүк билимдерди терең ээлеп, дүйнөлүк өнүгүү менен жакындан таанышкан, бир нече чет тилдерин, түрдүү элдердин маданияттарын үйрөнгөн. Алган билимдеринин негизинде Чыгыш жана Батыш дүйнөлөрүн салыштырып, өзү таандык түркий элдердин өнүгүү жолдорун издейт. Ысмайыл Гаспиралы 1884-жылы Крымдагы Бакчасарай шаарында биринчи жадид мектебине негиз салды. Өзү түзгөн программанын негизинде окуу китебин даярдады. Ошол программа менен 40 күндө 12 окуучунун сабаты ачылды. Бул усул «усули савтия» – тамга добушунун усулу, башкача айтканда «усули жадид» аталышы менен кеңири таралды. Анын 1888-жылы «Рахбари муаллимин же мугалимдерге жолдош» аттуу китеби басмадан чыкты. Анда жаңы усул мектептеринин билим берүү системасы, сабак өтүү жана аны уюштуруу, окуу бөлмөлөрүнүн жабдылышы, сабактардын жадыбалы, каникулдар, экзамендер баяндалган.



**Жадид мектебинин коргону**

«Жадид» арабча «жаңы» деген маанини билдирет. Жадиддер Россия империясынын колониясы болгон элдердин билим берүү системасын жакшыртуу, реформалоо, жаштарга диний билимдер менен кошо дүйнөлүк билимдерди да окутуу зарыл деп табышкан. Алар мусулман элдердин мектептеринде жаштарга диний билим, араб, фарс жана орус тил-

http://eduportal.uz

дери, медицина, химия сыяктуу предметтердин зарылдыгын илгери сүрүшкөн.

**Прогрессивдик кыймылдын Орто Азияда жайылышы**

Түркстан өлкөсүндө улуттун келечегин ойлогон прогрессивдик күчтөр элдин дээрлик бардык катмарлары: кол өнөрчү, дыйкан, соодагер, мүлк ээси, уламалар арасында болгон. Жадидчилик идеяларынын кеңири жайылышында «Таржимон» газетасы чоң роль ойноду. Ысмайыл Гаспиралынын 1893-жылы Ташкент, Самарканд жана Бухарага келиши агартуучулук идеяларынын кийинки өнүгүшүнө түрткү болду. 1893-жылы Бухара амирлигинде алгачкы жаңы усул мектеби өз ишин баштады. Кийинчерээк мындай мектептер башка аймактарда да кеңири тарады.

Орто Азиянын жадиддери агартуучулук жолунда Крым интеллигенттеринин тажрыйбаларын үйрөнүү менен бирге, башка өлкөлөрдөгү прогрессивдик алдыңкы идеялардан да пайдаланышты. Орто Азиянын прогрессивдик кыймылы катышуучуларынын жашы башка өлкөлөрдүн прогрессивдик кыймылы өкүлдөрүнөн өзгөчөлөнүп турган. 1910-жылы алардын эң кенжеси Абдулхамид Чолпон – 13 жашта, эң улуусу Махмуткожо Бехбудий – 36 жашта болгон.


Ысмайыл Гаспиралы

Прогрессивдик кыймылдын өнүгүшү эки баскычта жүрдү. Биринчи баскычта агартуучулуктан башталган кыймыл 1917-жылга келип экинчи баскыч – саясий көрүнүштөгү кыймылга айланды.

Орто Азиядагы улуттук прогрессивдик кыймыл аймактык өзгөчөлүгү боюнча Түркстан, Бухара жана Хива жадиддерине бөлүнөт. Түркстан жадидчилигинин негизги курамын интеллигенттер түзүп, алар Россия империясынын колонизатордук саясатына каршы күрөштүн алдыңкы катарында турушкан. Алар падышалык өкмөттүн чийки зат кенине айландырылган Түркстандын келечегин көз карандысыз, өнүккөн мамлекет иретинде көрүүнү эңсешкен. XX к. баштарында калыптанган прогрессивдик күчтөр мамлекеттин башкаруу системасы замана талаптарына жооп беребестигин, элдин турмуш деңгээли төмөн экендигин жана аны өзгөртүү зарылдыгын жакшы билишкен.

Бухара улуттук интеллигенттеринин кыймылы Түркстан өлкөсүнө караганда оор коомдук-саясий шарттарда пайда болду. Анын курамын, негизинен, интеллигенттер, майда дүкөнчүлөр, мугалимдер, кол өнөрчүлөр, соодагерлер түзгөн. Жадиддер экономика жана башкаруу жаатында салыктарды азайтуу талабы менен да чыгышты. Ошондой эле, Бухара

жадидчилиги айрым фанатик молдолордун, жаңылык жана реформаларды жактырбаган түркөйлөрдүн каршылыгына кабылды. 1910-жылдан баштап Бухарада жадидчилик кыймылы саясий уюм иретинде калыптана баштады. XX кылымдын баштарында Бухаранын прогрессивдик күчтөрү жагдайга сын көз менен караган түрдө, мамлекеттин ички башкаруу системасы заман талаптарына жооп бербестигин, эмгекчил элдин турмуш деңгээли аябай төмөн экендигин жана саясий-административдик системаны өзгөртүү зарылдыгын терең түшүнө башташты.

Ал эми Хива хандыгында XX кылымдын баштарында калыптанган прогрессивдик кыймыл башкачараак тарыхый шарттарда пайда болду. Жадидчилик эки агымдан турган болуп, анын оң агымы Башкы вазир Исламкожонун жетекчилигинде хандыктагы соода-өнөр жай ишканаларынын ээлери менен ири байлардын өкүлдөрүн бириктирди. Бул агым өз алдына өлкөдө хандын бийлигин сактап калган түрдө реформаларды жүргүзүүнү максат кылып койду. Сол агым казыкалон Бабаахун Салимовдун жетекчилигинде капиталисттерди, кол өнөрчүлөрдү жана башка катмарлардын өкүлдөрүн бириктирген эле. Алар жаңы усул мектептерин түзүү аркылуу элдик массаны саясий активдүүлүккө алып чыкмакчы болушту.

Түркстанда агартуучулук кыймылынын жайылышы бул доордогу колонизатордук өкмөт менен анын кызмат адамдарынын жана жергиликтүү консервативдик жана түркөй дин адамдарынын каршылыгына жолукту. Ошого карабай, 1898-жылы Кокон шаарында Салахиддин дамла экинчи жадид мектебин ачты. 1899-жылы Андижанда Шамсиддин дамла жана Ташкентте Маннан кары жадид мектептерин ачышып, көптөгөн окуучулардын жаңы усулда билим алышына жетишишти.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Ысмайыл Гаспиралы – … 1884-жылы – … 1893-жылы – …**

***Эсте сакта!***



**1893-жылы Бухарада алгачкы, 1898-жылы Кокон шаарында экинчи жадид мектеби ачылды. 1899-жылы Андижанда Шамсиддин дамла жана Ташкентте Маннан кары жадид мектептерин ачышты.**

***Терминдердин түшүндүрмөсү***

**Агартуу** (арабча – *маориф)* – адамдардын билимин жана түшүнүгүн жогорулатууга каратылган таалим-тарбия.

**Жадид** (арабча) – «жаңы» деген маанини билдирет.

http://eduportal.uz

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Түркстанда жадидчилик кыймылы качан пайда болду?
2. Жадидчиликтин пайда болушуна кандай факторлор түрткү болду?
3. Ысмайыл Гаспиралы, анын ишмердиги жөнүндө эмнелерди билдиң?
4. Жадид мектептерин кимдер түзгөн?

## 26-§. ЖАДИДДЕРДИН ПРОГРАММАЛЫК МАКСАТ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Жадиддердин негизги идеялары**

Орто Азияда прогрессивдүү инсандар өнүккөн коом куруу сыяктуу өздөрүнүн идеяларын ишке ашырууда фанатизмге, кайдыгерликке каршы күрөшүүгө өзгөчө көңүл бурушкан. Алар бул милдеттерди аткарууда төмөнкү багыттарды алдыңкы орунга коюшкан: жаңы усул мектептеринин тармагын кеңитүү, шыктуу жаштарды чет өлкөлөргө окууга жиберүү, түрдүү агартуучулук коомдор жана театр труппаларын түзүү, газета жана журналдарды басуу, элдин коомдук-саясий жана маданий аң-сезимин жогорулатуу менен Түркстанда улуттук демократиялык мамлекет куруу.

Улуттук интеллигенттер ишкердигинин маанилүү багыты жаңы усул мектептери тармагын кеңитүү эле. Бул мектептер балдардын тез сабат чыгарышын камсыздап гана калбай, аларда фанатизм жана консерватизмден оолак болгон көз карашты калыптандырууга да кызмат кылмак.

Алар Чыгыш жана Батыш маданияттарынын жетишкендиктерин ээлөөгө умтулушкан, окушкан жана башкаларды да ошого үгүттөшкөн. Агартуучулар түрдүү өлкөлөрдөгү маданият менен билим берүүнүн өнүгүшүнө байкоо жүргүзүштү, аларды өз ара салыштырышты жана аларда дүйнө өнүгүшүнүн жетишкендиктерин Түркстанга алып келүү тилеги пайда болду. Натыйжада, жадиддердин алдында биринчи баскычта билим берүү жаатын реформалоо милдети коюлду.

Жаңы усул мектептеринде билим берүү жараянында Европанын стандарттары норма катары алынган эле. Арифметика, тарых, география, табият таануунун негиздери сыяктуу предметтер менен бир катарда ислам окуусунун негиздерин үйрөнүүгө да өзгөчө көңүл бурулган.

Жаңы окуу китептерин жаратуу маселеси өтө олуттуу маселе болду. Баштап Түркстан жаңы усул мектептеринин көпчүлүгүндө Казань жана Оренбургда басылган окуу китеп менен колдонмолорунан пайдаланылды.

Ташкент, Бухара, Самарканд, Андижан, Кокон, Хива шаарлары жадидчилик кыймылынын борборуна айланды. Бул шаарларда ачылган мада-



http://eduportal.uz

ний-агартуучулук багытындагы коомдор менен уюмдар Түркстанда жадидчиликтин кеңири жайылышына алып келди.

| Жадидчиликтин негизги идея жана максаттары |
|---|
| Түркстанды орто кылымчылык, феодалдык калактык, түркөйлүктөн азат кылуу |
| «Усули кадимди» четке каккан түрдө өлкөнү, элди, улутту өнүгүү жолуна алып чыгуу |
| Улуттук мамлекет куруу |
| Конституциялык, парламенттик башкаруу түрүндө азат жана эркин коом куруу |
| Түркий тилдерге мамлекеттик тил статусун берүү |
| Улуттук акча бирдигин жана улуттук кошуун түзүү |

Жадиддер өз басмаларында дүйнөдө жана Түркстанда болуп жаткан окуялар жөнүндө маалымат берип турушту. Алар бул аркылуу өздөрүнүн идеялары мазмунун, аларды кеңири жаюу зарылдыгын көрсөтүштү.

Агартуучулар жаңы усул мектептеринин Түркстанда улуттук кадрларды даярдоо, жаш муунду окутуудагы ролун көрсөтүп беришти. XIX кылымдын аягында Орто Азияда жаңы усулдагы мектептер саналуу болгон болсо, 1911-жылга келип алардын саны 63 кө, окуучулардын саны 4106 га жетти. 1910-жылы Ташкенттин өзүндө 24 жадид мектеби иш жүргүзүп, аларда 1740 бала окуган. 1917-жылга келип өлкөдө 100 гө жакын жаңы усулдагы мектептер болгон.

Прогрессивдүү инсандардын көз караштарында кыз-келиндердин билим алышы өзгөчө орунда турган. Жадиддер ислам билимдүү болууну каалаган аялдарга тоскоол болбойт, деп баса белгилешкен. Ислам дининде илим үйрөнүү эркек жана аялдар үчүн парыз деп эсептелишинен келип чыккан түрдө, эркек балдар менен кыз балдарды чогуу окутууда демилгечи болушту.



**Түркстан жадиддери**

Жадидчилик кыймылы өкүлдөрүнүн өлкөдөгү негизги ишмердиги агартуучулуктан башталса да, алардын таасири Түркстан элдеринин улуттук-боштондук кыймылдарында идеялык жаткан жетекчи роль ойноду.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Жадид басмалары – …  Жадиддер идеологиясы – …**
**Жадидчилик кыймылынын борборлору – …  Жадид мектептери – …**

***Жыйынтык чыгарабыз!***

- Улуттук идея улутту руханий жактан жогорулаткан улуттук сыймыкты, эркиндик сезимин тарбиялаган программа болуп эсептелет.
- Жадиддер улуттук-боштондук кыймылдардын идеялык жетекчилери иретинде майданга чыгышты.

***Суроолор жана тапшырмалар***

**1.** Улуттук идея түшүнүгүн түшүндүрүп бер.
**2.** Жадиддердин идеялары эмнелерден турган?
**3.** Жадиддердин басма сөз жаатындагы ишмердигинен эмнелерди билдиң?
**4.** Кайсы шаарларда жадидчилик кыймылдары өнүктү?

## 27-§. ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫНЫН ӨКҮЛДӨРҮ ЖАНА АЛАРДЫН ИШМЕРДИГИ

**Түркстан жадидчилик кыймылынын ири өкүлдөрү**

XX кылымдын баштарына келип Ташкент, Самарканд, Бухара, Фергана өрөөнүнүн шаарларында ондогон жадид усулундагы мектептер ачылды. Жадиддер мектептерде жаштарды билимдүү жана агартуучу кылып тарбиялап, алар аркылуу Түркстанда эгемендүү мамлекетти куруу үчүн улуттук мамлекетчилик идеяларын илгери сүрүшкөн. XX кылымдын башына келип Түркстанда жадид интеллигенттеринин бүткүл бир мууну, өлкөнүн руханий-агартуучулук жаатынын, улуттук маданияттын өнүгүшүнө чоң салым кошкон өкүлдөрү пайда болду. Булар Самаркандда Макмуткожо Бехбудий, Абдукадыр Шакурий, Саидакмат Сыддыкий-Ажзий, Ташкентте Мунавваркары Абдурашидханов, Абдулла Авлоний, Убайдуллакожо Асадуллакожоев, Бухарада Абдурауф Фитрат, Садриддин Айний, Файзулла Хужаев, Фергана өрөөнүндө Хамза Хакимзаада Ниязий, Абиджан Макмудов, Абдулхамид Чолпон, Исхакхан Ибрат, Хивада Бабаахун Салимов, Палваннияз Ажы Юсупов жана башкалар болчу. Алар элди-жерди сүйүүчүлөр, агартуучу, Түркстан өлкөсүндө жадидчилик кыймылынын негиздөөчүлөрү жана жетекчилери эсептелет.

Түркстан жадиддерин бириктирүүдө «Орто Азия жадиддеринин атасы» деп таанылган Макмуткожо Бехбудийнин (1875–1919) кызматы чоң



http://eduportal.uz



Бехбудий



Мунавваркары

болду. Ал 1875-жылдын 19-январында Самаркандга жакын жердеги Бакшытепа айлында туулган. Баштап Самарканд, андан кийин Бухара медреселеринде билим алып, имам-хатиб, казы, муфтий даражасына көтөрүлдү. Бехбудий Орто Азия жадидчилик кыймылынын негиздөөчүсү жана жол башчысы эле. Түркстанда агартуучулук кыймылынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Анын демилгеси менен атасынын урматына «Бехбудия китепканасы» деп аталган китепкана уюштурулган.

Мунавваркары Абдурашидханов (1878–1931) – Түркстан өлкөсүндө боштондук, улуттун келечеги үчүн күрөшкөн агартуучу, саясий ишмер, жадидчилик кыймылынын ири өкүлдөрүнөн бири. 1904-жылдан баштап өлкөдөгү коомдук-саясий, агартуучулук кыймылдарынын активдүү катышуучусу. Ал жадид мектептеринин ачылышынын демилгечиси жана практиги, улуттук газета жана журналдардын негиздөөчүсү, редактору жана жадид театрынын үгүттөөчүсү болгон. Мектептер үчүн «Адиби аввал», «Адиби соний», «Жер жүзү» сыяктуу окуу китептерин жараткан.

Баштапкы учурларда маданий-агартуучулук, кийинчерээк, саясий-коомдук касиетке ээ болгон реформатордук кыймылдын активдүү катышуучуларынан бири Абдулла Авлоний 1878-жылы Ташкент шаарында кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал мектеп жана медреседе билим алып, өз заманасынын терең билим ээсине айланды. Абдулла Авлоний өлкөдө билим берүү, басма сөз, театр тармактарынын өнүгүшүнө чоң салым кошуп, 1907-жылы «Шухрат» газетасына негиз салды. Өзү түзгөн жаңы усул мектеби үчүн «Биринчи мугалим», «Экинчи мугалим», «Түркий гүлстан же ахлак» сыяктуу окуу китептерин жаратты.

Бехбудий, Мунавваркары, Абдулла Авлоний сыяктуу башка улуттук прогрессивдик инсандар да агартуучулук иштерин жүргүзүп, жаңы мектептер, кайрымдуулук коомдорун, китепканалар жана китеп дүкөндөрүн ачышты.

**!** ***Өзүңдү сынап көр!***

**Макмуткожо Бехбудий – ... Мунавваркары Абдурашидханов – ... Абдулла Авлоний – ... Жадиддердин өкүлдөрү – ...**

**Жадиддер кыймылынын улуттук өзгөчөлүктөрү**

Түркстан жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү агартуучу инсандар эле. Агартуучулар кеңири мааниде билим таратуучу адамдар саналат. Саясий мааниде агартуучулук элди боштондукка алып чыгуу жана улуттук мамлекетчилик идеяларын илгери сүрүү менен туюнтулат. Түркстандын агартуучулары түркөйлүк, билимсиздик, маданиятсыздык, консерватизм, диний фанатизмди адам баласынын кайгы-капасынын негизги себептери деп түшүнүшкөн. Алар падышалык жеке бийликке (абсолютизмге) каршы күрөшүүнү, саясий эркиндикти жана адам укуктарын жактап чыгышты.

Түрдүү өлкөлөрдө агартуучулук кыймылдары өзүнө мүнөздүү, улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болгон, бирок алардын окшош жактары да бар болчу. Мындай өзгөчөлүктөр Түркстан жадиддеринин ишмердигинде да таасын көрүндү. Алсак, алар аракеттеги түзүлүшкө, анын экономикалык, коомдук жана укуктук тармактардагы бардык көрүнүштөрүнө жана кемчиликтерине каршы күрөшүү; билим берүү, эркиндик, турмуштун адамдык-маданий жактарын калыптандыруу, колдоп-кубаттоо жана коргоо, руханий жана ахлактык нормаларды өркүндөтүү; элдик массанын кызыкчылыктарын коргоо, элдин жыргалчылыгын жогорулатууга чын дилден умтулуу жолунан барышты.

Жадиддер Түркстанда эзелтеден болгон, башкача айтканда Алишер Наваий, Мырза Бедил жана Бабарахим Машрабдан калган мурастардан пайдаланган түрдө Түркстанда демократиялык жана прогрессивдик иде-



**«Тарбияйи атфол» коомунун өкүлдөрү**



**Миркамил Мирмомунбаев (оңдо) соодагер досу менен**

яларды улантышты. Түркстандын алдыңкы интеллигенттеринин жетишкендиктери арасында эң салмактуусу бийликтеги идеологиядан оолак турган элге билим берүү системасынын жаратылышы жана улуттук басма сөзгө негиз салынышы болду. Бул болсо, өз кезегинде, прогрессивдик идеяларды таратуу үчүн маанилүү каражат болуп кызмат кылды.

Түркстандын прогрессивдик капиталисттери жаштарды чет өлкөлөргө жиберип, керектүү кесиптериди ээлеп, элге пайдалуу кызмат кылган жаштарды жана алар үчүн кайгырган жадиддерди колдоп-кубатташкан. Андижандык Миркамил Мирмомунбаев өзүнүн эсебинен мына ошондой ишке чоң санда каражат ажыраткан. 1910-жылы Бухарада мударрис Ажы Рафий, Мырза Абдувахид, Хамидкожо Мехрий, Осмонкожо жана Мухаммаддин махдум сыяктуулар «Тарбияйи атфол» («Балдардын тарбиясы») коомун уюштурушуп, 1911-жылы 15, 1912-жылы болсо 30 окуучуну Түркияга окууга жиберишкен.

### *Өзүңдү сынап көр!*

**Агартуучулар – …**
**М. Мирмомунбаев – …**
**«Тарбияйи атфол – …**
**Абсолютизм – …**

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Бехбудий, Мунавваркары – ири жадид агартуучулары.
- Түркстандын жадиддери падышалык жеке бийликке каршы турушту.
- Жадиддер жаштарды чет өлкөдө окутуунун жактоочулары эле.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Цензура** – *(латинче)* – бийликтин аракеттеги түзүлүш үчүн макул болбогон же зыяндуу деп эсептелген маалыматтарды чектөө максатында басма сөздүн үстүнөн көзөмөл жүргүзүшү.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Жадидчилик кыймылынын өкүлдөрүн айтып бер.
**2.** Жадидчилик кыймылы өкүлдөрүнүн ишмердиги жөнүндө эмнелерди билип алдың?
**3.** Агартуучу интеллигенттер тарабынан кандай окуу китептери даярдалган?
**4.** «Тарбияйи атфол» коомунун максаты эмне эле?



http://eduportal.uz

# 28-§. ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛЫНЫН ТҮРКСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУНА ТААСИРИ

**Жадиддер жана ислам дини**

Жадиддердин идеологиясы боюнча, ислам дини жеке адамдын руханий жактан жеткилең болушу, коомдун өнүгүшүндө чоң роль ойногон. Алар ушул милдетти ишке ашырбай туруп, башка иштерди аткарууга болбостугун түшүнүшкөн. Мына ошол максатта, 1909-жылы Макмуткожо Бехбудий, 1910-жылы Абдулла Авлоний, 1915-жылы Абдурауф Абдурахим уулу Фитрат тарабынан исламдын тарыхы боюнча чыгармалар жаратылды. Бул чыгармаларда алар исламдын пайда болушу жана таралышынын эң маанилүү баскычтарын баяндап беришти, ошондой эле, исламдын принциптерин туура эмес жоромолдоого каршы чыгышты.

Түркстандын прогрессивдүү инсандары тарабынан биринчи кезекте ишке ашырылган иш-чараларды ислам дининин нормаларын, Курандын аят жана хадистерин, шариаттын эрежелерин туура түшүндүрүү, билим берүү системасын реформалоо, аны замана талаптарына шайкеш келтирүү сыяктуулар түзгөн.


**Фитрат**

Улуттук прогрессивдүү инсандар мусулман динчилдеринин илимге болгон терс мамилелерин каралашты. Алар ислам дини ар бир мусулман эркек жана аялдын билимдүү болушун, билим алуу алардын чегине түшкөн милдет экенин кеңири үгүттөштү.

Жадиддер илим-билимди өнүгүүнүн жана жыргалчылыктын негизги багыттоочу күчү, түркөйлүккө каршы күрөштүн жападан-жалгыз каражаты деп эсептешкен. Алар чыныгы мусулман болуу үчүн диний билимдер менен кошо жарандык билимдерди, айныкса, математика, физика, химия, медицина, тарых жана башка илимдерди билүү зарыл деп эсептешкен. Муну ыйык Курандын аяттары жана хадистердин негизинде ырасташкан.

Жадиддердин исламга тиешелүү идеялары аларды исламдын негизги окуусун өзгөртүүгө умтулушкан, деген пикирге алып келбестиги керек. Себеби алар өздөрүнүн ишмердигинде Куранды да, жалпысынан алганда, бүткүл ислам окуусун да туура түшүндүрүп беришкен. Алардын бардыгы ислам дини жана мусулмандык салттарга берилген адамдар болушкан. Алар исламды бурмалаган үрп-адаттарга, коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон терс көрүнүштөгү жагдайларга каршы чыгышкан. Жадиддер түркөйлүктү жоюуга, коомдо эркин, прогрессивдик идеяларды ойготууга умтулушкан.

*Эсте сакта!*

**Жадиддер исламды бурмалаган үрп-адат жана каада-салттарга каршы чыгышкан, коомдун өнүгүшүнө тоскоол болгон бардык терс көрүнүштөргө нааразылык билдиришкен.**

**Прогрессчилердин Түркстандын коомдук-экономикалык турмушундагы ишмердиги**

Жадиддер өлкөнү коомдук-экономикалык өнүктүрүү боюнча да өздөрүнө мүнөздүү көз караштарга ээ болушкан. Прогрессчилер өздөрүнүн ишмердигинде өлкө элдеринин коомдук турмушу, жашоо мүнөзү, кесиби, шарттарынан кабардар болушкан. Элдин абалы жылдан жылга оордошуп бара жатканын жакшы билишкен.

Алардын оюнча, өлкөнүн экономикалык көз карандысыздыгын камсыздабай туруп, саясий жана укуктук эркиндикке жетишүүгө болбойт эле. Ал үчүн биринчи кезекте жерди, жер асты жана үстү байлыктарын, сууну Түркстан элдеринин жалпы байлыгы деп жарыялоо, бардык тармактарды өнүктүрүүгө жараган жергиликтүү кадрларды даярдоо, завод жана фабрикаларды куруп, продукцияларды өлкөнүн өзүндө өндүрүү зарыл деп билишкен.

Жадиддер көптөгөн жаштарды өнүккөн өлкөлөргө, алсак, Германияга окууга жиберүү, ал жерден алар билим алып келип, өлкө жана улут үчүн кызмат кылуу идеяларын илгери сүрүшкөн. Алардын жасаган аракеттери менен жергиликтүү калк тарабынан жаштардын чет өлкөдөн окуп келиши үчүн каражаттар чогултулду. Өлкөбүздө жана чет өлкөдө соода, өнөр жай жана айыл чарбанын өнүгүшүн иликтөөгө арналган көптөгөн макалалар жарык көрдү.



**Жаңы усул мектебинин угуучулары (ортодо Абдукадыр Шакирий)**

Түркстандын прогрессивдик инсандарынан бири, Ташкенттин «Карягды» мааласинен болгон Асадуллакожо уулу Убайдуллакожо Россияда укук таануу боюнча билим алып, алгачкы жогорку маалыматтуу өзбек адвокаты болду. Ал залкар орус жазуучусу Лев Толстой менен кат жазышып турган.

*Эсте сакта!*

**Прогрессивдик инсандар бардык тармактарды өнүктүрүүгө жараган жергиликтүү кадрларды даярдоо, завод фабрикаларды куруп, продукцияларды өлкөнүн өзүндө өндүрүү зарыл деп билишкен.**

*Өзүңдү сынап көр!*

**Ислам тарыхы боюнча чыгармалар – ... Жадиддердин исламга тиешелүү идеялары – … Биринчи өзбек адвокаты – ... Абдурауф Абдурахим уулу – …**

## Жадидчиликтин саясий кыймылга айланышы

Түркстандын прогрессивдик инсандары XX кылымдын баштарында дүйнөдө болуп жаткан саясий жараяндарга көңүл коюп байкоо жүргүзүшкөн. Чет өлкөлөрдөгү саясий партиялардын программаларын иликтөөгө алышкан. Алар бардык көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүүгө аракеттенишкен, анткени алар кандуу кагылышууларга жана согуштарга каршы болушкан.

1917-жылдагы Россиядагы февраль окуялары алдында Түркстан жадидчилиги күчтүү саясий кыймылга айланды. Эгерде биринчи дүйнөлүк согуштан кийин жадиддер парламентардык монархия үчүн күрөшкөн болсо, февраль окуяларынан кийин бир топ саясий талаптарды илгери сүрүштү. Алсак, аларга жергиликтүү калктын укуктарын кеңитүү, өлкөнү башкаруу боюнча реформалар жүргүзүү, Думада өлкө калкынын саны боюнча орун ажыратуу, улуттук басма сөздүн эркиндигин камсыздоо жана башка ушул сыяктуу талаптар кирген. Ошол эле учурда улуттук-саясий партиялар жана уюмдар, мисалы, «Шураи Исламия», «Иттифок» сыяктуу бир топ уюмдар түзүлдү. Бул учурда жадиддер жергиликтүү эл социалдык курамынын бардык катмарлары өкүлдөрүн өздөрүнүн артынан ээрчите алышты. Түркстанда жадиддердин ишмердиги жергиликтүү элдин сабатын ачууга, улуттук өздүк түшүнүгүн, боштондук үчүн күрөшүн күчөтүүгө таасирин тийгизди. Жадидчилик кыймылы өлкөдө падышалык өкмөттүн колонизатордук саясатына каршы турган негизги күч иретинде чыга келди.

1917-жылдын мартында жадиддер тарабынан Ташкентте жалпы программага ээ болгон уюм – *«Мусулмандардын борбордук кеңеши»* түзүлдү. Анын түзүлүш съездинде 350 делегат катышкан. Алардын арасында азербайжан, татар, түркмөн, башкырт сыяктуу башка мусулман элдеринин өкүлдөрү да болгон. Съездде бардык делегаттар болочок мамлекет Түркстан деп

http://eduportal.uz

аталууга, анын курамына Бухара, Хива жана Түркстан генерал-губернаторлугу кирүүгө тийиш деген пикирди макулдашкан. Бирок, Түркстандагы 1917-жылдагы октябрь окуялары жана большевиктердин бийликти ээлеши жадиддердин алдына койгон максаттарын толугу менен ишке ашырууга мүмкүнчүлүк бербеди. Ошого карабастан, алар борбору Кокондо болгон, *Түркстан Автономиясы* деп аталган көз карандысыз автономдук республиканы жарыялашты. 72 күн жашаган бул автономдук республика совет бийлиги тарабынан жок кылынды. Натыйжада жадиддер куугунтукка алынды жана акыр-аягында, 1937–1938-жылдардагы репрессиянын курманы болушту.

## *Өзүңдү сынап көр!*

**«Мусулмандардын борбордук кеңеши» – … Түркстан автономиясы ...**

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

**Делегат** (латинче – *жиберген)* – кандайдыр уюм, жамаат тарабынан ыйгарым укуктуу кылып шайлап же дайындап жиберилген өкүл.
**Федерация** (латинче – *ынтымак болуп жашоо)* – мамлекеттердин өздөрүнүн саясий көз карандысыздыгын белгилүү деңгээлде сактаган түрдө жалгыз союзга биригиши.
**Автономия** (грекче – *мыйзам)* – кандайдыр аймактын мыйзам менен чектелген мамлекеттик бийликти өз алдынча ишке ашыруу укугу.

## *Терминдердин түшүндүрмөсү*

- Россиядагы саясий жараяндардын таасиринде жадиддер кыймылынын активдешүүсү.
- Борбору Кокондо болгон Түркстан Автономиясы жарыяланды.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Жадиддер ислам дини боюнча кандай пикирде болушкан?
2. Жадиддердин алгачкы саясий уюму кандай аталган жана анын катышуучуларынын алдына кандай милдеттер коюлган эле?
3. Жадиддердин идеяларын өзүндө чагылдырган кандай газета жана журналдарды билип алдың?
4. Прогрессивдик инсандардын жаштардын билим алышына кошкон чоң салымы эмнеден турат?
5. Жадиддер кыймылы Түркстан калкынын аң-сезимине кандай таасирин тийгизди?



http://eduportal.uz

# VII БӨЛҮМ

# ТҮРКСТАН ЖАНА БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана анда Россиянын катышуусу, согуштун Россия жана Түркстан өлкөсүнүн коомдук-экономикалык турмушуна, калкынын жашоо мүнөзүнө тийгизген терс таасири;
- Биринчи дүйнөлүк согушка Түркстан калкынын мардикерликке жиберилиши жана ага карата жергиликтүү калктын билдирген мамилеси;
- 1916-жыл көтөрүлүштүн башталышы, себеп жана натыйжалары;
- Жызак көтөрүлүшү, Түркстан аялдарынын көтөрүлүштө катышуусу;
- 1916-жылдагы көтөрүлүштүн колонизатордук өкмөт тарабынан аёосуз түрдө бастырылышы;
- Түркстандагы 1916-жылдагы көтөрүлүштөрдүн мааниси жөнүндө билип аласың.

## 29-§. БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТУН БАШТАЛЫШЫ ЖАНА АНЫН ТҮРКСТАНГА ТААСИРИ

**Биринчи дүйнөлүк согуштун Түркстанга таасири**

XX кылымдын баштарында дүйнөдөгү ири мамлекеттердин колонияларга ээ болуу маселесинде өз ара мамилелери кескин түс алды. Биринчи дүйнөлүк согушта Россия Англия жана Франция мамлекеттеринен турган союз – Антанта жакта туруп согушта катышты. Россия империясынын Биринчи дүйнөлүк согушта катышышы аны экономикалык жактан оор абалга салды. Ансыз деле Батыш Европа мамлекеттеринен өнүгүшү боюнча кыйла артта калып кеткен Россия согуштун айынан ого бетер начар абалга түшүп калды. Натыйжада падышалык өкмөт өзүнүн колонияларынан, алсак, Түркстан өлкөсүнөн мындан да көбүрөөк пайда алуу үчүн алардын табигый байлыктарын көбүрөөк өздөштүрүүгө киришти. Жергиликтүү калктан болсо арзан жумушчу күчү иретинде пайдаланууга аракеттенди.

Бул согуштун айынан Россияда жалпы мобилизация жарыяланды. Мобилизация Россиянын колонияларына, ошонун катарында, Түркстанга да тиешелүү эле. Түркстан өлкөсүнөн согушка 19 жаштан 43 жашка чейин болгон калктын европалык өкүлдөрү чакырылды. Түшүм жыйноо

учуруна туш келген бул чакырык Түркстан өлкөсүндөгү Россия губерниядарынан көчүрүп келинген орус жана башка европалык улут өкүлдөрүнүн үй-бүлөсүнө кыйынчылык туудурду. Негизги жумушчу күчү болгон эркектердин согушка алынышы үй-бүлөнүн багуучусунан ажырашына жана алардын оор абалга түшүшүнө себеп болду.

1914-жылы Түркстанда «өзгөчө кырдаалдар жагдайы» деп жарыяланышы натыйжасында колонизатордук өкмөттүн жергиликтүү калк үстүнөн көзөмөлү күчөдү. Түркстанда калктын согушка мобилизация кылынышына каршы чыккандар «өзгөчө кырдаал» тартиптерине баш ийбей койду. Натыйжада Атайын комитет түзүлүп, ал тарабынан мындай «ээнбаштарга» 50 сумга чейин айып салынган же алар 3 айга чейин камакка алынган. Азык-түлүк жана башка продуктулардын жетишсиздиги, баалардын жогорулап кеткендиги өлкөдө нааразылык маанайдын дагы да көбөйүшүнө жана массалык көрүнүштөгү көтөрүлүштөрдүн күчөшүнө себеп болду.

Согуш учурунда айыл чарбасы кыйрады, эгин талаалары кыскарды, айылда болсо жумушчу күчү жетишпей калды. Темир жолдо баш аламандык орноп, иш жүзүндө аскердик жүктөр гана ташылып жатты. Байланыштын бардык түрү изден чыкты. Россия экономикасынын согуш жана көлөмдүү аскердик кыймылдар үчүн алсыздыгы билинди. Мамлекеттин каржысы кризиске кабылды. Агартуу жана маданиятты өнүктүрүүгө каражат азайды, майда кредит дээрлик калган жок. Бир жылда гана салыктын саны 50 пайызга ашты.

Жоготуулардын ордун толуктоо жана ченден ашкан аскердик сарптарды каптоо максатында кошумча каражат издөө менен падышалык өкмөт өзү үчүн адатка айланган жана эң оңой жолдон – колонияларын талап-тоноо, согуш сарптарынын чоң бөлүгүн колонияларынын, ошонун катарында, Түркстан өлкөсүнүн желкесине жүктөө жолунан барды.

1915-жылдан баштап, Түркстанда пахтага өзгөрбөс мамлекеттик баа орнотулду, нарктын жалпы өсүшү шарттарында мындай нарк пахтакерлердин түшүмгө сарптаган каражатын каптабайт болчу.

**Мардикердикке мобилизациялоонун жарыяланышы**

Согуш жүрүп жаткан жерлерде бузулганды оңдоо, коргоо курулуштарын тургузуу, азык-түлүк жана курал-жарактарды даярдоо жана аларды жайларга жеткирүү иштери чоң көйгөйгө айланды. Ал үчүн кошумча жумушчу күчү, оорукта эмгектенүү үчүн көптөгөн адамдар керек эле. Мындай жагдайда падышалык өкмөт империянын колонияларындагы жергиликтүү калктын өкүлдөрүн жана согушка алынбаган адамдар-

ды ооруктагы иштерде пайдаланууну чечти. 1916-жылдын 25-июнунда Россиянын императору Николай II нин (1894–1917) Жогорку Башкы командачы жана аскердик министрдин сунушу менен кабыл алган буйругу боюнча «ооруктагы кызматтар үчүн Түркстан, Сибирь жана Кавказдан 19 жаштан 43 жашка чейин болгон эркектерди мобилизациялоо» башталды.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Антанта – ...** **«Өзгөчө кырдаалдар абалы» – ...**
**1916-жылдын 25-июнунда – ...**

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. Биринчи дүйнөлүк согуш Россия үчүн кандай мааниге ээ болгон?
2. Биринчи дүйнөлүк согуш Түркстан калкынын коомдук-экономикалык турмушунда кандай из калтырды?
3. Түркстандагы «өзгөчө кырдаалдар жагдайынын» маанисин айтып бер.
4. Николай II нин 1916-жылдын 25-июнунда чыгарган буйругунун мазмунун айтып бер.

## 30-§. ТҮРКСТАНДА 1916-ЖЫЛДАГЫ КӨТӨРҮЛҮШТӨРДҮН БАШТАЛЫШЫ

**Көтөрүлүштүн башталуу себептери**

Император Николай II нин фронт артындагы кызматтар үчүн калктын мардикердикке алынышы жөнүндөгү буйругу боюнча, Түркстан өлкөсүнүн Сырдарыя вилаятынан 87 миң, Самарканддан 38 миң, Ферганадан 50 миң адамды мардикердикке жиберүү белгиленди. Белгиленген сандар вилаяттар боюнча калктын ортосунда бөлүштүрүлдү. Фергана вилаятында белгиленген мардикерлерди чогултуу үчүн вилаяттагы ар беш түтүндөн бир адамды алууга туура келген.

Эл мындан катуу наразы болгон. Түркстандык эркектердин өздөрүнүн үй-бүлөлөрүн таштап кетиши бала-бакыраларын ачарчылыкка дуушар кылды. Айныкса, айыл калкынын мобилизацияланышы айыл чарбасын кризиске кабылтты. Мардикердикке баруучулардын тизмесин түзүүдө жергиликтүү администрациянын өкүлдөрү көптөгөн адилетсиздиктерге жол коюшту. Алтургай, үй-бүлөдө бир нече эркек болушуна карабастан, бардар үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрү пара берүү жолу менен тизмеге каттальшкан эмес. Ал эми жакыр үй-бүлөлөрдө бир гана эркек болсо да, ал тизмеге киргизилген. Мындай адилетсиздиктер жергиликтүү кеңири элдик массанын наразылыгынын күчөшүнө себеп болду. Жергиликтүү

калктын арасында мардиккердикке алууга каршы кеңири массалык чыгуулар башталып кетти. 1916-жылы мардикердикке алынгандардын тизмесин түзгөн жергиликтүү башкаруу өкүлдөрү тарабынан калкка зордук көрсөтүү, басым жасоо сыяктуу жагдайлар көбөйдү.

Наразылык кыймылдарында дыйкан, кол өнөрчү, майда соодагер жана жумушчулар, калктын башка коомдук катмарларынын өкүлдөрү катышты. Мардикердикке каршы кыймылдардын кеңири массалык түс алышынан колонизатордук өкмөт, өлкө жана вилаяттын администрациялары кооп санай баштады. Фергана вилаятынын губернатору А. Гиппиус вилаятта наразылык маанайдагы адамдардын көптүгү, мардикердикке мобилизациялоо жараяны калктын ортосунда чоң көтөрүлүш чыгышына себеп болушу мүмкүндүгү жөнүндө өлкөнүн жана падышанын администрациясына кабар берет. Бирок борбордук бийлик вилаят губернатору А. Гиппиустун кооп санашы жана көтөрүлүштүн алдын алуу жөнүндөгү маалыматтарын «падышанын буйруктарын аткарбастык, кечиктирүү, ага каршы чыгуу» деп эсептеп, аны вилаят губернатору кызматынан бошотот.

1916-жылдын 4-июлунда Хожент шаарында наразылык билдирип көп сандагы калк чогулду. Алар мардикердиктен баш тартышты. 5-июнда Самарканддын Үргүт айылында, кийинчерээк Сиёб, Махалла, Кожо Ахрор, Ангордо, 7-июлда Дахбедде наразылык чыгыштары болуп өттү. Демонстранттар жергиликтүү башкаруу өкүлдөрү болгон волость башчыларын, аксакалдарды токмоктоп, тизмелерди жыртып салышты.

**Көтөрүлүштүн Түркстанды бойлой таралышы**

Бул наразылык кыймылдары бир нече күндүн ичинде бүткүл өлкөгө жайылды. Демонстранттар колонизатордук өкмөт тарабынан күч менен таратылып, каршылык көрсөткөндөр катуу жазаланды. Ташкентте 11-июлда көп сандагы калк Бешягачтагы полициялык канцеляриянын алдына чогулду. Көтөрүлүштүн активисттеринен Рызванбиби Акматжанова полициячыларга карата «Бизди өлтүрүп салсаңар да, уулдарыбызды силерге бербейбиз», – деп кесе айтат. Полициячылар ок атып, аны жаралашат. Наразылык билдиргендерге каршы мылтыктардан ок атылгандан кийин, калайык калк канцелярияга бастырып кирип, ал жердегилерди токмоктошот. Бул мезгилде жардамга жетип келген аскердик күчтөр демонстранттарга карата ок ата баштайт. Натыйжада 11 адам атып өлтүрүлөт, 15 адам жараланат. Көтөрүлүш аскердик күчтөр тарабынан кыйынчылык менен бастырылды. Шаар аскердик абалга түшүп, бардык жерге сакчылар коюлуп, күн-түн дебей көзөмөл жана текшерүүлөр күчөтүлөт. Бул окуялардан кийин наразылык кыймылдары Ташкент шаарынын айланасындагы айылдарга жайылды. Ал жерден Фергана өрөөнүнө өтүп, өрөөндө ал кеңири түс алып кетти. Ал жерде да

жергиликтүү калк администрациянын өкүлдөрүнө баш ийбей коёт.

Көтөрүлүш июль айынын ортолорунда Фергана вилаятынын Кокон, Рыштан, Маргылан, Андижан, Наманган уезддеринде кескин түс алды. Алсак, 9-июль күнү Андижанда падышанын буйругу уктурулгандан кийин союл, таш, кетмен жана башка нерселер менен куралданган калк мардикердиктен баш тартып демонстрацияга чыгат. Аларга полиция менен аскердик күчтөр каршы коюлду. Көтөрүлүшчүлөрдү таратуу максатында алардан 3 адам атып өлтүрүлдү, 12 адам жарадар болду.



1916-жыл. Ташкентте көтөрүлүш

10-июлда Эски Маргыланда 25 миң чамасы адам нааразылык билдирип, базардын айланасына чогулду. Козголоңчулар мардикердикти жоюуну талап кылып жергиликтүү администрациянын кеңселерине кирет. Алар колонизаторлордун кызматында болгон жергиликтүү администрация өкүлдөрүнүн үйлөрүнө, административдик имараттарга өрт коюшат, 2 мыршап өлтүрүлүп, бир нече адам токмоктолот. Көтөрүлүштүн күчөп кеткенинен кооп санаган вилаяттын администрациясы тездик менен аларга каршы жаза полкун жиберет. Алар көтөрүлүшчүлөрдүн 63 адамды атып өлтүрөт жана көпчүлүгүн жаралайт.

Шахриханда да көтөрүлүшчүлөрдөн 16 адам өлтүрүлдү, көпчүлүк жарадар болду. 11-июлда Наманганда чыккан көтөрүлүш да олуттуу түс алды. Лаббайтага массивинде чогулган 1500 дөн ашуун адамга каршы күчтүү куралданган рота ташталды жана көтөрүлүшчүлөр таратып жиберилди.

Колонизатордук өкмөттүн полициясы жана аскердик күчтөрү менен көтөрүлүшчүлөр ортосунда жүргөн аёосуз салгылашуулардын натыйжасында куралсыз демонстранттардан көпчүлүгү өлтүрүлдү жана жарадар кылынды. Алардын арасында аялдар менен жаш балдар да болгондугу колонизаторлордун ырайымсыз саясатынын дагы бир жолу бетин ачты.

*Эсте сакта!*

**Падышанын буйругу боюнча, Түркстан өлкөсүнүн Сырдарыя вилаятынан 87 миң, Самарканддан 38 миң, Ферганадан 50 миң адамды мардикердикке жиберүү белгиленет.**

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Көтөрүлүштүн башталышына эмне себеп болгон?
**2.** Көтөрүлүшчүлөр, негизинен, кайсы жараянга каршы чыгышты?
**3.** Түркстандагы 1916-жылкы көтөрүлүштөр каерлерден башталды?
**4.** Көтөрүлүш катышуучулары, негизинен, кайсы катмардын өкүлдөрү эле?

http://eduportal.uz

## 31-§. ЖЫЗАК КӨТӨРҮЛҮШҮ

**Көтөрүлүштүн башталышы**

Россия империясынын 1916-жылдагы мардикердикке алуу жөнүндөгү буйругу Түркстан өлкөсүнүн бардык аймактарына жайылып, ага каршы чыгыштар жергиликтүү калктын улуттук-боштондук кыймылдарына айланып кетти. Булардын арасында Жызакта болуп өткөн көтөрүлүш өлкөдө колонизаторлордун зулумунан кутулуунун жана баскынчыларга каршы күрөш майданына айланды.

Жызак калкынын жерлерин көчүрүп алып келинген орустарга берип жиберилиши, салыктардын күн сайын көбөйүшү жагдайдын оордошуусуна алып келди. Калктын 19 жаштан 43 жашка чейин болгон эркектерин оорук иштерине мобилизацияланышы бүткүл өлкөдөгү сыяктуу Жызакта да зордук-зомбулуктан, адилетсиздиктерден кескиндешкен нааразылык чыгыштарды элдик көтөрүлүшкө айланышына алып келди. Мардикердикке алынгангандардын түзүлгөн тизмеси боюнча, Самарканд вилаятынын Жызак уездинен 11 миң адам белгиленет. 1916-жылдын 3-июлунда буйрук жарыяланышы менен эл арасында нааразылык башталып кетет. 5-июлда баштапкы козголоңдор башталат. Анда калк буйрукту жокко чыгарууну, тизме түзүүнү токтотууну талап кылат. Жызак көтөрүлүшүнө *Назиркожо эшен* менен *Абдуракман жебечилер* жетекчилик кылышкан.

Жызактын калкы мардикердикке каршы массалык көтөрүлүш чыгаруу максатында башка шаарларга, ошонун катарында, Ташкент, Самарканд шаарларына жана көптөгөн айылдарга өздөрүнүн өкүлдөрүн жиберишет. 13-июлда Жызак шаарында Дамин карапачы башчылыгында кол өнөрчүлөр мардикердикке алуу боюнча тизмени талап кылып аксакал Мырзаяр Кудаяровдун алдына барышат. Андагы тизме, негизинен, кедей үй-бүлөлөрдүн өкүлдөрүнөн түзүлгөн болуп чыкты. Мындан нааразы болгон эл тизмени берүүнү жана аны кайрадан түзүүнү талап кылат. Мырзаяр Кудаяров тизмени бербей, чогулган адамдарды акарат кылды. Мындай жагдай калктын кескин нааразылыгын келтирип чыгарды. Ошондон кийин кетмен жана союлдар менен куралданган көтөрүлүшчүлөр Жызактын жаңы шаар бөлүгүнө жол алат. Көтөрүлүштү бастыруу үчүн уезддин башчысы өзүнүн жардамчылары менен жетип келет, бирок аларды кайтара албайт. Көтөрүлүшчүлөрдүн катарына шаар жана анын айланасынан көптөгөн адамдар кошулду. Назиркожо эшен көтөрүлүшчүлөргө жалпы жетекчи болду.

Жызак көтөрүлүшүнүн катышуучулары колонизатордук администрацияга таандык аскердик, административдик жана башка жерлерге чабуул жа-

сашат. Алар 13-июль күнү темир жол станцияларын колго алып, байланыш зымдарын үзүп, темир жол менен көпүрөлөрдү бузуп салышты. 14-июлда Абдуракман жебечи өзүнүн үйүндө түрдүү жерлерден жиберилген өкүлдөр менен чогулуш өткөрдү жана анда Жызактан 12 чакырым алыста жайлашкан Көөбашы деген жерде чогулуп, бардыгы биргеликте аракеттенүүгө келишилди. Бул кабарды айланадагы жерлерге жеткирүү үчүн өкүлдөр жиберилет.

Жызактагы бул окуяларлан кабар тапкан падышалык өкмөт полковник Иванов башчылыгындагы аскердик күчтөрдү ал жерге жиберди. 18-июль күнү Түркстанда аскердик кырдаал жарыяланды.

**Көтөрүлүштүн бастырылышы**

Бул учурда колонизатордук өкмөт тарабынан көтөрүлүштү бастыруу жана анын катышуучуларын жазалоо иш-чаралары иштеп чыгылды. Жызакка полковник Иванов башчылыгында 13 рота солдат, 2 артиллерия бөлүгү, казак отряддары, сапёрлор бөлүгү, бардыгы болуп эки жарым миң адамдан турган аскердик күчтөр жиберилди. Колонизаторлордун кошууну баштап Жызакты, кийин Зааминди ээлеп, андан кийин Саңзарга жортуул жасайт. Кошуун куралсыз көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз окко тутат. Абдуракман жебечи аман калган 600 адамы менен 20–21-июлда полковник Афанасьев башчылыгындагы аскердик күчтөргө каршы согуш алып барды. Колонизаторлорго Иванов башчылыгындагы аскердик күчтөрдүн жардамга келиши алардын көтөрүлүшчүлөрдөн үстөмдүк кылышын камсыздады. Натыйжада көтөрүлүшчүлөр жеңилет. Алардын жетекчилери Абдуракман жебечи менен Назиркожо эшендер туткунга түшөт. Көтөрүлүштү уюштургандардан Абдуракман жебечи, Назиркожо эшен, ага-ини Төрөкул жана Эшенкул Төрөбековдор, Касым ажы эшендер өлүм жазасына өкүм кылынат. Колонизатордук өкмөттүн жаза кошууну көтөрүлүшчүлөрдү аёосуз түрдө жазалоого киришти. Көтөрүлүш чыккан айылдарга өрт коюлду. Үйлөр өрттөлдү. Алардын үй-бүлө мүчөлөрү да жазага тартылды. Бул жазадан карыялар, аялдар, ал тургай жаш балдар да четте калбады.

Жызакка 26–27-июлда дагы кошумча жаза отряддары жетип келип, жазаны дагы да күчөттү. Көтөрүлүшчүлөрдөн 3 миң адам камакка алынат. Алардын башчылары өлүм жазасына, калгандары камакка жана сүргүнгө өкүм кылынат. Жергиликтүү калк көтөрүлүштө катыш-



**Көтөрүлүшчүлөр тарабынан темир жолдун бузулушу**

http://eduportal.uz

кандыгы, көтөрүлүшчүлөрдү колдогондугу жана аларды кармоодо падышалык өкмөткө жардам бербегендиги үчүн үйлөрүнөн чөлгө кууп жиберилди.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Жебечи** – *(жебе – курал-жарак)* – курал-жарак амбарынын башчысы.
**Пулемёт** – *(орусча – окту жана металлды атуу)* – окту тез аткан автоматтык курал.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Жызак көтөрүлүшү кандайча башталды?
2. Көтөрүлүш жетекчилери кимдер эле жана алар кандай жол тутушту?
3. Жызак көтөрүлүшү кандайча бастырылды?
4. Көтөрүлүшчүлөрдүн жеңилишине эмнелер себеп болгон?

## 32-§. ТҮРКСТАНДА 1916-ЖЫЛКЫ ОКУЯЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА МААНИСИ

**Көтөрүлүштүн жеңилүү себептери жана натыйжалары**

Көтөрүлүш мүнөзү жагынан улуттук-боштондук кыймыл көрүнүшүндө жүрдү, анткени бул көтөрүлүштүн негизги кыймылдаткыч күчү элдик масса болчу. Алар колонизатордук тартиптерге каршы колуна курал алып, кордолгон укуктары, дин-ынанымдары үчүн теңсиз күрөш алып барышты. Көтөрүлүшчүлөр Мекендин чыныгы атуулдары экендиктерин иш жүзүндө далилдешти. Көрсөткөн чексиз эрдиктери менен Мекен тарыхынын алтын барактарынан татыктуу орун ээлешти. Бул көтөрүлүштөргө орус төрөлөрүнөн бири: «Согуш фронтторуна жаңы бир Түркстан фронту кошулду», – деп өлкөдөгү жагдайга баа берген эле.

Көтөрүлүшчүлөр колонизатордук өкмөткө каршы жөнөкөй эмгек шаймандары менен согуш алып барды. Мындан тышкары, алардын көпчүлүгү дыйкандар, кол өнөрчүлөр болгондугу жана аскердик билимден таптакыр кабарсыз экендиги көтөрүлүштүн жеңилип калышына себепчи болду. Алар Түркстандын түрдүү аймактарында колонизаторлорго каршылык көрсөтүштү. Көтөрүлүшчүлөрдүн тактикалык жана стратегиялык сабатсыздыгы, ынтымаксыздыгы жана чогуу эмес аракеттери жеңилүүгө шарт түздү.

Көтөрүлүш элдик масса үчүн аябай чоң жоготууларды алып келди.



http://eduportal.uz

**Биринчиден,** Жызактын айланасындагы калкы көтөрүлүштө катышкан айылдар өрттөп жиберилди, Натыйжада калктын көпчүлүгү үйсүз калды. **Экинчиден,** көтөрүлүш жай мезгилинде болуп өткөндүктөн, эгинзарлар, айыл чарба продукциялары кыйроого учурады. Мунун натыйжасында Түркстандын калкы 1916–1917-жылдын кыш айлары үчүн камдай турган азык-түлүк запасынын чоң бөлүгүнөн айрылды. **Үчүнчүдөн,** көтөрүлүштүн натыйжасында калктын арасында көптөгөн адамдар курман болду.

Бул көтөрүлүш Түркстандын элин аябай көп жоготууларга дуушар кылды. Кээ бир маалыматтарга караганда, 1916-жылкы көтөрүлүштүн натыйжасында Түркстандын калкынан 673 миң киши өлтүрүлгөн, 300 миңден ашуун интеллигент чет өлкөгө чыгып кеткен. 100 миңдеген кишинин мал-мүлкү тартып алынып, талоонго кабылган.

Россиянын биринчи дүйнөлүк согушта катышышы, Түркстан өлкөсүндөгү көтөрүлүштөр элдин турмушуна да өзүнүн терс таасирин тийгизди. Падышалык өкмөт тарабынан Түркстан калкынын мардикердикке мобилизация кылынышы жергиликтүү калктын чоң бөлүгүн багуучусуз калтырды. Натыйжада бул доордо азык-түлүктүн тартыштыгы, баанын жогорулашы тиричилик жүргүзүүнү оор абалга салып койду. Мардикердикке каршы жүргүзүлгөн 1916-жылдагы көтөрүлүштөр калктын колонизаторлордун зордук-зомбулукка негизделген саясатынын жана согуштун терс таасири натыйжасында чыкты.

**Көтөрүлүштүн мааниси**

1916-жылдагы көтөрүлүштөр падышалык өкмөт тарабынан аёосуз бастырылды. Көтөрүлүшчүлөр колонизатордук өкмөттүн полициялык жана аскердик күчтөрүнө каршы эр жүрөктүк менен күрөштү. Көтөрүлүштүн катышуучулары жана жетекчилери падышалык өкмөт тарабынан катуу жазаланып, көптөгөн көтөрүлүшчүлөрдүн жаралганына жана курман болгонуна карабай, бул мардикердикке каршы каратылган көтөрүлүштөр Түркстан калкынын баскынчыларга каршы улуттук-боштондук мүнөздөгү кыймылы болуп эсептелет. Ал тургай, бул көтөрүлүштө өлкөнүн кеңири элдик массанын бардык катмарлары, ошонун катарында, карыялар менен аялдар да катышышты.

1916-жылдагы көтөрүлүштөр колонизатордук өкмөттү катуу дүрбөлөңгө түшүрдү. Түркстан элдеринин колунан көп нерселер келишин көрсөттү. Бул көтөрүлүш колонизатордук өкмөткө дагы бир жолу жергиликтүү калктын боштондук жана көз карандысыздык үчүн күрөшүү сезимдери али өчө электигин көрсөттү. Падышалык өкмөт кээ бир ча-

раларды көрүүгө, жеңилдиктер жаратууга жана эл менен эсептешүүгө аргасыз болду.

Жыйынтыктап айтканда, 1916-жылдагы көтөрүлүш бүткүл мамлекетчиликтин тарыхында Түркстандагы эң кудуреттүү жана уюшкан көтөрүлүш эле. Жызак көтөрүлүшү тарыхта «Жызак трагедиясы» деген наам калтырды. Ал Фазыл Юлдаш уулунун «Жызак көтөрүлүшү» деп аталган дастанында өзүнүн толук көрүнүшүнө ээ болгон.

## *Өзүңдү сынап көр!*

**Биринчи дүйнөлүк согуш ... башталды жана анда ... мамлекеттери катышты. Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда ... калктын өкүлдөрү мардикердикке алынды. Жызак көтөрүлүшү ... жылы башталды.**

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Россиянын биринчи дүйнөлүк согушта катышуусу анын колонияларына, ошонун катарында, Түркстан өлкөсүнө да өзүнүн терс таасирин тийгизди.
- Падышалык өкмөт тарабынан Түркстан калкынын мардикердикке алынышы жергиликтүү калктын наразылык кыймылдарына себеп болду.
- 1916-жылдагы көтөрүлүштөр падышалык өкмөт тарабынан заманбап куралдар жардамында бастырылды.
- Көтөрүлүштүн катышуучулары падышалык өкмөт тарабынан катуу жазаланды.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Көтөрүлүштөрдүн жеңилүү себептерин эсептеп бер.
2. 1916-жылдагы көтөрүлүштөр кандай натыйжаларга алып келди?
3. 1916-жылкы Түркстан өлкөсүндөгү элдик көтөрүлүштөрдүн XIX кылымдын аягындагы көтөрүлүштөр менен кандай окшоштугу бар?
4. 1916-жылдагы көтөрүлүштөргө колонизатордук өкмөт кандай мамиледе болду?

http://eduportal.uz

# VIII БӨЛҮМ

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА БУХАРА АМИРЛИГИ ЖАНА ХИВА ХАНДЫГЫ

**Бөлүмдү үйрөнүүнүн натыйжасында:**

- XIX кылым аягы – XX кылымдын баштарында Бухара амирлигинин башкаруу системасы;
- кол өнөрчүлүк, ички жана тышкы сооданын өнүгүшү;
- Жаш бухаралыктар кыймылынын пландары жана ишмердиги;
- 1920-жылы Бухара амирлигинин кулашы;
- Хива хандыгынын саясий системасы;
- Жаш хивалыктардын өлкөдө реформа жүргүзүү кыймылы;
- Хива хандыгы кулашынын себептери жөнүндө билип аласың.

## 33-§. БУХАРА АМИРЛИГИНИН МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК ТУРМУШУ

**Бухара амирлигинин коомдук-саясий абалы**

Россия менен 1868-жылдагы келишим Бухара амирлигинин тагдырын таптакыр өзгөртүп жиберди. Ал саясий көз карандысыздыктан айрылып, Россиянын протекторатына айланып калды. Саясий көз карандысыздыктан айрылганы менен, Бухаранын амири өзүнүн жарандары үстүнөн чектелбеген бийликти колунда сактап калган эле. Бухара амиринин саясий ишмердигин түздөн-түз көзөмөлдөө үчүн «Россия императорунун саясий агенттиги» (1886–1917) түзүлгөн болуп, ал 1868-жылдагы келишим шарттарынын аткарылышын жана амирдин саясий ишмердигин көзөмөлдөп барган.

XIX кылымдын аягында Бухара амирлигинин аймагы Россия империясынын карамагына өткөн аймактардын эсебинен кыскарган эле. Калкынын саны 2 миллиондун айланасында болуп, негизги алектенүүсү кол өнөрчүлүк, дыйканчылык жана малчылык эле. Башкалаа Бухарадан тышкары, Чаржой, Китоб, Шахрисабз, Денав сыяктуу шаарлар амирликтин ири соода жана кол өнөрчүлүк борборлору эсептелген.

Мамлекет иштерин башкарган жогорку кызмат адамы *кошбеги* болуп, ал салыктардын чогултулушун көзөмөлгө алган, административдик кызмат адамдарына жетекчилик кылган, жергиликтүү бектер менен жазышуулар-



http://eduportal.uz



**Бухаранын кошбегиси**

ды жүргүзгөн. Кошбеги ар күнү өкүмдардын жеке өзүнө амирликтеги жагдай жөнүндө маалымат берип турган. Бардык кызмат адамдары кошбеги тарабынан, жогорку кызмат адамдары гана амирдин өзү тарабынан дайындалган.

Казна жана зекет жыйымдарын чогултууну башкарган *деванбеги* кызматы ордуна карай кошбегиден кийин турган. Соттоо, нотариалдык иштер, билим берүү мекемелерин *дин адамдары* башкарган, *башкы казы* болсо диний-соттоо иштерине жетекчилик кылган.

Жерлерде мыйзамдарга баш ийилиши, диний амалдардын аткарылышы, ахлак нормалары, базардагы таразалар жана ченөөлөр үстүнөн көзөмөл иштерин *раис* башкарган. Раис өз кезегинде башкы казыга баш ийген. Башкы раис амир менен башкы казынын алдында жооп берген. Үч жогорку кызмат адамы – кошбеги, деванбеги жана башкы казы дайыма Бухарада болууга тийиш эле. Амирликтеги бектерди жана алардын менчигин жоокерлер күзөткө алган.

Жергиликтүү администрация – аминдер, аксакалдар жана бектиктердин өкүлдөрү менен дин адамдарынан турган болуп, алар амирдин буйруктарын сөзсүз аткарууга тийиш болгон. Бүткүл Бухара амирлиги бектиктерге бөлүнгөн эле. Бектер амир тарабынан гана дайындалышкан жана кызматынан бошотулган. Бектердин айланасында алардын тууган-уруктары же жакын адамдарынан дайындалган ири кызмат адамдарынын тобу куралган.

Мамлекетти коргоо үчүн амирдин элдик көңүлдүүлөр менен кошуундардан тандап алынган лашкери болгон. Лашкерге топчу башы (замбирекчи лашкер) жетекчилик кылган. Бирок, XIX кылымдын аягына келип амирдин лашкери аскердик билимге ээ болбогон жана жөнөкөй куралдар менен куралданган дыйкандардан турган. Лашкердин тартип-эрежелери XIX кылымдын баштарынан бери реформаланбаган, аскердик иш сапатсыз жана кошуундун курал-жарагы өтө начар абалда эле.

Мамлекет кирешелеринин чоң бөлүгүн жеке кызыкчылыктарына сарптаган кызмат адамдары менен кызматчылар өлкөнүн өнүгүп өсүшү үчүн кам көрүшпөгөн. Ошондуктан амирликтин керектүү сарп-каражаттары бири-бирине жакын тууган-туушкан болгон кызмат адамдарына эмес, карапайым калктын чегине түшкөн.



http://eduportal.uz

***Өзүңдү сынап көр!***

**Россия императорунун саясий агенттиги – ... Кошбеги – … Топчу башы – … Деванбеги – … Лашкердин абалы – …**

***Эсте сакта!***

**Жергиликтүү администрация – аминдер, аксакалдар, бектиктердин өкүлдөрү менен дин адамдарынан турган болуп, амирдин буйруктарын сөзсүз аткаруга тийиш болгон.**

### Салык жана милдеттенмелер. Элдик көтөрүлүштөр

Амирликтеги дыйкандардын көпчүлүгү кыйынчылыкта жашаган. Анткени жер жана жерди иштетүү каражаттары амир менен кызмат адамдарынын колунда болгон. Мамлекеттин кызмат адамдары материалдык камсыздоо үчүн зарыл болгон финансылык каражаттарды текке сарпташкан. Амир Абдулахад Петербургга, императордун алдына чоң белек-бечкек менен ар жылы каттаган. Ошондой эле, ал Крым жана Кавказга барганда кымбат баадагы белектерди жана сарайларды сатып алган. Мындай адат аябай көп сарптарды талап кылган жана бул каражаттар карапайым калктын чегине оор жүк болуп түшкөн.

Бухара амирлигинде негизги салыктарды калктын 90 % га жакынын түзгөн дыйкандар төлөгөн. Бул салыктарды төлөө үчүн алар соодагерлер, сүткорлор жана ири жер ээлерине таандык жерлерде жарытпаган эмгек акы үчүн эмгектенүүгө аргасыз болушкан. Натыйжада эл ашкере наразылык билдирүүнү чечет. Бул наразылык чыгыштарынын көпчүлүгү стихиялуу, уюшпаган болсо да, алар амирликтин эски башкаруу стили өзүнүн маанисин жоготуп жаткандыгын көрсөттү. Мындан тышкары дыйкандардын көпчүлүгү салыктардын көптүгүнөн иши жүрбөй, айылдардан шаарларга келип, жалданып иштөөгө аргасыз болушат.



Бухара амиринин Петербургга келиши

Амирликте эзелтеден **хираж** жана **зекет** негизги салыктар болсо да, жерден алынган хираж салыгынын саны кээ бир вилаяттарда түшүмдүн



**Абдулахадхан императордун кабылында**

40–50 % ына жеткен. Мындан тышкары, хираж менен бир катарда **кепсен, даругайи музд,** башкача айтканда кырмандарды катка түшүргөнү үчүн кызмат адамына кошумча маяна да өндүрүлгөн. Бактар менен эгинзардан алынган кирешелер үчүн өз алдынча жыйым – **танабаана** төлөнгөн.

Дыйкандар администрациянын өкүлдөрү алардын жерлерин ээлеп алышынан, жергиликтүү бийлик жана сот бийлиги кызматчыларынын паракордугу жана эки жүздүүлүгүнөн жапа чегишкен. Адатта, дыйкандын салык төлөөгө акчасы болбосо, анын менчиги тартып алынган. Кризиске кабылуу, жакырдануу, кызмат адамдары тарабынан ыйгарым укуктарынын өздөштүрүлүшү дыйкандарды көтөрүлүш чыгарууга аргасыз кылган. Натыйжада, амирликтеги эң ири көтөрүлүштөрдөн бири 1885-жылы Балжуван бектигинде кайраттуу жана элин сүйгөн Васе аттуу адамдын жетекчилигинде чыкты. Удаалаш келген ачарчылык жылдарынан кийин балжувандык дыйкандар алгачкы жолу 1885-жылы мол түшүм алышкан. Салык чогултуучулар болсо ошол жыл үчүн гана эмес, ошондой эле өткөнкү түшүмсүз жылдар үчүн да хираж төлөөнү талап кылышты. Мындай салык өндүрүүнү адилетсиздик жана талоончулук деп билген дыйкандар аны төлөөдөн баш тартышат. Кызмат адамдарынын зордукчулдугу жана коомдук зулум куралдуу көтөрүлүшкө үндөгөн миңдеген дыйкандар Васенин айланасына уюшушат.

1885-жылдын июль айынын акыркы күндөрүндө дыйкандар менен амир Музаффардин лашкери какшаткыч салгылашууга чыгышат. Даярдык көрбөгөн жана эмгек шаймандары менен көчөгө чыккан дыйкандар жеңилип калат. Көтөрүлүштүн жол башчылары, ошонун катарында, Васе да өлтүрүлөт. 1888-жылы Көлаб бектигинде башталган ири дыйкандар көтөрүлүштөрү Памир чек ара кошуундарынын жардамы менен басырылды. 1889-жылдын май айында Калиф бектигинде да көтөрүлүш чыкты.

## ! *Өзүңдү сынап көр!*

**Кепсен – ...**
**Танабаана – ...**
**Даругайи музд – ...**
**Васе – …**

***Эсте сакта!***

**1885-жылы Балжуванда, 1888-жылы Көлаб бектигинде, 1889-жылдын май айында Калифте дыйкандар көтөрүлүш чыгарышкан.**

**Кол өнөрчүлүк**

Бул мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүштүн негизги тармактарынан бири килем согуу жана кийиз басуу болгон. Бухаранын килемдерине чет өлкөлөрдө да талап чоң болуп, амирликтин соодагерлери аларды көп санда чет өлкөгө, ошондой эле, Россияга алып барып сатышкан. Ортоңку Чыгыш өлкөлөрү, Түркстан базарларында да Бухара гилемдеринин соодасы жакшы жүргөн. Ички жана тышкы базарларда Бухаранын жип-кездеме материалдары, көнчүлүк, зардөздүк, күмүш жана алтын зергердик буюмдары, боёк жана самын продукциялары да белгилүү болгон. Бухара усталарынын алтын жана күмүштөн жасаган буюмдарынын, айныкса, атагы чыккан эле.

Амирликтин дээрлик бардык шаарларында колунан көөрү төгүлгөн зергерлер эмгектенген устаканалар болгон. Алар жасаган продукциялардын бардыгы өзүнө мүнөздүү назик орнаменттер менен кооздолгон. Бухаранын карапачылык буюмдары базары да өнүккөн болуп, карапачылар бүткүл амирликтин шаарларында кеңири таралган эле.



**Токуучулук**

Бухара амирлигинде эзелтеден өнүгүп келген өзүнчө көрүнүштөгү кол өнөрчүлүк болгон. Кол өнөрчүлөрдүн негизги кирешелери эсеби жок салыктарды төлөөгө кеткен. Ошондуктан алар өздөрүнүн устакана жана ишканаларын дагы да өнүктүрүү, өркүндөтүү үчүн кошумча каражаттарга ээ болушпаган.

**Соода мамилелери**

XIX кылымдын аягында Бухара амирлиги Россия, Ооганстан, Индия, Иран жана Кавказ менен соода байланыштарын орноткон. Бухара, Чаржой, Карки, Термез жана Каган (Жаңы Бухара)да Россия фирмаларынын кеңселери жана складдары болгон. Россия менен Бухара амирлигинин ортосунда товар жүгүртүү жыл сайын өсүп отурду.

Бухара амирлигинин аймагы чоң пайда келтирген транзиттик соода үчүн да ыңгайлуу эле. Россия Бухара аркылуу Ооганстанга чоң санда нооту, фарфор буюмдар, тукаба, чыт, күкүрт жана керосин чыгарган.

1887-жылы амирликтин аймагы аркылуу баштапкы темир жол өткөрүлдү. Бухарадан 15 километр аралыкта Жаңы Бухара станциясынын курулушу баштап жиберилди. Бул жерде амирдин сарайы менен Россиянын саясий агентинин резиденциясы да курулду. Эми Бухара амирлиги темир жол аркылуу Ташкент, Оренбург жана Москва менен байланышты. 1888-жылга келип Бухара амирлигинин аймагында орус айылдары пайда боло баштады. Жаңы Бухарада Россия мамлекеттик банкынын бөлүмү ачылды. Мындан тышкары, эки пахта тазалоо заводу, Европанын үлгүсүндө эки мейманкана курулду. Эски Бухарадагы кошбегинин үйү менен Россия императорунун саясий агенттигинин резиденциясы алгач пайда болгон телефон түйүнү менен байланышкан.

## *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Стихиялуу** – уюшпаган, туура уюштурулбаган кыймыл.
**Нотариалдык иштер** (лат. – *катчы)* – юридикалык жана башка түрдүү документтерди бекитүү иштери.

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Бухара амирлигинин Россия менен 1868-жылдагы келишими.
- Россия, Ооганстан, Индия, Иран менен соода-сатык.
- 1887-жылы – Бухара амирлиги аркылуу темир жолдун курулушу.
- Амир Музаффар – салыктардын ашырылышы, зулумдун күчөшү жана Васенин көтөрүлүшү.

## *Суроолор жана тапшырмалар*

**1.** Бухара амирлигинин Россия менен 1868-жылдагы келишими мамлекеттин кийинки өнүгүшүнө кандай таасирин тийгизди?
**2.** Бухара амирлигинин кошбеги, деванбеги, башкы казы сыяктуу кызмат адамдарына кандай милдеттер жүктөтүлгөн эле?
**3.** Васе көтөрүлүшүнүн себептери эмнелерден турган?
**4.** Көтөрүлүш чыгарган калк тарабынан кандай каталарга жол коюлган эле?
**5.** XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Бухара амирлигинде товар-акча мамилелеринин өнүгүшүнө кандай себептер өз таасирин тийгизген?



http://eduportal.uz

# 34-§. ЖАШ БУХАРАЛЫКТАРДЫН ИШМЕРДИГИ ЖАНА БУХАРА АМИРЛИГИНИН ЖОЮЛУШУ

**Жаш бухаралыктар**

XX к. баштарында Бухаранын коомдук турмушунда бири-бирине карама-каршы эки күч пайда болду. Биринчиси – саясий турмушту демократиялык негизде кайра куруу, экономиканы өнүктүрүү, алдыңкы өлкөлөрдүн катарына чыгуу үчүн күрөшүүчү Жаш бухаралыктар. Экинчиси – диний консерваторлор, ар кандай жаңылык, реформанын душманы болгон катгеориянын өкүлдөрү.

Жаш бухаралыктар саясий кыймыл иретинде 1910-жылдан ишмердигин баштаган. Алар Бухаранын прогрессивдик инсандарынын жеткилең өкүлдөрү (Абдулвахид Бурханов, Абдурауф Фитрат, Садриддин Айний, Файзулла Хужаев, Усман Кожо, Абдукадыр Мухиддинов, Мусажан Сайиджанов ж. б.) болуп, Бухараны эзүүчү амир бийлигинен куткарып, республикалык түзүлүштү орнотууга умтулушкан. Алар Бухарада жаңы усул мектептерин уюштуруп, ар түрдүү окуу китептерин жана окуу колдонмолорун жазышты. «Бухарайи Шариф», «Туран» газеталары басмадан чыкты. Бул басылымдар элди түркөйлүктөн ойготуу жана билимге үгүттөө менен бирге улуттук-боштондук жана көз карандысыздык идеяларын да көтөрүп чыгышты.

**Амир Алымхандын реформалары**

Амир Абдулахаддан кийин Бухаранын тактын анын уулу Сайид Алымхан (1910–1920) ээлейт. Аны 1893-жылы атасы Петербургга окууга жөнөттү. Ал жерде 3 жыл бою аскердик иш жана мамлекет башкаруунун негиздерин үйрөндү. Амирлик тактына отурган Сайид Алымхан Бухарада мамлекеттин негиздерин жана диний системаны өзгөртүү аракетинде болгон жок. Бирок Россиядагы окуялар жана амирликтин өзүндөгү оппозициялык кыймылдар аны чара көрүүгө жана Жаш бухаралыктардын (жадиддердин) өлкөнү демократиялаштыруу жана реформалоо жөнүндөгү талаптарын кабыл алууга аргасыз кылды.



Амир Алымхандын жаштыгы

1917-жылдагы Россиядагы февраль төңкөрүшү жана анын натыйжасында Бухаранын саясий турмушундагы жандануу, орус төңкөрүшүнүн Бухара амирлигинде да кайталанышынан сактануу амирди кээ бир реформаларды ишке ашырууга үндөдү. 1917-жылдын мартында башкы казы амирдин кабылдамасында өлкөдө реформа жүргүзүү жөнүндө убада берди. Ал амирдин аракеттеги түзүлүштүн



**Бухаранын амири Алымхан**

негиздерине тийбеген жана элдин абалын анчалык деле ондобогон буйругун окуп эшиттирди.

Буйрукта адилеттүү соттоо, хираж, зекет жана башка салыктарды өндүрүүнүн туруктуу негиздерин жаратуу жөнүндө сөз болгон. Өнөр жай жана сооданы өнүктүрүүгө да көңүл бурулган. Кызмат адамдарына кызматы боюнча милдеттерин аткаруу учурунда кошумча акы алууга тыюу салынган. Анын ордуна мамлекет тарабынан туруктуу белгиленген маяна уюштурулду. «Биз жактан, – дейилген буйрукта, – шариаттын өкүмү менен өлкөдө билимди өнүктүрүү, ага кызыктыруу боюнча иш-чаралар көрүлөт».

Ошондой эле, амир казнасынан башка мамлекеттик казна түзүүгө, мамлекеттин киреше жана чыгашаларын так эсебин жүргүзгөн бюджет түзүүгө убада берген. Буйрукта басмакана ачуу, туткундарды зындандан чыгаруу жөнүндө да убадалар берилди. Ошол максатта борбордогу «тунук пикирлеген, акылдуу» адамдардан «ассамблея» (чогулуш) түзгөн «улутту» шайлоо да көздө тутулган.

Буйрук чоң убадалардын негизинде жалпыга түшүнүктүү сөздөрдөн турса да, жадиддерде шек туудурду. Жаш бухаралыктардын жетекчилери (буйрукту ишке ашыруу максатында түзүлгөн комитет *Жаш бухаралыктар комитети* деп аталган) реформалар жөнүндө жалгыз пикирге келе алышпады. Махмуткожо Бехбудий, Молдохан уулу, Мырза Гуламдар оор басырыктуу кыймылдары менен буйрукту колдоп-кубатташкан болушса, радикалдык кыймылдын жактоочулары Файзулла Хужаев, Абдурауф Фитрат жана Усман Кожо сыяктуулар дагы да тереңирээк реформа жүргүзүүнү талап кылып, тездик менен демонстрация уюштурууга үгүттөшөт.

1917-жылдын 8-апрелинде жадиддер Карки, Бухарада демонстрация уюштурушту. Бухара демонстрациясына чогулган 150 адамга Файзулла Хужаев менен Абдурауф Фитрат жетекчилик кылышкан. Ураандарда «Жашасын Амир!» менен бир катарда «Эркиндик, Адилеттүүлүк, Азаттык!» сыяктуу чакырыктар да бар эле. Демонстранттар Аркка чейин жетип келишкенде, амирдин жоокерлери аларды токтотууга буйрук алды. 200 жөө, 300 атчан жоокерден турган амирдин кошууну демонстранттарды таратып, камакка ала баштады. Мындан тышкары, Арктын

босогосун реформага каршы чыккан 7 миңден ашуун кыйла уюшкан молдолордун тобу ээлеп алды. Молдолор Аркка жакындашкан адамды өлтүрүү менен коркутушту. Демонстранттарга таштар атылып, аларды акараттап, токмоктой баштапшты. 30 дан ашуун демонстрант камакка алынды, көпчүлүгү жараланды. Соо калган башка демонстранттар башка шаарларга качып жан куткарышты.

Бухарадагы окуялар жадиддерди сергек тарттырды. Өзүн билимдүү өкүмдар катары көрсөткөн Сайид Алымхандын эл арасында урматы калбады.

***Өзүңдү сынап көр!***

**«Жадиддер же Жаш бухаралыктар партиясынын курамы же жазылбай калган пландар» – ...**

**Жаш бухаралыктар – ...**
**Буйрук боюнча ...**

**Бухара амирлигинин кулашы**

Соо калган жадиддер 1917-жылы большевиктер тарабынан ээленген Түркстанга качты. 1920-жылдын январында Ташкенттеги жаш бухаралыктардын сол бөлүгү Файзулла Хужаевдин жетекчилигинде «Төңкөрүшчү жаш бухаралыктардын Түркстандагы борбордук бюросун» түзүштү. Бирок бул уюм абройлуу саясий күчтөрдү өзүнө бириктире албаган. Бул уюм Орто Азияны толук ээлеп, аны большевиктердин жаңы мамлекетинин курамына кошуп алууга урунган колонизаторлордун күрөшүү каражатына айланды.


Файзулла Хужаев

Файзулла Хужаев жетекчилик кылган Жаш бухаралыктар жана большевиктердин чогуу аракеттери менен Бухарада мамлекет төңкөрүшү даярдалды. Жергиликтүү калктын арасында күчтүү үгүттөө башталды. Ошол максатта «Таң» журналы жана «Учкун» газетасы басмадан чыгарылды.

Жаш бухаралыктар амирди тактан кулатуунун саясий жана үгүттөө негиздерин даярдоого киришти. Алардын демилгеси менен 1920-жылдын 29-августунда Чаржойдо көтөрүлүш уюштурулду. Бул жерде Убактылуу төңкөрүштүк комитет түзүлүп, ал РСФСР (1917-жылдан кийинки большевиктер Россиясынын аталышы) өкмөтүнөн жардам сурап өтүнүч менен кайрылды. Совет мамлекети болсо мыкты куралданган кошуун жана жергиликтүү калкты дүрбөлөңгө түшүргөн аскердик авиация менен камсыздалган ири аскердик бөлүктөрдү Бухарага таштады. Амирдин ко-



http://eduportal.uz

шуундары дээрлик эч кандай каршылык көрсөтө албады. Амир Сайид Алымхан өзүнүн үй-бүлөсү жана сарайындагы жакын адамдары менен Оганстан жакка качып өттү.

1920-жылдын 2-сентябрында большевиктер Кызыл армиясынын кошуундары Бухарага кирди. 6-октябрда Бухара Элдик Советтик Республикасы жана Файзулла Хужаевдин жетекчилигиндеги биринчи өкмөт Элдик Комиссарлар Кеңеши түзүлгөндүгү жарыяланды.

### *Өзүңдү сынап көр!*

**1920-жылдын 29-августунда – ...** **1920-жылдын 2-сентябрында – ...**
**Убактылуу төңкөрүштүк комитет – ...** **Ф. Хужаев – ... .**

### *Тарыхый документ*

***Бухара амирлигинин казнасы жөнүндө***

Бухара амиринин башкы вазири – кошбеги Мырза Насрулла тизмеге алган байлык төмөнкүлөрдөн турган: Бухара алтыны 1 148 380 даана, орус алтыны – 4 365 100, куйма түрүндөгү гамбург алтыны – 17 даана, күмүшү – 45 тонна, орус күмүшү – 22 тонна 160 кг, Бухара тыйыны – 62 834 780 даана, Бухара жез тыйыны – 13 тонна, алтын күкүнү – 1 тонна, ири бриллианттар – 3483 карат, буюмдарга кошо тигилген бриллианттар – 968 карат, баалуу таштар – 8617 карат. Амир Алымхандын колундагы орус өнөр жай банктары акцияларынын баасы 33 миллион сум болгон. Анын казнасында 100 млн Россия империясынын акчалары болгондугу да жазылган.

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- Жаш бухаралыктардын ишмердиги.
- 1910-жылы такка Сайид Алымхан отурду.
- Реформа өткөрүүгө урунуулар, демонстрациялар.
- 1920-жылдын 29-августунда Чаржойдо көтөрүлүш уюштурулду.
- Бухара амирлиги жоюлуп, 1920-жылы БЭСР түзүлдү.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Фанат** – динге катуу берилген, анын жол-жоболоруна билип-билбей баш ийген адам.
**Радикалдык** – (латинче – *таптакыр)* – кескин жана чечкиндүү чаралардын жактоочусу.
**Убактылуу** – кандайдыр белгилүү мөөнөткө түзүлгөн өкмөт.



http://eduportal.uz

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Жаш бухаралыктардын ишмердигинен эмнелерди билип алдың?
2. Амир Сайид Алымхан өзүнүн өлкөсүндө кандай максатта реформа өткөрүүгө урунуп көрдү?
3. Жадиддердин программасы амир Алымхан ойлогон реформалардан эмнеси менен айырмаланган?
4. Бухара амирлиги кулашынын себептерин эсептеп бер.

## 35–36-§§. XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА ХИВА ХАНДЫГЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮЛҮШҮ ЖАНА КООМДУК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

**Хандыктын коомдук-саясий түзүлүшү**

Хива хандыгынын үстүнөн падышалык өкмөт өзүнүн протекторат аймагы иретинде катуу көзөмөл орнотту. Ички жана тышкы саясаттагы болор-болбос өзгөрүштөрдү да Хиванын ханы Түркстан генерал-губернатору менен келишип алууга тийиш эле. Хандын үстүнөн көзөмөл жүргүзүү максатында 7 адамдан турган Кеңеш (деван) түзүлүп, алардын төртөөсү падышалык өкмөттүн өкүлдөрү эле.

Амударыянын мурда Хива хандыгына караган жана Гандимиён келишими боюнча Россия империясынын тескөөсүнө өткөн оң жээгинин аймагында Түркстан генерал-губернаторлугунун Амударыя бөлүмү түзүлгөн эле. Анын башчысы ошол эле учурда Россия империясынын Хива хандыгындагы өкүлү иретинде мамлекетти башкарууда хандын бардык аракеттери үстүнөн көзөмөлдү ишке ашырган. Хандык миң жылдык тарыхка ээ жана өзбек элинин маданий өнүгүшүндө маанилүү роль ойногон түркий уруу коңураттарга таандык династиянын өкүлдөрү тарабынан башкарылган монархия эле. Коңурат уруусу саясий жана коомдук турмушта, ошондой эле аскердик жактан хандын таянычы болгон.

Хан чектелбеген административдик-соттоо, аскердик бийликке ээ болгон. Ал өлкөнү коңурат уруусунун ак сөөктөрү, сарай адамдары жана жогорку даражалуу дин кызматчыларына таянып башкарган. Бийликти элдин кызыкчылыктарына караганда, көбүрөөк тар чөйрөдөгү кызмат адамдарынын кызыкчылыгынан келип чыгып жүргүзгөн.


**Хива хандыгынын башкы вазири**

Хива хандыгында кошуун элдин каршылык кыймылын бастыруу жана мамлекеттин бүтүндүгүн сак-

тоо үчүн күрөштүн каражаты эле. Бул кошуун жакшы уюшпаган, аскердик тартип-эрежеге баш ийбеген, өтө жөнөкөй куралданган эле. Хандын регулярдуу кошуунну жасоол башы жетектеген 1,5 миң адамдан турган. Аскердик аракеттер учурунда шаар, айыл жана аулдардан элдик лашкер жана түркмөн атчан аскерлери чогултулган.

Хандык административдик жактан 20 бектик жана 2 наибдикке бөлүнгөн. Алардан эң ирилери Хазарасп, Үргөнч, Кыят, Көөнө Үргөнч, Хожейли, Коңурат эсептелген. Ар бирине хан тарабынан дайындалган бек же аким жетекчилик кылган. Хандыкта эки чакан вилаятты хандын наибдери башкарган. Хива шаары жана анын айланасы түздөн-түз хандын тескөөсүндө болгон. Бул башкаруу аппаратындагы кызмат адамдары дыйкандар менен кол өнөрчүлөрдөн чогултулган салыктардын эсебинен тиричилик жүргүзгөн.

*Мехтар* (башкы вазир) жана *девангбеги* (деванкананын жооптуу адамы) хандын жогорку кызмат адамдары жана жакын кеңешчилери болушкан. Хандыктагы соттоо системасында бийликке каршы кичине жазык үчүн да өлүм жазасы колдонулган.

Ислам дининин жетекчилери мамлекеттин коомдук-саясий турмушунда чоң таасир күчүнө ээ болгон. Хива Бухарадан кийинки ислам дининин борборлорунан бири саналган. Шаарда 160 тан ашуун мечит жана зыярат кылынчу жерге айланган 60 тан ашуун олуялардын күмбөзү болгон. Өлкөдө 1,5 миңге жакын мектептер иштеп турган. Бул мектептерди бүткөн окуучулардын кээ бирлери жогорку же орто окуу жайларында окууну улантып, 10 жылга чейин билим үйрөнүшкөн. Мында негизги предметтер иретинде араб тилинин грамматикасы, ислам укугу жана философиясы, кошумча түрдө элементардык арифметика менен геометрия окутулган. Медресенин окуучулары сыноодон өткөндөн кийин бош калган казылык, имамдык же башка бир абройлуу кызматтарды ээлеши мүмкүн эле.

***Эсте сакта!***



**Хиванын ханы өлкөнү өзү таандык болгон коңурат уруусунун ак сөөктөрү, сарай адамдары жана жогорку дин адамдары тобуна таянып башкарган.**

***Өзүңдү сынап көр!***

**Жасоол башы – ...** **Мехтар – ...** **Коңураттар – ...**

http://eduportal.uz



**Жерди иштетүү. XIX кылымдын аягы**

**Жер ээлиги**

Жер өлкө байлыгынын биринчилик фактору саналган. Бул байлык дыйкандардын эмгеги эсебинен чогултулган. Дыйкандардын эмгеги жердин түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана иштеп чыгарууну өнүктүрүүгө каратылган. Бул жагынан Хива хандыгында дыйкандар да усулдуу келишкен. Хандыкта дан өстүрүү айыл чарбасынын негизги тармагы болуп, негизинен шалы, жүгөрү жана сулу көптөгөн санда өстүрүлгөн. XIX кылымдын 90-жылдарынан баштап Россия менен соода-сатыктын өнүгүшү натыйжасында пахта өстүрүүгө адистешүү да тез темптер менен жүрдү.

Хандыктагы жерлердин негизги бөлүгү хан менен анын кызмат адамдарына таандык эле. Кызмат адамдары менен ханга жакын адамдарга эмгек акы иретинде Хиванын хандары мамлекеттик жерлердин эсебинен тартуу беришкен. Мындан тышкары, хан жана анын адамдары, тууган-уруктары салыктардан бошотулган.

Жер аянттарынын чоң бөлүгү диний мекемелердин тескөөсүндө болуп, хандыктагы бардык сугат жерлердин 40 % ы мечиттердин мүлкү эсептелген. Алсак, 64 мечит жана медресе XIX к. акыркы чейрегинде 205 миң танаптан ашуун жерге ээлик кылган. Бул хандардын дин адамдарына болгон урматынын белгиси болчу. Мисалы, вакф жерлери жана XIX к. аягында дээрлик 4 миң дин илимпоздорунун үй-бүлөсү бардык салыктардан бошотулган.

**Салык жана милдеттенмелер**

1873-жылдан кийин түшүмдүү жерлердин чоң бөлүгү Россиянын тескөөсүнө өтүшү натыйжасында хандыктын администрациясы сарп-каражаттарга болгон керектөөнү жаңы салыктарды киргизүү же мурда болгондорун көбөйтүү жолу менен канааттандыра баштады. Хива хандыгында түрдүү милдеттер, туруктуу же өзгөчө салыктардын дээрлик 25 түрү болгон. Дыйкандар **сал-**

**гут** – жер салыгы, **зекет, чөп пулу** – жайлоолордон пайдалангандык үчүн салык, турак жайлардан **түтүн** салыгы сыяктууларды төлөшкөн.

Мындай салыктардан тышкары, дыйкандар түркүн-түрдүү милдеттенмелерди да аткарышкан. Бул милдеттенмелердин арасында сугат системасын ремонттоо, жаңыларын куруу эң оору эле. Хиванын дыйкандары жыл сайын каналдарды тазалоого, дамба куруу жана аны калыбына келтирүүгө, дамба жана көпүрө ремонттоого чыгышкан. Бул иштерге дыйкандар өздөрүнүн эмгек шаймандары жана тамак-ашы менен келген. Милдеттүү ишке чыкпагандар болсо белгилүү сандагы каражатты казнага төгүүгө тийиш болгон. Хандын буйруктарын жарыялаган жарчы өзү үчүн **афанак пулун** чогултса, иштерди көзөмөлдөгөн жана жооптуу адамдар да өз үлүшүн алууга аракеттенген.

Дыйкандар калктын 90 % га жакынын түзсө да, сугат жерлердин болгону 5 % ына ээлик кылышкан. Жерсиз жана жери аз дыйкандар болсо ири жер ээлеринин жана вакф жерлеринде ижарачы иретинде иштеп беришкен. Дыйкандар үлүш же түшүмдүн тең жарымы эсебине эмгектенишкен. Иш аяктагандан кийин, адатта, жердин ээсине түшүмдүн 40–50 % ы берилген. Тең жарымына иштегендер болсо **жарымчылар** деп аталган. Жери да, эмгек шаймны да, унаасы да болбогон дыйкандар жер ээлеринин колунда түрдүү шарттарга көнүп эмгектенүүгө аргасыз болушкан. Карыз дыйкандар өзүнүн карыздарын үзүү үчүн белгилүү убакыт бою акысыз иштеп берүүгө тийиш болгон.

Ошентип, хандыкта жерсиз дыйкандардын саны жылдан жылга өсүп отурду. Алар хандар, бектер жана алардын кызмат адамдарына барган сайын көз каранды болуп барды. Бул жараяндардын бардыгы Хива хандыгынын жалпы экономикалык жана коомдук абалына өзүнүн терс таасирин тийгизди.



**Хива хандыгынын сакчылары. XX к. башталышы**

! ***Өзүңдү сынап көр!***

**Салгут – ...** **Чөп пулу – ...**

**Афанак пулу – ...** **Карыз дыйкандар – ...**

**Өнөр жайдын өнүгүшү**

XIX к. аягы – XX к. баштарында үй кол өнөрчүлүк өндүрүшү али да сакталып келген. Анда жип ийрүү жана токуучулук, бут кийимдери, килем, кийиз жана ушул сыяктуулар даярдалган. Ар бир дыйкан чарбасы жардамчы киреше булагы болгон үй кол өнөрчүлүгү менен алектенген. Дээрлик ар бир айылда көнчү, өтүкчү, бөзчү, боёкчу, жувазчы жана башкалар ишмердик көрсөтүшкөн. Кол өнөрчүлөр айылдаштарынан буюртма алып иштеген жана даярдалган буюмдары үчүн натуралык түрдө, продукт же акча менен акы алган. Алардан кээ бирлери түздөн-түз жергиликтүү базарлардагы устаканаларда эмгектенишкен.

Орто Азиянын Россия, Бухара, казак жүздөрү, Кавказ, Иран менен соода мамилелеринин өнүгүшү ички сооданы жандандырды. Базар мамилелеринин өнүгүшү товар-акча мамилелеринин тез өсүшүнө шарт түздү. Шаарлардын айылдарга караганда тез өнүгүшү жаңы шаарларды пайда кылды, эскилеринин өнүгүшүн тездештирди. Бул болсо өлкөнүн экономикалык турмушунда шаарлар ролунун чоңоюшуна алып келди. XX к. баштарына келип Хива, Жаңы Үргөнч, Коңурат, Ташавуз, Гурлан сыяктуу шаарлар хандыктын коомдук-экономикалык, маданий борборлоруна айланды. Багат, Мойнок, Тахта сыяктуу жаңы шаарлар пайда болду.

Бул шаарларда жергиликтүү жана Россиянын орток ишканаларынын кеңселери, өнөр жай ишканалары жайлашкан эле. Мисалы, Жаңы Үргөнч шаарында 11 пахта тазалоо заводу (алтоосу жергиликтүү ишкерлерге таандык), 2 май заводу, самын жана көн заводу, бир тегирмен болгон. Мындан тышкары, Жаңы Үргөнчтө Россия–Азия жана Сибирь соода банкынын бөлүмдөрү, почта-телеграф кеңсеси, комиссиондук жана камсыздандыруу коомдорунун өкүлдүктөрү ачылган эле. Гурланда россиялыктарга да, жергиликтүү байларга да таандык капитал чогулган эле. Бул шаарда, негизинен, пахтаны ташып кетүү менен алектенген Россия соодагерлеринин 10 кеңсеси жана жергиликтүү ишкерлер – ага-ини Ризаевдер, П. А. Мануилов, С. Максум, С. Тажыниязов, Т. Салыжанов жана башкалардын бардыгы болуп 9 пахта тазалоо заводу жайлашкан. 1909-жылга келип Хива хандыгында 81 өнөр жай ишканасы иштеп турган. Өнөр жайдын калыптанышы 1910–1915-жылдарда дагы да тездешип, керосин жана мунайзат менен иштеген 40 өнөр жай ишканасы курулду.



**Харезм кол өнөрчүлөрүнүн продукциялары. XX кылымдын башталышы**

***Эсте сакта!***

**Россиянын товарлары хандыктардын базарларына тез кирип барды. Натыйжада жергиликтүү өндүрүштүк продукциялар кризиске кабылды.**

**Россия менен соода мамилелери**

Түркстан өлкөсүнүн колонияга айланышы жараянында Россия капиталы менен жергиликтүү капиталдын шериктештиги пайда болду. Жергиликтүү ишкерлердин иши, улуттук капиталисттердин кирешелери Россия базарынын продукцияларынан түздөн-түз көз каранды эле. Алар эки мамлекеттин ортосунда базар мамилелерин өнүктүрүү үчүн орток банк уюмдарын түзүүгө аракеттеништи. 1909-жылы Россия–Азия банкы менен Мадияров-Баккаловдун капиталдарын бириктирген «А-Мета» синдикаты түзүлдү. Синдикат ар жылы Россияга дээрлик 3 миң тонна пахта чийки затын экспорт кылган жана беденин үрөөнүн сатып алуу боюнча Хива базарында жеке бийлик орноткон. Россиянын капиталы протектораты болгон Хива хандыгында өзү үчүн керектүү чийки зат базасын жаратты. Бул жердеги жумушчу күчүнүн арзандыгы жана 1873-жылкы Гандимиён келишиминин пункттары боюнча, жергиликтүү базарда монополиялык жол менен чоң киреше алуу активдешти.

Орус капиталынын кийлишүүсү натыйжасында Хива хандыгында ички базардын мүмкүнчүлүктөрү кыйла кеңиди. Товар-акча мамилелери тез темптер менен өнүгүп, анын негизинде жаңы соода-өнөр жай борбор-



http://eduportal.uz

лору калыптанды. Майда соодагерлер чай, мануфактуралык продукциялар, кум шекер, самоор сыяктуу кемчил товарларды өтө алыскы айылдарга да алып барып сатышкан. Өнөр жайдын бир жактуу жана акырын өнүгүшү өлкөнүн экономикасында жетекчи болгон кол өнөрчү-кесеничилик өндүрүштүн салмагын сакталып калышына алып келди. Жергиликтүү кол өнөрчүлөрдүн продукциялары өлкөнүн аймагынан тышта да жогору бааланган. Анткени бул продукциялар байыркы бай кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн салттары негизинде даярдалган.

***Өзүңдү сынап көр!***

**1910–1915-жылдары ... өнөр жай ишканасы курулду. А-Мета – ... Майда соодагерлер ... менен алектенген.**

**Кол өнөрчүлүк жана ички соода**

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баштарындагы айрым райондордун кол өнөрчүлүк өндүрүшүнүн тигил же бул тармагында адистешүү жараяндарынын башталышын байкоого болот. Металлды кайра иштетүүчү негизги устаканалар Хива, Жаңы Үргөнч, Чымбай, Хазарасп шаарларында жайлашкан. Бул жерде кетмен, соко, күрөк, балта, така, идиш-аяк жана ушул сыяктуулар жасалган. Көнчүлүк өндүрүшү болсо Хива, Ханка, Жаңы Үргөнч, Хожейли жана башка борборлордо өнүккөн. Кап жана аркандар негизинен Жаңы Үргөнчтө даярдалган. Килем жана кийиздер Парсу, Алиэли, Көөнө Үргөнч, Газават сыяктуу кол өнөрчүлүк пункттарында өндүрүлгөн. Ошол эле учурда хандыктын дээрлик бардык шаарларында токуучулук, чопо идиштер жана зергердик буюмдарын жасоо өнүккөн эле.

1885-жылы Каспий арты темир жолунун курулушу жана 1887-жылдын аяк ченинде Амударыя флотилиясынын түзүлүшү Хиванын Россияга көз карандылыгын дагы да күчөттү. Мурда соода негизинен кургактыктагы кербен жолдору аркылуу жүргүзүлгөн болсо, эми жүктүн чоң бөлүгү темир жол аркылуу жана пароходдор менен Амударыянын жогорку агымын бойлой ташылчу болду. Бул өңдүү жаңылыктар Россия империясынын пайдасына кызмат кылып, ага колония болгон өлкөнүн начарлашуусуна, кол өнөрчүлүк өндүрүштүн бир топ тармактарынын кризиске кабылышына алып келди.

Экономика жаатындагы мамлекеттин саясаты да кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө терс таасирин тийгизди. Хандык менен жергиликтүү бийлик кол өнөрчүлөрдү түрдүү салыктарга бастырып салды. Ар бир кол өнөрчүлүк устаканаларынын ээлери хандыктын кызмат адамдарына белек берүүгө, кирешелерине туура келбеген салыктарды төлөөгө тийиш эле.



**Кош дарбаза**

Натыйжада кол өнөрчүлөрдүн өздөрүнүн өндүрүшүн күчөтүүгө жана жаңы технологияларды алып кирүүгө кудурети жетпей калды.

Жумушту үйдө аткарууда (кесенечиликте) орто кылымдардагы *цех бирикмелери* сакталып калды. Цех бирикмелерине кол өнөрчүлөр кесиптери боюнча уюшушкан. Буга уста, калпа жана шакирт кирген. Насыя берген бай цехке жетекчилик кылган. Кол өнөрчүлөр иштеп тапкан акчаларынын кыйла бөлүгүн олуялар менен диний устаттарынын урматына кайрымдуулук катары беришкен, казнага көптөгөн салыктар төлөшкөн. Калпа жана шакирттердин абалы оор болуп, алардын жумуш күнү чектелбеген. Калпа алган авансынынын эсебине иштеп берүүгө аргасыз болгон. Алган авансынын бардыгын төлөмөйүнчө устаканадан кете албаган.

Россия империясынан арзан баалардагы өнөр жай товарларынын кирип келишинин көбөйүшү жергиликтүү ишканалардын буюмдарына болгон талапты төмөндөттү. Жергиликтүү кездемелер, жиптер, карапачылык, чоюн жана жезден даярдалган буюмдардын кээ бир түрлөрү өндүрүлүшүнүн кескин азайышына алып келди.

## *Жыйынтык чыгарабыз!*

- 1909-жылы Хива хандыгында 81 өнөр жай ишканасы иштеп турган.
- 1885-жылы Каспий арты темир жолунун курулушу жана 1887-жылдын аяк ченинде Амударыя флотилиясынын түзүлүшү.
- Кесенечиликтин өнүгүшү.



http://eduportal.uz

### Терминдердин түшүндүрмөсү

**Синдикат** (грекче – *чогуу иштөө)* – бир түрдөгү продукцияларды өндүргөн ишканалардын бирикмеси.
**Монополия** (грекче – *жалгыз сатуу)* – экономиканын бир тармагындагы жеке бийлик.
**Кесенечилик** – колдун эмгегине негизделип, үйдө аткарылган кол өнөрчүлүк.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Өнөр жайдын өнүгүшүнө кандай факторлор таасирин тийгизди?
2. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Хива хандыгында товар-акча мамилелеринин өнүгүшүнө эмнелер шарт түздү?
3. Ички жана тышкы сооданын өнүгүшүн салыштыр. Алардан кайсы бири жакшыраак өнүккөн?
4. Каспий арты темир жолунун курулушу Хива хандыгынын Россияга көз карандылыгын кандайча күчөттү?
5. XIX кылымдын аягында Хива хандыгындагы кол өнөрчүлүк устаканалары кандай көрүнүштө болгон?
6. Хан жана анын администрациясынын аракеттерин падышалык өкмөт кантип көзөмөлдөгөн?
7. Ислам дини өлкө калкынын турмушунда кандай роль ойногон?
8. Хива хандыгынын калкы кандай салыктарды төлөшкөн жана эмгек милдеттенмелерин аткарышкан?
9. Сенин оюңча, XIX кылымдын аягында Хива хандыгынын экономикасы менен маданиятынын өнүгүшүнө негизги тоскоол эмне эле?


## 37-§. ХИВА ХАНДЫГЫНЫН ЖОЮЛУШУ

**Элдик кыймылдардын жетилиши**

Ар түрдүү зордук-зомбулуктардын натыйжасында дыйкандардын күчөп бара жаткан наааразылыгы салыктарды төлөөдөн, милдеттенмелерди аткаруудан массалык түрдө баш тартуу, ири жер ээлеринин жерлерин ээлеп алуу, салык чогултуучуларга жана хандык башкаруунун башка өкүлдөрүнө чабуул жасоо абалдарын көбөйтүрдү. Дыйкандардын чыгыштары жер ээлери болгон кызмат адамдарынын үйлөрүн талкалоо, карыз тил каттарын жыртып салуу жана салык чогултуучуларды кууп жиберүү менен коштолгон стихиялуу козголондор иретинде жүргөн. Убакыт өткөн сайын, хан бийлигинин жана жергиликтүү башкаруучулардын өздөштүрүүлөрүнүн чоңоюшу натыйжасында дыйкандардын чыгыштарынын уюшкандыгы да



http://eduportal.uz



**Таш-Дарбаза. Хива**

өсүп отурду. XIX к. 80-жылдарында Питнак, Хазарасп, Жаңы Үргөнч, Айманкалаа, Көөнө Үргөнч түмөндөрүндө *дыйкан уюмдары* пайда болуп, күрөш кескин түс ала баштады. Ханда аларга каршы күрөшүү үчүн күчтөр жетиштүү эмес болчу. Ошондуктан ал Россия падышасынын кошуундарын жардамга чакырды. Козголоңдор бастырылып, дыйкандар кыймылынын жетекчилери өлтүрүлдү.

Ошентсе да, дыйкандардын козголоңдору токтободу. 1902-жылы *Матякуб бышыктын* жетекчилигинде Ханка, Хазарасп, Багат райондорунун дыйкандары көтөрүлүш чыгарышты. Хан дагы Россия өкмөтүнүн кошуундарына кайрылды. Катуу жаза чаралары көрүлүп, көтөрүлүш талкаланды. Анын жетекчилери өлтүрүлдү.

Колонизатордук бийлик менен жергиликтүү кызмат адамдарынын зордук-зомбулугу, турмуш шарттарынын начардыгы көптөгөн элдик козголоңдорду келтирип чыгарды. Элдин нааразылыгы массалык түс алды жана терең тамыр атты. XX кылымдын баштарында болбогон себептер менен көтөрүлүштөр чыгып турган. Кээ бир тумөндөрдө чыдамы түгөнгөн дыйкандар өздөрүнүн үй-бүлөлөрү менен хандыктан массалык түрдө көчө баштышты. 1906-жылы Жаңы Үргөнч, Ханка, Хазараспта муктаж дыйкандар ири жер ээлеринин жерлерин ээлеп ала баштышты.

Хива хандыгында 1910–1911-жылдар кургакчылык жана түшүмсүздүк жылы болду. Хандыктын калкы ачарчылыкка кабылат. Жеткирилген зыянды каптоо үчүн хандын башкаруучулары калктан мүмкүнчүлүгү болгон бардык нерсени тартып ала башташат. Салыктар болсо чоңоюп отурду. Калктын массалык жакырдануусу дыйкандарда нааразылык туудурду. 1910–1917-жылдарда дыйкандардын козголоңдору кеңири түс алды: жер ээлери менен байларды токмоктоо, өлтүрүү, алардын имараттарына, чарбала-

рына, кампаларына өрт коюу жана бузуп салуу сыяктуулар күчөдү. 1912-жылдагы Хазарасп, Ханкадагы көтөрүлүштөр кескин түс алды. Дыйкандар ири жер ээлеринин жана хандын кызмат адамдарынын жерлерин ээлеп ала башташты. Асфандиярхан 1000 адамдан турган өзүнүн тандалган кошуунун көтөрүлүшчүлөрдү бастырууга таштады. Бирок күтүлбөгөндө Алиэли менен Ташавуздун ортосунда алар көтөрүлүшчүлөр тарабынан талкаланды. Ханга жардамга жетип келген падышалык өкмөттүн кошуундары көтөрүлүштү кыйынчылык менен бастырды.

*Эсте сакта!*



**1912-жылкы көтөрүлүш элдин нааразылык чыгыштарында жаңы факторду көрсөттү – көтөрүлүшчүлөр ок аткан куралдар менен куралданып, согуш жүргүзүү тактикасын өздөштүрүшкөн эле.**

**Реформалар үчүн күрөш**

Элдик көтөрүлүштөр хандыкта коомдук-саясий кыймылдардын өнүгүшүнө күчтүү таасирин тийгизди. Өлкөдөгү жалпы нааразылыктардын таасири астында жадидчиликтин Хива хандыгындагы көрүнүшү – *Жаш хивалыктар* кыймылы пайда болду. Анын Жаш бухаралыктардан айырмалуу жагы кыймылда калктын түрдүү катмарлары – дыйкандар, кол өнөрчүлөр, соодагерлер, интеллигенттер жана майда мүлк ээлеринин катышуусу эле.

Жаш хивалыктар кыймылынын жетекчилери Палванныяз ажы Юсупов, Бабаахун Салимов, Бекжан Рахманов, Назир Шалыкаров, Жуманыяз Султанмурадов сыяктуу прогрессивдик инсандар болуп, алар Харезмде чоң абройго ээ болушкан. Жаш хивалыктар өз доорунун билимдүү адамдары болуп, Хива хандыгында билим таратуу жана реформа жүргүзүү үчүн аракеттенишет. 1910-жылы хан «Реформалардын долбоорун» кабыл алды. Долбоор башкаруу системасын тартипке салууну көздө туткан. Хан деваны сактап калынып, кызмат адамдарынын мамлекеттик камсыздоого өткөрүлүшү пландаштырылган. Долбоордо, ошондой эле, жаңыча улуттук мектептерди уюштуруу идеясы да илгери сүрүлгөн. Сунуштар жалпы жактары менен чектелгендигине карабастан, терең реформалар аркылуу Хива мамлекетчилигинин фундаментин коюуга каратылган эле. Жаңыча улуттук мектептер билим берүүнүн жана маданияттын деңгээлин көтөрүүгө, ошондой эле хивалык интеллигенттердин жаңы муунун калыптандырууга тийиш эле. Бул аларда хан бийлигинин эзүүчүлүгүнө карата келишпестик сезимин тарбиялоого кызмат кылган.

http://eduportal.uz

### Хива хандыгынын жоюлушу

Мухаммад Рахимхан II кайтыш кылгандан кийин, падышалык өкмөттүн жардамында такты анын уулу Асфандиярхан (1910–1918) ээлейт. Петро-Александровскто турган Россиянын аскердик күчтөрүнүн жардамын сезген жаңы хан ишти зулумду күчөтүү жана оппозицияны толугу менен талкалоодон баштады. 1913-жылы ал реформанын жетекчилеринен бири, мамлекеттин башкы вазири Исламкожону мамлекеттик каражаттарды өздөштүрүүдө күнөөлөп өлтүртөт. Анын буйругу менен жерлерди жаңыдан ченөө башталды. Чындыгында болсо, бул чара жаңы салыктарды киргизүүдөн турган. Дыйкандар болсо буга Маңгыт жана Хожейлиде көтөрүлүш чыгаруу менен жооп беришти.

Хандын таянычы болгон падышалык өкмөт аны көпкө колдой албады. Россиядагы 1917-жылкы февраль окуяларынан кийин Асфандиярхан негизги таянычы – падышалык өкмөттөн айрылып, бир топко жалгызданып калды. Жаш хивалыктар ыңгайлуу жагдайдан пайдаланып калууну чечишти жана реформалар үчүн ашкере кыймылды баштап жиберишти. 1917-жылдын 15-апрелинде алар Асфандиярхандан реформа өткөрүү жөнүндөгү манифестке кол коюуну талап кылышты. Реформалар хандын бийлиги сакталган, бирок Мажлис (депутаттар палатасы) жана Комиссарлар кеңеши (Вазирлер кеңеши) менен чектелген конституциялык монархияны түзүүнү өз ичине алган. Жаш хивалыктар, ошондой эле, мамлекеттик каражаттардын сарпталышы үстүнөн көзөмөл жүргүзүү үчүн каржы вазирлигин түзүү, суунун бөлүштүрүлүшүн реформалоо, хандыктын бүткүл аймагында жаңы усул мектептерин ачуу үчүн комитет түзүүнү, темир жолдор менен почта-телеграф системасынын курулушун да талап кылышкан. Падышалык өкмөттүн кошуундарынын жардамысыз калган Асфандиярхан ар кандай жол менен бийликти сактап калуу жана убакыттан утуу максатында реформаларды ишке ашыруу жөнүндөгү манифестке кол коёт.



**Асфандиярхан**

1917-жылдын 26-апрелиндеги Мажлистин биринчи сессиясында хивалык 30 депутат, түркмөндөрдөн 7 өкүл катышты. Мажлис Вазирлер кеңешин шайлады. Эки ай өтпөстөн хан башчылыгындагы консервативдик күчтөр аскердик төңкөрүш жасап, Мажлисти таратып

жиберди. Жаш хивалыктардын жетекчилери камакка алынып, бир бөлүгү атып салынды.

Бирок бул окуяларга жаңы бир күч – түркмөн урууларынан биринин башчысы *Жунаидхан* кийлигишти. 1918-жылдын январында 1,5 миң атчандан турган отряд менен ал Хиваны, андан кийин хандыктын башка аймактарын ээледи. Асфандиярханды такта калтырган Жунаидхан хандыкта өзүнүн жеке бийлигин – диктатурасын орнотту. Анын буйругу менен Асфандиярхан өлтүрүлүп, анын ордуна Сайид Абдулла такка отургузулду.



**Мухаммад Рахимхан II**

Россия өкмөтү Хивада «төңкөрүш» даярдай баштады. Большевиктер тарабынан ээлеп алынган Петро-Александровскто коммунисттик партия түзүлүп, төңкөрүшкө даярдык көрүлгөн. Төңкөрүш 1920-жылдын 2-февралында болуп өттү жана тарыхта ал «элдик төңкөрүш» наамын алды. 27-апрелде Советтердин биринчи Бүткүл Хива курултайы төрт кылымдан көбүрөөк өкүм сүргөн Хива хандыгынын ордунда Харезм Элдик Советтик Республика (ХЭСР) түзүлгөнүн жарыялады.

### *Өзүңдү сынап көр!*

**Асфандиярхан – ...**
**Консервативдик күчтөр – ...**
**Матякуб бышык – …**
**1920-жылдын 27-апрелинде – ...**
**Реформалар – ...**
**1912-жылы – …**
**1910–1911-жылдарда – ...**

### *Жыйынтык чыгарабыз!*

- 1902-жылдагы Матякуб бышыктын көтөрүлүшү талкаланган.
- 1910-жылы – Жаңы хан Асфандиярхан «Реформалар долбоорун» жарыялады.
- 1917-жылдын апрели – Мажлистин биринчи сессиясы, Вазирлер кеңеши түзүлдү, бир нече айдан кийин хан тарабынан таратып жиберилди.
- 1918-жылдын январы – Жунаидхан Хиваны ээледи.
- 1918-жылдын октябрында Асфандиярхан өлтүрүлдү, такка Сайид Абдулла отурду.
- 1920-жылдын 27-апрели – ХЭСРнын жарыяланышы.



http://eduportal.kz

## Терминдердин түшүндүрмөсү

**Манифест** *(латинче)* – өкмөттүн маанилүү окуя боюнча элге карата жазма кайрылуусу, мыйзамдык күчкө ээ документ.
**Консервативдүү** *(латинче)* – эски түзүлүштүн жактоочулары, реформа жана өзгөрүштөргө каршы тургандар.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Дыйкандардын көтөрүлүштөрү өлкөнүн калган калкына кандай таасирин тийгизди?
2. Жаш хивалыктар менен Жаш бухаралыктардын программалары ортосундагы айырмаларды айтып бер.
3. Асфандиярхандын адамдык сапаттары жөнүндө кандай тыянак жасадың?
4. Хива хандыгы кулашынын себептерин айтып бер.
5. Картага карап XX кылымдын баштарындагы Орто Азиянын геосаясий абалын сүрөттөп бер.




**XX кылымдын баштарында Орто Азия**

http://eduportal.uz

## IX БӨЛҮМ

# КОЛОНИЗАТОРДУК ШАРТТАРДА ТҮРКСТАНДА МАДАНИЙ ТУРМУШ

## 38-§. БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ. БАСМА СӨЗ

**Салттык билим берүү мекемелери**

XIX кылымдын экинчи жарымы жана XX кылымдын баштарында Түркстан өлкөсүндө алыс тарыхый доор бою калыптанып өнүккөн билим берүү системасы улантылды. XIX кылымдын ортолорунан башталган баскынчылык жортуулдары натыйжасында колонияга айланган Түркстанда жергиликтүү калктын салттык билим берүү системасында өзгөрүштөр боло баштады. Өлкөнүн башка тармактары сыяктуу билим берүү системасында да колонизатордук өкмөттүн кызыкчылыктарын чагылдырган саясат жүргүзүлдү. Муну, эң мурда, жергиликтүү калкты орусташтыруу максатында түзүлгөн орус-тузем мектептеринин ачылышы жана алардын санын тез темптер менен көбөйтүлүп барышынан көрүүгө болот.

Колонизатордук доорго чейин Түркстанда салттык билим берүү системасы ислам дининин эрежелери негизинде түзүлгөн болуп, мектеп жана медреселерде диний билим берүү менен бирге жарандык билимдер да окутулган. Башталгыч билим берүү мектептеринде 5–6 жыл бою окутулуп, араб алиппеси, тамгалардын окулушу, айтылышы үйрөтүлгөн. Кийинки баскычта Курандын сүрөлөрү менен аяттарынан турган «Хафтияк» (Куран каримдин жетиден бири) китеби окутулган. Андан кийин мусулманчылык салттары чагылдырылган «Чар китеп» (төрт китеп), Софи Аллаярдын «Рисалаи азиза», «Саботул ожизин» китептери окутулган. Алар, негизинен, окуучулар тарабынан жатталган. Софи Аллаярдын чыгармасы ыр түрүндө жазылган болуп, анда олуя, пайгамбарлардын турмушу жөнүндөгү маалыматтар камтылган. Окуучулар өзбек тилинде гана эмес, ошондой эле фарс тилинде Хафиздин «Кожо Хафиз» ырлар жыйнагын да үйрөнүшкөн.



Салттык мектепте билим берүү

Жогорку билим медреселерде берилип, анда диний-укуктук билимге ээ болгон адис даярдалган. Медреселердин

бүтүрүүчүлөрүнөн шариаттын мыйзамдарын, Куран каримдин аяттары менен сүрөлөрүн толук өздөштүрүү талап кылынган. Карыканаларда Куран карим жатталган. Аялдар башка окутулуп, аларга Куран карим, үй-бүлө маселелери, адеп-ахлак жана тарбиядан сабак берген атындар билим беришкен. Колонизатордук доордо эски мектептер сакталып калган, бирок алар өкмөттүн назарынан четте калып, аларга эч кандай каражат ажыратылбаган.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Түркстанда салттык билим берүү системасы – ...**

**Жогорку билим берүү – ...** **Башталгыч билим берүү – ...**

**Орус-тузем мектептери**

Россия империясынын түрдүү губернияларынан Түркстанга көчүрүп келтирилгендердин балдарына билим берүү аркылуу администрациянын өкүлдөрү менен жергиликтүү калктын ортосунда ортомчулук кылган котормочуларды даярдоо көздө тутулган. Башкача айтканда жергиликтүү калкты орусташтыруу жана өлкөдө орус маданиятын кеңири жайылтууга кызмат кылган билим берүү системасын жаратууга аракет жасалды. Бул милдетти аткарууга Түркстан генерал-губернатору Г. Розенбах (1884–1889) чын дилден киришти. Ал башталгыч жана орус-тузем мектептери тармагын жаратуу долбоорун иштеп чыкты. *Алгачкы орус-тузем мектеби 1884-жылы Ташкентте Саидганы Саидазимбайдын* үйүндө ачылат. Андан үлгү алып, башка бай адамдар да өздөрүнүн үйлөрүндө ошондой мектептерди ача башташат. Баштап бул мектептерге жергиликтүү соодагерлер менен ишкерлер өздөрүнүн перзенттерин окууга беришкен.

1911-жылга келип мындай мектептердин саны 89 га жетет. Бирок бул мектептердеги окутуу усулдары жана деңгээли Россиянын өзүндөгү мектептер менен салыштырганда кыйла тайыз болгон. Орус-тузем мектептеринде окуу күнү эки бөлүктөн турган болуп, баштапкы сабактарды орус мугалими (окуу, жазуу, эсеп), экинчи бөлүгүндөгү сабактарды жергиликтүү мугалим өткөн. 1896-жылы Ташкентте биринчи гимназия ачылып, анда заманбап тилдер жана күндөлүк турмушта зарыл болгон билимдер окутулган.

***Эсте сакта!***



**Г. Розенбах башталгыч жана орус-тузем мектептери тармагын жаратуу долбоорун иштеп чыкты. Ошонун негизинде алгачкы орус-тузем мектеби 1884-жылы Ташкентте, Саидганы Саидазимбайдын үйүндө ачылат.**

http://eduportal.uz

**Жаңы усул мектептери**

Бул доордо өлкөдөгү жергиликтүү интеллигенттер, жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү тарабынан улуттук маданият, диний ынаным, жергиликтүү салттардын негизиндеги жаңы мектептер ачылган болчу. Мындай жаңы усулдагы жадид мектептеринде тарых, математика, география, эне тили сыяктуу предметтер да окутулган. Жаңы усул мектептеринин диний мектеп жана медреселерден дагы бир айырмасы, анда ислам дини жана тарыхы гана эмес, жергиликтүү түркий элдердин тарыхы боюнча да билим берилген. Түркстанда баштап жадид мектептери Бухара, Ташкент, Кокон, Андижан, Хива сыяктуу шаарларда ачылган эле.

Жаңы усул мектептери жадидчилик кыймылы, анын өкүлдөрүнүн ишкмердиги аркылуу жергиликтүү калктын жалпы улуттук идеяларын, өзбек элинин улуттук-руханий бирдигин чыңдоого кызмат кылды. Жадид мектептеринин билим берүү системасында окуучуларга Мекенди сүйүү, улуттук мамлекетчилик жана маданият, элдер биримдиги үчүн жоопкерчиликти сезүү, өлкөнүн өнүгүшү үчүн эмгектенүү жана күрөшүү идеялары сиңдирилди.



**Садриддин Айний**

Жадид жаңы усул мектепринен заманасынын жеткилең окумуштуулары, адабият таануучулары, сүрөтчүлөрү, акындары, көркөм өнөр адамдары, агартуу тармагынын адистери жетишип чыкты. Мисалы, акын академик Гафур Гулам, акын жана драматург Уйгун, Айбек сыяктуу мамлекет жана маданият ишмерлерин көрсөтүүгө болот.

**Колонизатордук өкмөттүн жаңы усул мектептерине каршы күрөшү**

Жадиддердин жаңы усул мектептериндеги улуттук идеяларга негизделген билим берүү өлкөдө бийлик жүргүзгөн колонизатордук өкмөт тарабынан көзөмөлдө болгон. Жадидчилик кыймылы жана алардын билим берүү системасы өлкөдө ишке ашырылып жаткан колонизатордукка олуттуу каршылык көрсөтө алган кыймылдаткыч күч экендигин түшүнгөн администрация алардын ишмердигине тикеден-тике каршылык көрсөтө баштады.

Жадиддердин ишмердиги катуу куугунтукка алынды. Кантип болсо да алардын ишмердигине сокку берүүгө аракет жасалды. Администрациянын атынан чыккан басма сөздүн беттеринде жаңы усул мектептери сынга алынып, алардын «бузгунчу» ишмердиги жөнүндө макалалар жарыяланды. Баштап мектептерде түрк жана фарс адабияттарынан пайдаланууга тыюу салынды.

Окуу адабияттарынын басылышына цензура киргизилди. Колонизатордук өкмөттүн жадиддерге каршы күрөшүнө жергиликтүү консервативдик дин адамдары жардам беришти. Жаңы усул мектептерине администрациянын өкүлдөрү менен айрым динчилдер каршы турган.

Натыйжада, 1911-жылы 50 гө жакын жадид мектептери жаап коюлду. Жадид мектебин ачуунун демилгечилери катуу көзөмөлгө алынды. 1913-жылга келип Бухара амирлигинде бардык жадид мектептери жабылды.

**Басма сөз жана журналистика**

1870-жылдан баштап Түркстан генерал-губернаторлугунун расмий басылымы – «Туркестанские ведомости» жана анын өзбек тилиндеги тиркемеси «Түркстан вилаятынын газети» токтоосуз чыгып турду. Анын редактору колонизатордук түзүлүштүн үгүттөөчүсү Н. Остроумов болчу.

1906-жылы Ысмайыл Абидовдун редакторлугунда жарык көргөн алгачкы өзбек улуттук «Тараккий» газетасынын биринчи саны чыккан күн, башкача айтканда 27-июнь Өзбекстанда Басма сөз жана массалык маалымат каражаттары кызматчыларынын күнү иретинде белгиленет.

Жадиддердин агартуучулук ишкердиги мектептерде гана эмес, ошондой эле басма сөз жаатында, алсак, көптөгөн газеталардын ачылышында да көрүндү. 1906-жылы Ысмайыл Абидовдун редакторлугунда «Тараккий», ошол жылы Мунавваркарынын редакторлугунда «Хуршид», 1907–1908-жылдары Абдулла Авлонийдин редакторлугунда «Шухрат», Ахмаджан Бектемировдун редакторлугунда «Азия» газеталары жарык көрдү. 1913–1915-жылдары «Самарканд», «Садои Түркстан», «Садои Фергана», «Элдик туу», «Кеңеш», «Улуу Түркстан», «Туран» газеталары, «Ойна» журналы, 1917-жылы болсо «Уруят», «Фергана барагы» сыяктуу маалымат каражаттары да пайда болду. Бул доордогу басылымдардын ичинде «Садои Түркстан», «Садои Фергана» газеталарынын улуттук өздүктү түшүнүп жетүүдөгү кызматтары аябай чоң болду. Анын эки жылдык (1914–1915) ишмердиги учурунда улуттук интеллигенттердин мекенди сүйгөн катмарлары тарабынан улуттун боштондугу менен келечегин ырдаган, түркөйлүк сыяктуу эски фанатизмди каралаган көптөгөн макалалар жарыяланды.

***Терминдердин түшүндүрмөсү***

**Тузем** – жергиликтүү калкты колонизаторлор ошондой аташкан.
**Басма сөз** – басылым; газета, журнал, китептердин жалпы аты.
**Гимназия** – кээ бир предметтерге адистештирилген жана алар боюнча терең билим берген окуу мекемеси.



http://eduportal.uz

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Түркстандын медреселеринде билим берүү канчага созулган?
2. Орус-тузем мектептери менен жадид мектептеринин билим бериши ортосунда кандай айырмачылыктар болгон?
3. Жадид мектептерин түзүүнүн демилгечилери болгон агартуучуларды айтып бер.
4. Түркстан өлкөсүндө кандай басма сөз уюмдары түзүлгөн?

## 39-§. ТҮРКСТАНДА ИЛИМ-БИЛИМДИН ӨНҮГҮШҮ

**Тарых илиминдеги жетишкендиктер**

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында илим-билим жаатында чоң ийгиликтерге жетишилди. Бул ийгиликтерге жетишүүдө жадиддердин ролу чоң болду. Алар тарбиялык максаттарда тарых боюнча изилдөөлөрдү өнүктүрө баштashты. Жадиддер тарыхты хандар, султандар жана амирлердин алмашуусу тартибинде сүрөттөөнүн ордуна, элдин тарыхтын чыныгы жаратуучулары экендиги менен окуучуларды тааныштыра баштashты.

Тарыхчы жана журналист Молдо Алым Махдум ажы «Тарихи Түркстан» («Түркстандын тарыхы») аттуу чыгармасын жазды. Бул чыгарма өзбек тилинде жарык көрдү. Анда байыркы доордон Түркстандын XX кылымдын баштарына чейин болгон окуяларынын жылнаамасы баяндалган. Бул китеп өзбек тилиндеги алгачкы тарыхый чыгарма иретинде атагы чыкты.



Улугбектин обсерваториясы

Жадиддер Түркстанда сабаттуу жана жеткилең инсандарды тарбиялоодо тарых илиминин ролун жогору баалашкан. Макмуткожо Бехбудий Түркстандын жалпы калкына «азыркы дүйнөдө жашоо, интеллигенттүү, жеткилең жана адилеттүү» болуу үчүн өз Мекенинин тарыхын үйрөнүү чакырыгы менен кайрылды. Бул доордун дагы бир ири тарыхчы окумуштуусу Мухаммад Салых болчу. Ал 25 жылдык изилдөөлөрдөн кийин «Тарыхи жадидаи Ташкент» (Ташкенттин жаңы тарыхы) аттуу чыгармасын жазган. Чыгарма Ташкент шаарынын XIX кылымдагы көрүнүшүнүн толук чагылдырылгандыгы менен баалуу эсептелет.

Харезмдик белгилүү окумуштуу *Мухаммад Юсуф Баяний* да урпактарга эки ири тарыхый чы-



http://eduportal.uz

гармасын мурас калтырган. Булар – «Харезмдин тарыхы» жана «Шажарайи Харезмшахий» чыгармалары.

Орус изилдөөчүлөрү да өлкөдөгү тарых илиминин өнүгүшүнө сезилерлүү салымдарын кошушкан. Алардан бири бири чыгыш таануучу жана археолог В. Вяткин (1869–1932) болуп, ал Самаркандда изилдөө иштерин жүргүзгөн. В. Вяткин жергиликтүү тарыхчылар менен биргеликте кыйла убакыт Улугбек расадканасынын (обсерваториясынын) ордун издеди. 1908-жылы обсерватория имаратынын калдыктарын жана обсерваторияга таандык аспап-инструменттердин бир бөлүгүн табат. Ал «Шахизинда», «Чопоната», «Афрасияб чеби» аттуу чыгармаларын жазды. Орус жана өзбек тилдерин үйрөнүү боюнча бир топ окуу китептеринин автору болду.

1895-жылы түзүлгөн Археология ышкыпоздору ийриминин катышуучулары өлкөдөгү тарыхый эстеликтерди үйрөнүүгө киришти. Издөө жана казуу иштери аз жүргүзүлгөн болсо да, алар кээ бир археологиялык объекттерди издеп табуу жана эстеликтерге мүнөздөмө берүү менен алектенишип, бул тармакка өздөрүнүн белгилүү салымдарын кошушкан.

**!** ***Өзүңдү сынап көр!***

**Молдо Алым Махдум ажы – ...** **В. Вяткин – ...**
**1895-жылы – ...** **Мухаммад Салых – ...** **Юсуф Баяний – ...**

### Табигый илимдердин өнүгүшү

Орто Азияны түбөлүккө империянын бир бөлүгүнө айланды деп эсептеген колонизатордук өкмөт өлкөнү активдүү өздөштүрүү максатында илим-билимди өнүктүрүүгө да аракет жасады. Эң мурда, 1867-жылы чөлкөмдүн башкы картасы түзүлдү. Аймакты картага түшүрүү жана анын климатын үйрөнүү үчүн Ташкентте метеорология станциясы уюштурулду. Адистер жетишпегендиги себептүү көпкө дейре кең көлөмдүү илимий изилдөөлөрдү калыптандыруу дээрлик ишке ашырылбады. XIX кылымдын 90-жылдарында жана XX кылымдын баштарында гана Орто Азиянын табигый байлыктарын өздөштүрүү менен байланыштуу изилдөө иштери күчөдү. Белгилүү орус зоологу жана саякатчысы Н.А. Северцев Памир тоо кыркасын үйрөнүп чыкты. Ал саякат учурунда ботаникага, минералдарга таандык үлгүлөрдү чогултту. П. П. Семенов-Тяншанский Тянь-Шань тоо кыркаларын үйрөнүп, муздуктар, вулкандар жөнүндө кызыктуу маалыматтар чогултту. А. П. Федченко Фергана өрөөнү менен Алайды, ошондой эле, Зарафшан өрөөнү менен Кызылкумду да текшерип чыкты.



http://eduportal.uz

Өлкөдөгү илимий изилдөөлөр империя үчүн аскердик-саясий көз караштагы мааниси жагынан биринчи орунда турган. 1871-жылы түзүлгөн Орто Азиянын Окумуштуулар коому каражаттын жоктугунан 1893-жылы өзүнүн ишмердигин токтотууга аргасыз болгон.

Түркстандын айыл чарба коому кыйла активдүү иш баштады. Коом басмадан чыгарган «Түркстандын айыл чарбасы» журналы тармактагы өндүрүш, жерлерди сугаруу, дыйканчылык жана жерден пайдалануу боюнча алдыңкы усулдарды үгүттөдү. Айыл чарба коому колонизаторлордун кызыкчылыгынан келип чыгып, пахтачылыкты өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөлөр менен алектенди. Жергиликтүү климаттык шарттарга ыңгайлашкан Орто Азия пахта сортунан баштапкы түшүм алынды.

1876-жылы Ташкентте *Түркстан музейи* (азыркы Өзбекстан тарыхы мамлекеттик музейи) түзүлдү. 1870-жылы Ташкентте *Түркстан элдик китепканасынын* уюштурулушу да Орто Азияда илим жана маданияттын өнүгүшүндө чоң мааниге ээ болду. Андагы китептердин көпчүлүк бөлүгү Түркстандын тарыхы менен табиатына таандык баалуу чыгармалар болгон.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Орто Азия Окумуштуулар коому – ...** **1870-жылы – ...**
**Орус изилдөөчүлөрү – ...** **1876-жылы – ...**

**Адабият**

Бул доордо бир топ адабият өкүлдөрү жетишип чыкты. Алардан бири өзбек демократ акыны Убайдулла Салых уулу Завкий болуп, анын жараткан сатиралык ырларында өкүмдарлар жана дин адамдарынын кыймыл-аракеттери сынга алынат. Завкий эрк жана боштондук жөнүндөгү ырлары үчүн зынданга салынган.

Чыгыш адабияты үчүн салттык саналган жанр – поэзия болчу. Түркстанда поэзиянын формасы жана мазмуну бири-биринен айырмаланган, кээде бири-бирине каршы болгон суфийлик жана сын-реалистик агымдары өкүм сүргөн. Акын жана жазуучулар чыгармаларында элдин кайгысын, доордун олуттуу көйгөйлөрүн чагылдырууга аракеттенишкен. Алардын арасынан *Мукимий, Фуркат, Завкий, акын аял Анбар атын, Аваз Өтөр уулу, Акмат Дааныш* жана башкалардын чыгармачылыгын өз алдынча ажыратып көрсөтүүгө болот. Ырларындагы чынчылдык жана айкөлдүк аларды элдик акындарга айландырды.


**Мукимий**

Мухаммад Аминкожо Мукимий Кокон шаарында

төрөлгөн. Ал «Шайлоо», «Танапчылар», «Хапалак айлындагылардын ханга даттануусу» жана башка сатиралык чыгармалардын, «Кокондон Ферганага чейин», «Кокондон Исфарага чейин» сыяктуу алгачкы саякатнаамалардын автору эсептелет.

Анбар атын да Завкий сыяктуу боштондук жөнүндөгү ырлары менен элге таанылды. Акын Кокон шаарында жашап, аялдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү укуксуз абалы жөнүндө ачуу чындыкты калемге алды. Аялдардын эркин жана тең укуктуу болууга чакырган ырлары үчүн шаардагы консервативдик маанайдагы күчтөр тарабынан токмоктолду жана көп узабай кайтыш кылды. Өзбек акындарынын ырлары кеңири элдик массанын жүрөгүнөн түнөк тапты. Алардын ырлары негизинде көптөгөн обондор жаратылды.

XX кылымдын баштарында өзбек адабиятында жаңы жанрлар пайда болду. Прозада жаратылган чыгармалар да жарык көрдү. Айныкса, жадид адабияты өнүктү. Бул адабияттын мазмунунда өлкөдөгү оор шарттар жана колонизатордук системанын илдеттери караланды.

**!** ***Өзүңдү сынап көр!***

**Анбар атын – ...** **Мукимий – ...** **Завкий – ...**

Жадид адабиятында 1910-жылы Абдулла Кадырий алгачкы прозалык чыгармаларын жарыялады. Жазуучу өзүнүн аңгемелери, фельетондору, пьесалары менен Түркстан интеллигенттеринин жана элдин арасында кеңири таанылды. Анын «Катынпоз» аңгемесин, «Бактысыз күйөө» пьесасын жана бир топ романдарын эл сүйүп окуй баштады.

Прозада чыгарма жаратуу эл үчүн адабияттын эң массалык жана түшүнүктүү формасы эле. Ошондуктан жадиддер өздөрүнүн идеяларын кеңири элдик массага сиңдирүү максатында проза жанрынан кеңири пайдалангандыктары да текке эмес болчу. Жадиддер элге жакындашуунун эң мыкты жолу иретинде элдик улуттук театрды түзүштү. 1911–1913-жылдарда Түркстандын түрдүү шаарларында театрлар ачылды. Жазуучулар алар үчүн пьесалар жазышты. Сахнада жаңырган эне тилдеги кеп жана театр актёрунун кыймылдары элге күчтүү таасир эткен каражатка айланды.



**Абдулла Кадырий**

Жадиддердин театрларында 1911–1917-жылда-

ры аз дегенде 25 пьеса көрсөтүлдү, алар элдин арасында эң белгилүү чыгармаларга айланды. Ал учурларда спектаклдерге кирүү акысыз болуп, аларга көптөгөн көрүүчүлөрдүн кириши мүмкүн болгон. Алгачкы өзбек көрөрмандарынын көпчүлүгү сабатсыз болгондуктан, жадиддер койгон пьесалар алар үчүн ахлактык тарбиянын баштапкы мектептерине айланды.

Жадиддердин жетекчиси Макмуткожо Бехбудий тарабынан жазылган белгилүү пьеса – «Падаркушта» аталар менен балдарды бири-бирине карата ырайымсыз маклуктарга айландырган руханий жакырдык, байлыктын артынан сая түшүү катуу каралaнган. Анда жат адаттардын кирип келиши жана коом үчүн ыйык саналган үй-бүлөнүн кандайча кыйрашы көрсөтүп берилди. Нусратилла Кудратилланын калемине таандык «Той» аттуу чыгармасында үй-бүлөнүн жана жеке адамдын кырсыктарынын себепчиси – кээ бир үрп-адаттар менен каада-салттар сынга алынды. Пьесада үй-бүлө башчысынын чыгашалуу сүннөт той үчүн акчасы жетпей калганда, насыя алууга аргасыз болгону жана көп узабай төлөй албагандыгы натыйжасында анын камакка алынышы көрсөтүлгөн.

Ушул сыяктуу тарбиялык мааниге ээ, руханий бай адабият элдин аң-сезимин ойготууда эң маанилүү каражат болду. Анын белгилүү өкүлдөрү болсо тармактын өнүгүшүнө чоң салым кошушкан.

### *Терминдердин түшүндүрмөсү*

**Метеорология** *(грекче)* – Жердин атмосферасы, анын өзгөчөлүктөрү жана анда жүргөн физикалык кубулуштар жөнүндөгү илим.
**Фельетон** *(французча)* – күндөлүк турмушта болуп турган терс кубулуштарды сынга алып жазылган газета же журналдын макаласы.

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Түркстанда тарых илиминин өнүгүшү жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. «Орто Азия Окумуштуулар коому» эмне үчүн бат эле жабылган?
3. Адабият жаатында таанылган акын-жазуучуларды айтып бер.
4. Жадид агартуучуларынын драмалары жөнүндө эмнелерди билип алдың?
5. Жадид адабияты өкүлдөрүнүн ишмердиги жөнүндө сүйлөп бер.
6. Жадид адабиятында ошол доорго мүнөздүү болгон кандай идеялар жетекчилик кылат?
   Ошол темада чакан эссе жаз!

## 40-§. ТЕАТР ЖАНА МУЗЫКА КӨРКӨМ ӨНӨРҮ

**Түркстанда элдик театр**

Байыркы көркөм өнөрдүн түрлөрүнөн эң сүйүктүүсү эсептелген элдик театрдын Бухара амирлиги, Хива жана Кокон хандыктарында өзүнө мүнөздүү көрүнүштөрү болгон. Алсак, Бухара амирлигинде маскарапоз, куурчакпоз, бийчи сыяктуу көркөм өнөр багыттарынын уюмдары пайда болгон эле. Харезм салттык театрында болсо тамашалардын эки цикли – күлкүлүү жана кооптуу түрлөрү жакшы өнүктү.

Элдик театр формасы боюнча ар түрдүү жана бай болуп, аларда эл арасынан чыккан комик актёрлор – куудулдар, куурчакпоздор, маскарапоздор жана башкалар өздөрүнүн чебердиктерин көрсөтүшкөн. Мына ошол театрлар менен маскарапоздордун тамашаларында, негизинен, сараң жана ач көз байлар, чала сабат молдолор, зөөкүр бектердин кылмыштары ачып берилген. Көбүрөөк бул тамашалар олуттуу окуялар сүрөттөлгөн сатиралык көрүнүштөрдөн турган. Аларда жазма пьесалар болбосо да, элдик оозеки чыгармачылыктын продукциясы катары жаттап алынган темалар сахналаштырылган. Сахна чыгармаларын, адатта, көркөм өнөрчүлөрдүн өздөрү жаратышкан.

XIX кылымдын экинчи жарымында бир нече шаарларда салттык театр уюмдары пайда болду. Эң белгилүүлөрү Кокондо Закир эшен, Бухарада Төла маскара уюмдары эле. Айныкса, куурчак театрлары популярдуу болуп, алардын темасынын борборунда Качал Палван образы турган.



**«Туран» труппасынын мүчөлөрү. XX кылымдын баштары**

## *Өзүңдү сынап көр!*

**Закир эшен – …** **Төла маскара – …** **Харезм салттык театры – ...**

**Түркстанга Европа жана орус театрларынын кирип келиши**

Орто Азия Россия империясы тарабынан басып алынгандан кийин, колонизатордук өкмөт саясий максаттарды көздөп, өлкөдө орус маданиятын тез темптер менен жайылтууга кирише баштады. Мында билим берүү системасы гана эмес, ошондой эле театр да маанилүү орун ээлеген.

1870-жылы Түркстан генерал-губернатору тарабынан чакырылган Самара театры өлкөдө бир нече күндүк программаларын элге көрсөткөн. 1910-жылы Самарканд жана Ташкентке орус актрисасы В. Ф. Комиссаржевская труппасынын гастролдору уюштурулду.

Түркстанда көрсөтүлгөн мындай тамашалар өлкөнүн жергиликтүү көркөм өнөрчүлөрүнүн чыгармачылыгына оң таасирин тийгизди. Алдыңкы агартуучулар менен жадиддер өздөрүнүн жаңыча идеяларын үгүттөөдө драмалык театрдын чоң мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүп жетишти.

Татар жана азербайжан труппаларынын 1910–1912-жылдарда Түркстанда болуп өткөн гастролдору да оң маданий окуяга айланды. У. Гажибековдун «Көруулу», «Лайли жана Мажнун» жана «Аршин малалан» музыкалуу пьесалары өзбек жамаатчылыгы арасында жылуу каршы алынды. Бул, өз кезегинде, жергиликтүү театрдын өнүгүшүнө да чоң таасир көрсөттү.



**Колизей театры. Ташкент. XX кылымдын баштары**

## Өзүңдү сынап көр!

**В. Ф. Комиссаржевская – …  У. Гажибеков – ...  1870-жылы – …**

**Жадид театрынын пайда болушу**

Өзбек улуттук театрынын түптөлүшүндө жадиддердин ролу чоң болду. Президент И. Каримов «Жогорку руханият – жеңилгис күч» аттуу чыгармасында «Улуттук маданиятыбыздын ажырагыс бөлүгү саналган театр көркөм өнөрү жөнүндө сөз козголгондо, албетте, улуу агартуучу Макмуткожо Бехбудийнин «Театр – бул үлгү алчу жер», деп айткан пикирин эске алуу орундуу», – деп жазган.

Түркстанда 1911-жылы алгачкы жазма улуттук сахна чыгармалары жаратылды. Макмуткожо Бехбудийнин «Падаркуш», А. Самадовдун «Махрамдар», Фитраттын «Француз менен бухаралык медресе мугалиминин дискуссиялары» аттуу чыгармалары ошолордун катарына кирет. Алардын ичинде, айныкса, улуттук келечектин күйөрманы Бехбудийнин «Падаркуш» драмасы аябагандай чоң окуя болду.


Абдулла Авлоний

Түркстанда биринчи өзбек улуттук театры **Самарканд шаарында Макмуткожо Бехбудийдин** жетекчилигинде уюштурулду. Бул труппада элге көрсөтүлгөн алгачкы чыгарма да анын **«Падаркуш»** пьесасы болду. Өзбек улуттук театрынын түптөлүшү жана өнүгүшүндө улуу агартуучу Абдулла Авлоний менен жадиддер кыймылынын атактуу өкүлү Хамза Хакимзаада Ниязий да чоң кызмат өтөдү. **1914-жылдын баштарында Абдулла Авлоний Ташкент шаарында** «Туран» аттуу театр труппасын түздү жана ал сахналаштырган биринчи чыгарма да **«Падаркуш»** пьесасы болду. 1915-жылы театрдын Түркстандын шаарлары боюнча уюштурулган гастролдору зор ийгилик менен өттү.


Хамза Хаким-заада Ниязий

**1916-жылы Кокон шаарында** Хамзанын жетекчилигинде ышкыпоздор театры түзүлдү. Анда көрсөтүлгөн биринчи спектакль Хамзанын «Уулуу турмуш же сүйүүнүн курмандары» пьесасы болду. Бул пьеса өзбек театрынын түптөлүшүндө да, өзбек



http://eduportal.uz

драматургиясынын пайда болушунда да чоң мааниге ээ болду. Театр терең мазмундуу, коомдук мааниге ээ кубулушка айланды. 1916-жылдан азыркы Улуттук театрдын негиздөөчүсү Маннан Уйгур менен өзбек театрынын биринчи актрисасы Маъсума Карыева көркөм өнөргө алгачкы кадамдарын коюшту. Ошентип, акырындык менен Андижан (1919), Хива, Бухарада (1922) да алгачкы театрлар түзүлдү. Бухара шаарындагы театрды уюштууда Маннан Уйгурдун кызматтары чоң болду.

Театрларда чоң коомдук жана ахлактык көйгөйлөргө тиешелүү темалар сахналаштырылды. Аларда адилетсиздикти, жамандыкты, зулумду каралаган идеялар, көрөрмандарда наамазылык сезимин ойготкон спектаклдер көрсөтүлдү. Өзбек театры – өзбек улуттук маданиятынын ажырагыс бөлүгүнө айланды. Театрдын спектаклдери, шыктуу актёрлордун аткаруусу өзбек элинин түгөнгүс чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөттү.

Кудайберген Деванов 1879-жылы туулган. Жаштайынан билимге өчтүгү жана чыгармачыл шыгы менен өзгөчөлөнгөн. Ал араб, фарс жана орус тилдерин үйрөнгөн. Шыктуу өспүрүм немис тилин да үйрөнө баштаган жана бул келечекте анын тагдырын белгилеп берген.

Анткени, XIX кылымдын аягында Харезмдин ошол доордогу өкүмдары Мухаммад Рахимхан II немис-меннониттердин бир нече үй-бүлөсүнө өлкөдө жашоого уруксат берген. Алардын эң улуусу Вильгельм Пеннерде, элдин тилинде Панор чоң атада шыктуу Кудайберген алгачкы жолу фотоаппаратты көргөн жана андан пайдаланууга уруксат сураган. Кийинчерээк Панор чоң ата шакиртинин ийгиликтеринен кубанып, фотоаппаратын ага белекке берген.

Ошентип 1903-жылы Кудайберген Деванов Хиванын мунараларын, жердештерин сүрөткө ала баштаган. Адегенде ал дин адамдарынын каршылыгына учураган. Бирок ар кандай жаңылыкка кызыккан Мухаммад Рахимхан аны коргоого алат. Ал тарыхта хан гана эмес, таланттуу акын, обончу иретинде да калган. Өкүмдар Кудайбергенге өзүнүн сүрөтүн тартуунун буюрган, андан кийин кеңсесине жумушка алган.



**Алгачкы өзбек кино жана фотооператору Кудайберген Деванов (1878–1940)**

## Музыка көркөм өнөрү

Элдик салттык музыкалык чыгармалар кылымдар бою сакталып келди. Элдик музыка көркөм өнөрүндө терме, ыр, санат ырлары кеңири таралган. Ырлар тамашалуу

бийлердин коштоосунда аткарылган. Термелер көбүнесе акын жана бакшылар тарабынан аткарылган мукам үндүү обондорду өзүндө камтыган. Ыр болсо кең көлөмдүү түрдүү обондорго ээ лирикалык чыгарма эсептелген.

Элдик классикалык акындардын казалдары ырлар үчүн тексттин ролун аткарган. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баштарында өзбек элинин музыкалык чыгармачылыгында өзүндө баатырдык мазмундагы эпикалык уламыштарды камтыган дастандар («Көруулу», «Алпамыш», «Күнтугмиш», «Гариб менен Шахсанам», «Асан менен Далли», «Рустам менен Аваз») өзүнчө орун ээлеген. Бул дастандар куплеттик ыр түзүлүшүнө ээ болуп, музыкасы салыштырмалуу жөнөкөй обондуу болуп, бул музыкада нота жазуусу колдонулбаган.

Элдик музыканттар белгилүү устат-обончулардын колунда билим алышкан. Көптөгөн кылымдар бою бүткүл Чыгышта кеңири таралган классикалык макомдор профессионалдык музыканын вокалдык салттарындагы алтын казнасын түзгөн. Макомдор ири циклдүү вокалдык-инструменталдык чыгармалар болуп саналат.

Музыкалык инструменттер да көп түрдүүлүгү менен ажыралып турган. Алардан кыл-кыяк (гижжак, кобуз, үчтар), кылдуу-медиатрлуу (домбура, дутар, танбур, уд, рубаб, чанг), үйлөмө (най, сурнай, кернай), мем-



**Музыкалык аспаптар**

браналуу (доира, нагара, чиндаул) сыяктуу музыкалык аспаптар кеңири таралган эле.

Түркстандын ошол кездердеги музыкалык маданиятында жекече аткаруу да, ансамблдик аткаруу да өнүктү. Кернай, сурнай, нагара же доира, башкача айтканда катуу жаңырган музыкалык аспаптар салттык майрамдарды, келин тою аземдерин, массалык тамашаларды коштогон; бир аз төмөн жаңырган музыкалык аспаптар – сурнай, дутар, гижжак болсо камердик (бөлмөдө) же концерттик (чөйрөдө) аткарууга арналган.

Харезмдин маком жана музыка мектеби Хиванын ханы Мухаммад Рахим II нин (Феруздун) тушунда дагы да өнүктү. Өз доорунун билимдүү өкүмдары болгон Феруз көркөм өнөрдүн өкүлдөрүнө чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берип, алардын ишмердигине демөөрчүлүк кылган. Мындан тышкары, түздөн-түз музыка көркөм өнөрүн өнүктүрүүгө тиешелүү буйруктарды да чыгарган.

### *Өзүңдү сынап көр!*

**Элдик дастандар – ...** **Макомдор – ...** **Мухаммад Рахим II – ...**

### *Тарыхый документ*

«Биз, Харезм мамлекетинин жогорку каганы Мухаммад Рахимхан Соний, төмөнкү хандык буйрукка кол койдук.

Харезмдин макомдору элдин кол тийгис мүлкү деп жарыялансын. Бул хандык буйрукка шек келтирген жана макомдорду кемсинткен же аны бузуп аткарган адамдар катуу жазалансын!»

*1882-жыл.*

### *Суроолор жана тапшырмалар*

1. Элдик салттык театрлар жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Түркстан өлкөсүнө орус театрлары качандан баштап кирип келе баштады?
3. Коконодо алгачкы ышкыпоздук театрын ким түзгөн? Анын уюштуруучусу жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. XIX кылымдын аягында Түркстанда кайсы музыкалык аспаптар болгон?
5. Харезмдин макому менен музыкасынын өнүгүшүндө Мухаммад Рахимхан II (Феруз) кандай роль ойногон?



http://eduportal.uz


# 41-§. АРХИТЕКТУРА ЖАНА СҮРӨТ КӨРКӨМ ӨНӨРҮ

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Түркстандагы жалпы экономикалык кризис, өз ара согуштар, Хива хандыгы менен Бухара амирлигинин козголоңчу топторго каршы күрөшү, ошондой эле, Россия империясынын аскердик жортуулдары саясий жана экономикалык гана эмес, ошондой эле маданий өнүгүүгө да терс таасирин тийгизди. Анын натыйжалары келечекте өлкөнүн өнүгүшүндө оор из калтырды. Мындай жагдай Түркстандын архитектурасын да четтеп өтпөдү. Ошентсе да, ошол доордун улуттук архитектурасында салттык архитектура сакталып калды.

**Архитектура мектептери**

XIX кылымдын аяк ченинде Бухара жана Харезм архитектурасы байыркы салттарды сактаган түрдө замананын руху менен байып барды. Сарай комплекстери, медресе, жоме мечиттери, оорукана сыяктуу мамлекеттик жана коомдук имараттар, ошондой эле ири мунаралар курулду. Аларды кургандар өз доорунун мыкты архитекторлору болуп, байыркы Бухара жана Хиванын тарыхый имараттарын куруу өңдүү оор, бирок сыймыктуу ишке башчылык кылган ата-бабалардын урпактары эле.

XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын баштарында аттары Бухара амирлигинде гана эмес, ошондой эле Хива хандыгы, Түркстан жана Хорасанда да белгилүү болгон Аблакул жана Ибрагим Хафизовдор, Момунжан Салихов, Ширин Мурадов сыяктуу көптөгөн усталар жетишип чыкты. XX кылымдын баштарында курулган Ситораи Мохи Хосанын курулушунда жогоруда аттары аталган архитекторлор, усталар активдүү катышышкан. Комплекстин Аксарай залын кооздоо ишин Уста Ширин Мурадов жетектеген бир топ усталар менен ганч иштегендер аткарышкан.



**Исламкожо мунарасы**

Харезм архитектура мектебинин жетекчиси Адина Мухаммад Мурад кооздоонун жана орнаменттүү тилкелерди жайгаштыруунун сырларын толук ээлеген. Уста карапачылар Нурмухаммад, Абдужаббар, анын уулу Суфимухаммад Нияз жана Абдуллалар эле. Алар кадимки ылайдан кооз көр-

көм өнөр чыгармаларын жаратуу жана табияттагы түрдүү чөптөр менен өсүмдүктөрдөн кайталангыс түстөрдү алууга болорун иш жүзүндө далилдеп беришти.

XX кылымдын баштарында курулган Исламкожо мунарасын (1908–1910) жаратуунун демилгечиси жана демөөрчүсү Асфандиярхандын башкы вазири, билимдүү инсан Исламкожо болчу. Ал курдурган мунара Хиванын сыймыгына айланды. Ошондой эле, Исламкожо өз доорунун ири маданият жана мамлекеттик ишмери болчу. Ал Харезмди дүйнөнүн эң өнүккөн мамлекеттери катарында көрүүнү каалаган, Мекенин тышкы дүйнө менен байланыштырууга умтулган, алдыңкы идеялар менен толуп-ташкан инсан эле.

Харезм архитектура мектебинин көңүл бурарлык жери, порталдар, шыптар, бурчтар өтө назиктиктин символу болгон арабий жазуулар менен коздолгон. Чебер каллиграфтар бул жазууларды өтө чебердик менен имараттын кооздугуна шайкеш келтиришкен. Жыгачка оймо салуу болсо каалга, дарбаза жана устундарды оймо орнаменттер менен кооздоп, ошол имараттардын жалпы көрүнүшүнө өзүнө мүнөздүүлүк жана сулуулук берген.

Фергана өрөөнүндө да өзбек элдик архитектуранын өзүнө мүнөздүү тармагы болгон. Бирок Кокон хандыгынын 1876-жылы жоюлушу өрөөндүн улуттук архитектурасына орус архитектуралык стилиндеги имараттарын куруу салтын алып кирди. Ошентсе да, XIX кылымдын аяк ченинде курулган Андижан жоме мечити өзүнүн курулушу менен жогорку улуттук архитектуранын үлгүсү болуп калды.

*Эсте сакта!*



**Харезм архитектура мектебинин көңүл бурарлык жери, порталдарда, шыптарда, бурчтарда арабий жазуулар каллиграфтар тарабынан өтө назиктик менен имараттын кооздугуна шайкеш келтирилген.**

*Өзүңдү сынап көр!*

**Исламкожо мунарасы – ...**
**Уста Ширин Мурадов – …**
**Андижан жоме мечити – ...**
**Харезм архитектурасы – ...**

**Европа стилиндеги имараттардын курулушу**

Бул доордо өлкөгө Европа стилиндеги архитектуралык салттар да кирип келди. Курулуш иштеринде улуттук салттык стилдер менен бирге

http://eduportal.uz



**Ситораи Мохи Хоса**

орус архитектурасына мүнөздүү стилдер да колдонула баштады. Алсак, элдик архитектурада салттык пакса, гувала жана чийки кышты колдонуу менен бирге заманбап төрт бурчтук кыш, фанер, тунуке, айнек сыяктуу курулуш предметтеринен кеңири пайдаланылды.

Европа архитектурасына мүнөздүү болгон кээ бир стилдер ошол доордо курулган Бухара амиринин жайкы сарайы – Ситораи Мохи Хоса, Хиванын ханы Мухаммад Рахимхан II тарабынан курулган Нуруллабайдын аты менен аталган сарайда (1904–1912) да көзгө ташталат.

Ситораи Мохи Хоса Бухара шаарынын борборунан 2,5 км түштүктө жайлашкан. Сарай Бухаранын амири Алымхандын жайкы резиденциясы болгон. Мындан тышкары, амир чет өлкөнүн элчилерин жана орус өкүлдөрүн ошол жерде кабыл алган. Сарайдын бир бөлүгү болгон Ак залдын курулушунда европача курулуш стили үстөмдүк кылган. Ак зал Бухара ганч орнаментин иштөө өнөрүнүн эң соңку жетишкендиктеринин негизинде уста Ширин Мурадов жетекчилигиндеги усталар тарабынан эки жыл бою курулган. Хивадагы Нуруллабайдын сарайында да Батыш архитектурасынын салттары үстөмдүк кылат. Сарай жети бөлмөдөн турат: күтүү залы, кабылдоо бөлмөсү, так бөлмөсү, ашкана жана үч конок үйү. Сарайдын курулушуна байланыштуу орус падышасы Николай II эки атайын люстра менен аз кубаттуу нур таратуу аспабын белек кылган. Кабылдоо бөлмөсүндөгү бийик эшиктер, түстүү чоң терезелер, паркет полдор жана орнаменттелген мештер Европанын архитектурасы менен шайкеш түшкөн. Тышкы жагы кыштар жана көгүлтүр орнаменттер менен шахмат тактайынын формасында коооздолгон.

Имараттарды курууда Батыштын да, Чыгыштын да архитектуралык салттарынан пайдаланылган. Түркстандын басып алынган ири шаарла-



**Ситораи Мохи Хосанын короосу**

ры менен вилаяттарында орус аскерлери үчүн чептер, казармалар, аскердик саясий кызмат адамдары, генералдар, генерал-губернаторлор үчүн Европача көрүнүшүндөгү резиденциялар курула башталды. Ташкенттин Жаңы шаар бөлүгүндө генерал-губернаторлуктун административдик жана башка имараттары бой көтөрдү. Алар архитектуралык жактан Батыштын стилинде курулган имараттар эле.

***Өзүңдү сынап көр!***

**Ситораи Мохи Хоса – ...** **Нуруллабайдын сарайы – ...**

**Сүрөт көркөм өнөрү**

XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Түркстанда сүрөт көркөм өнөрү Самарканд, Кокон, Бухара миниатюрачыларынын чыгармачылыгында таасын көрүндү (Акмат Дааныш, Абдулхалык махдум, С. Сыдыков). Алар сүрөт көркөм өнөрүнүн салттык өнүккөн түрлөрүн сактап калышты.

XX кылымдын баштарында салттык дубал орнаменттеринде мурда иштетилбеген көрүнүштөр – сүзүп бара жаткан кеме, темир жолдор жана жаныбарлар сүрөттөлө баштады. Өзбек элинин көркөм өнөрүндө символикалыкка мүнөздүү кылымдар бою келе жаткан салттарга бай диний-философиялык мазмундагы живопистен түздөн-түз реалистик сүрөт көркөм өнөрүнө өтүү абалы байкалды.

Өзбек сүрөтчүлөрүнүн шыгы карапачылык буюмдарын жана кийимдерди коолдоодо, материалдар үчүн шайкеш боёктор жаркырактыгын жаратууда, күндөлүк керектөө буюмдарына түс берүүдө жана башка колдонмо көркөм өнөрдө таасын көрүндү.

Орнаменттик колдонмо көркөм өнөрүнүн борбору Бухара эле. Бул шаардын усталары кылымдар бою келе жаткан көркөм өнөрүн сактап гана калбастан, аны өнүктүрө да алышты. Бухаралык усталардын ар бир чыгармасы өзүнүн касиеттерине ээ болуп, башка шаарларда жаратылган буюмдардан өзгөчөлөнүп турган. Бул чыгармаларга мүнөздүү бай түшүнүк жана өркүндөгөн чебердик, негизинен, түстөр менен орнаменттердин шайкештигинде көркөм чагылдырылган. Ак түс бакыт-таалай менен ийгиликтин символу, кызыл түс шаттыкты жана саламаттыкты туюнткан. Түстөр менен орнаменттердин символу зергерликте, кийимдерде, баалуу таштардан иштелген жасалгаларда үстөмдүк кылган.

***Эсте сакта!***

**XX кылымдын баштарында салттык дубал орнаменттеринде мурда кездешпеген көрүнүштөр – сүзүп бара жаткан кеме, темир жолдор жана жаныбарлар сүрөттөлгөн орнаменттер кирип келе баштады.**

***Жыйынтык чыгарабыз!***

- Ситораи Мохи Хоса – Бухара амиринин жайкы резиденциясы;
- Нуруллабайдын сарайы – Чыгыш жана Батыштын салттары негизинде курулган;
- Бухара жана Хива хандыктары – архитектуранын өзүнө мүнөздүү стилдери;
- Орнаменттик колдонмо көркөм өнөрдүн борбору Бухара эле.

***Суроолор жана тапшырмалар***

1. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын баштарында Түркстандын архитектурасында кандай өзүнө мүнөздүүлүк байкалат?
2. Бухара жана Хива архитектура мектептеринин стилдерин айырмалап бер.
3. Фергана өрөөнүндө качандан баштап орус архитектурасынын салттары күчөдү?
4. Батыш жана Чыгыш салттарынын стилинде курулган имараттарды айтып бер.
5. Түркстан сүрөт көркөм өнөрүндө колонизатордук шарттарда кандай өзгөрүштөр болду?



http://eduportal.uz

# КОРУТУНДУ

XVIII кылымда үч хандыктагы өз ара согуштар, ички чырлар жана бытырандылык өлкөбүздү ээлөө үчүн колонизаторлорго ыңгайлуу шарт түздү. Натыйжада, XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясы Түркстандын элдерин колониялык туткунга салды. Падышалык өкмөт өлкөнү саясий-аймактык жактан гана басып албастан, ошондой эле эмгекчил элди руханий жактан да баш ийдирүүгө аракет жасады. Падышалык өкмөт тарабынан киргизилген саясий түзүлүш өлкөдө колонизатордук бийликти орнотууга жана өзбек улуттук мамлекетчилигин жок кылууга багытталган чараларды ишке ашырды.

Бул жашоонун ырайымсыз бир мыйзам ченемдүүлүгү бар. Башкача айтканда, тарыхый татаал жана чечүүчү бурулуш жасоо учурунда ар кандай улут жана эл өзүнүн ынтымактуулугун жана биримдигин сактап, өзүнүн улуттук кызыкчылыктары жолунда туруктуу болбосо, жоопкерчилик менен сезгирликти жоготчу болсо, акыр-аягында өзүнүн эң чоң, теңи жок байлыгы саналган көз карандысыздыгы менен азаттыгынан айрылышына шек жок.

Чындыгында да, Россия империясынын баскынчылыгы көптөгөн себептер менен бир катарда ошол доордогу аскердик-саясий баш аламандыктын, өлкө өкүмдарларынын алысты көрө албастыгынын, руханий алсыздыгынын натыйжасында ишке ашканын көптөгөн тарыхый мисалдар негиздеп турат. Бул курч чындык бардыгыбызга, айныкса, бүгүн турмушка чоң үмүт жана ишеним менен кирип келе жаткан, сен өңдүү жаш муунга ар дайым сабак болууга тийиш.

Колонизатордук жылдарда курулган пахта чийки затын иштетүү, тоо-кен өнөр жайы, май өнөр жайы, темир жол транспорту жана башка тармактар Россия империясынын өнөр жайынын керектөөлөрүн камсыздоого багытталган эле. Мына ошол ишканалар өндүргөн продукциялардын ташып кетилиши бул ишканалардын пайда көрүшүнө жана өндүрүштү заманбап аспап-инструменттер менен жабдууга мүмкүнчүлүк бербеди.

Россиядан алып келинген өнөр жай товарлары менен атаандашуунун натыйжасында Түркстандын кол өнөрчүлүк-кустардык өндүрүшү кризиске кабылды. Бул болсо, өз кезегинде, өлкөнүн экономикалык жактан Россиядан көз карандылыгын дагы да күчөттү.



http://eduportal.uz

Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов 1998-жылы бир топ интеллигенттер менен болгон жолугушуусунда Түркстанда Россия империясы жүргүзгөн колонизатордук саясаттын натыйжаларын калыстык менен баяндоо милдетин илгери сүрүп, төмөнкүдөй суроо берген: «... ар тараптан коркунучтуу, сырттан караганда элибиз, анын маданияты, улуттук аң-сезими, каада-салттары, жашоо мүнөзү, жалпысынан алганда, түп-тамыры менен жок болуп кетүүгө тийиш болгон шарттарда барибир, бир топ жоготуулар менен болсо да, улутубуз өздүгүн сактап калдыбы же жокпу?»

Албетте, өлкөбүз жетекчисинин бул суроосу жоопсуз калган жок. Тарыхчылар окуу китептерде тарыхый маалыматтардын негизинде Россия империясы колонизаторлорунун оор туткуну шарттарында да элибиз өздүгүн, улуттук баалуулуктарын, маданиятын, каада-салттарын жана жашоо мүнөзүн сактап калгандыгын окуучуга түшүнүктүү кылып жеткирип беришүүдө.

Чындыгында да, колонизатордук шарттарда да ата-бабаларыбыздын боштондукка, өнүгүүгө жана көз карандысыздыкка болгон эзелки кусалык маанайы өчпөдү. Элибиздин жүрөгүнөн түнөк тапкан көз карандысыздык жана боштондук сезими барган сайын кудуреттүү күчкө айланып отурду жана акыр-аягында Өзбекстандын эгемендүүлүгү үчүн бекем негиз жаратты.

## ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. XX кылымдын баштарында Орто Азиянын абалы XIX кылымдын ортолорундагыга салыштырмалуу кандай деңгээлде өзгөрдү?
   Учурдагы дүйнөлүк картанын негизинде маалыматыңды иликтөөгө ал.
2. 1868 жана 1873-жылдагы келишимдер өзбек мамлекетчилигинин тарыхында кандай роль ойноду?
3. Россия империясы баскынынын Орто Азия элдеринин турмуш мүнөзүн өзгөрткөн факторлорун эсепте.
4. «Үч хандык колонизаторлукка каршы бириккенде...» деген темада дебат уюштургула.

# МАЗМУНУ

*Киришүү* .......................................................................................................... 3

**I Б Ө Л Ү М**
**XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОЛОРУНДА ӨЗБЕК ХАНДЫКТАРЫНЫН САЯСИЙ, ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУ**

1-§. XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия өлкөлөрүнүн аймагы жана калкы ......... 5
2-§. XIX кылымдын ортолорунда өзбек хандыктарынын административдик-башкаруу системасы ........................................................................................ 8
3-§. XIX кылымдын ортолорунда өзбек хандыктарынын коомдук-экономикалык турмушу ........................................................................................ 10
4–5-§§. XIX кылымдын ортолорунда Орто Азия калкынын маданий турмушу ........ 14

**II Б Ө Л Ү М**
**РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ОРТО АЗИЯНЫ БАСЫП АЛЫШЫ**

6-§. Россия империясы тарабынан Орто Азияны басып алуу үчүн колонизатордук кыймылдардын башталышы ........................................................ 19
7-§. Ташкенттин басып алынышы ........................................................ 23
8-§. Түркстан генерал-губернаторлугунун түзүлүшү ........................................ 26
9-§. Бухара амирлигине каршы аскердик кыймылдардын башталышы ................. 29
10-§. Бухара амирлигинин үстүнөн Россия империясы протекторатынын орнотулушу .... 31
11-§. Хива хандыгынын үстүнөн Россия империясы протекторатынын орнотулушу . 36
12-§. Кокон хандыгынын басып алынышы ................................................ 39

**III Б Ө Л Ү М**
**РОССИЯ ИМПЕРИЯСЫНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ КОЛОНИЗАТОРДУК САЯСАТЫ**

13-§. Түркстан генерал-губернаторлугунун саясий-административдик башкаруу системасы ........................................................................ 45
14-§. Түркстан өлкөсүндө Россия империясынын жер-суу саясаты ................. 50
15-§. Түркстанда сот системасынын түзүлүшү ........................................ 52
16-§. XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башталышында Түркстанда коомдук-экономикалык жагдай ........................................ 57

**IV Б Ө Л Ү М**
**XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫНДА ТҮРКСТАНДА УЛУТТУК-БОШТОНДУК КЫЙМЫЛДАР**

17-§. Түркстанда улуттук-боштондук кыймылдардын башталышы жана анын себептери ........ 61
18-§. Ташкентте «Холера козголоңу» ................................................ 65
19-§. Андижан көтөрүлүшү ........................................................ 67
20-§. Улуттук-боштондук кыймылдардын мааниси ........................................ 73

## V БӨЛҮМ
## XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА КАРАКАЛПАКТАР

21-§. XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башталышында каракалпактардын аймактык жайлашуусу жана коомдук турмушу .................... 75
22-§. Салыктар жана милдеттенмелер. Элдик көтөрүлүштөр .................................. 78
23-§. Каракалпактар Түркстан генерал-губернаторлугунун курамында ................. 81
24-§. XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башталышында каракалпактардын маданияты ................................................................................ 84

## VI БӨЛҮМ
## ЖАДИДДЕР КЫЙМЫЛЫ ЖАНА АНЫН ТҮРКСТАНДЫН КООМДУК-САЯСИЙ ЖАНА МАДАНИЙ ТУРМУШУНДАГЫ МААНИСИ

25-§. Жадидчилик кыймылынын пайда болушу ................................................... 87
26-§. Жадиддердин программалык максат жана милдеттери .................................. 91
27-§. Жадидчилик кыймылынын өкүлдөрү жана алардын ишмердиги .................. 93
28-§. Жадидчилик кыймылынын Түркстандын коомдук-саясий жана маданий турмушуна таасири ................................................................................ 97

## VII БӨЛҮМ
## ТҮРКСТАН ЖАНА БИРИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ

29-§. Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана анын Түркстанга таасири ...... 101
30-§. Түркстанда 1916-жылкы көтөрүлүштөрдүн башталышы ................................. 103
31-§. Жызак көтөрүлүшү ................................................................................ 106
32-§. Түркстанда 1916-жылкы окуялардын натыйжалары жана мааниси ............... 108

## VIII БӨЛҮМ
## XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ – XX КЫЛЫМДЫН БАШТАЛЫШЫНДА БУХАРА АМИРЛИГИ ЖАНА ХИВА ХАНДЫГЫ

33-§. Бухара амирлигинин мамлекеттик түзүлүшү жана коомдук-экономикалык турмушу ................................................................................ 111
34-§. Жаш бухаралыктардын ишмердиги жана Бухара амирлигинин жоюлушу ............ 117
35–36-§§. XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башталышында Хива хандыгынын мамлекеттик түзүлүшү жана коомдук-экономикалык абалы ............... 121
37-§. Хива хандыгынын жоюлушу ................................................................ 129

## IX БӨЛҮМ
## КОЛОНИЗАТОРДУК ШАРТТАРДА ТҮРКСТАНДА МАДАНИЙ ТУРМУШ

38-§. Билим берүү системасы. Басма сөз ................................................. 135
39-§. Түркстанда илим-билимдин өнүгүшү ................................................. 139
40-§. Театр жана музыка көркөм өнөрү ................................................. 144
41-§. Архитектура жана сүрөт көркөм өнөрү ............................................. 150

*Корутунду* ................................................................................ 155



http://eduportal.uz

Т 49 **Тиллабоев Сойибжон, Замонов Акбар.**

Өзбекстан тарыхы (XIX кылымдын экинчы жарымы – XX кылымдын башталышы): Жалпы орто билим берүүчү мектеплердин 9-классы үчүн окуу китеби. – Т.: БПАК «Sharq», 2019. – 160 б.

**КБК 63.3(5И)я721**

*O‘quv nashri*

**TILLABOYEV SOYIBJON BOQIJONOVICH,**
**ZAMONOV AKBAR TURG‘UNOVICH**

# O‘ZBEKISTON TARIXI

(XIX ASR IKKINCHI YARMI – XX ASR BOSHLARI)

**9-SINF**

*(Qirg‘iz tilida)*

«Sharq» nashriyot-matbaa
aksiyadorlik kompaniyasi
Bosh tahririyati
Toshkent – 2019

Котормочу *Анвар Зулпихаров*
Редактору *Анвар Зулпихаров*
Техникалык редактору *Расул Нафасов*
Компьютерде даярдаган *Мастура Атхамова*

**Басма үйүнүн лицензиясы AI № 201, 28.08.2011**

Басууга уруксат берилди 22.06.2019. Формат 70x90 $^{1}/_{16}$. Гарнитура «Times New Roman». Кегль 12; 11 шпондуу. Офсеттик-басма. Ш.б.т. 11,7. Эсеп.б.т. 9,0. Нускасы 817. Заказ № 463.

**«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын басмаканасы, 100000, Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41.**

http://eduportal.uz

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөткөн жадыбал**

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшыргандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү критерийлердин негизинде толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизи бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| Канааттандырарлуу | Мукабасы эзилген, кыйла чийилип, четтери тытылган, окуу китебинин негизги бөлүгүнөн ажыраган абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу ремонттолгон. Ажыраган барактары кайра ремонттолгон, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлуу эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарсыз ремонттолгон. Беттери жыртылган, барактары жетиштүү эмес, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

http://eduportal.uz

Т 49 **Тиллабоев Сойибжон, Замонов Акбар.**
Өзбекстан тарыхы (XIX кылымдын экинчы жарымы – XX кылымдын башталышы): Жалпы орто билим берүүчү мектеплердин 9-классы үчүн окуу китеби. – Т.: БПАК «Sharq», 2019. – 160 б.

**КБК 63.3(5И)я721**

*O‘quv nashri*

**TILLABOYEV SOYIBJON BOQIJONOVICH,
ZAMONOV AKBAR TURG‘UNOVICH**

# O‘ZBEKISTON TARIXI

(XIX ASR IKKINCHI YARMI – XX ASR BOSHLARI)

**9-SINF**

*(Qirg‘iz tilida)*

«Sharq» nashriyot-matbaa
aksiyadorlik kompaniyasi
Bosh tahririyati
Toshkent – 2019

Котормочу *Анвар Зулпихаров*
Редактору *Анвар Зулпихаров*
Техникалык редактору *Расул Нафасов*
Компьютерде даярдаган *Мастура Атхамова*

**Басма үйүнүн лицензиясы AI № 201, 28.08.2011**

Басууга уруксат берилди 22.06.2019. Формат 70x90 $^{1}/_{16}$. Гарнитура «Times New Roman». Кегль 12; 11 шпондуу. Офсеттик-басма. Ш.б.т. 11,7. Эсеп.б.т. 9,0. Нускасы 95. Заказ № 463-А.

**«SHARQ» басма-полиграфиялык акционердик компаниясынын басмаканасы, 100000, Ташкент шаары, Буюк Турон көчөсү, 41.**

http://eduportal.uz